HR "Justice"

ЕККУ Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги борбору

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы

Кылым шамы

IHRG

Голос свободы
Общественный фонд



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН УБАКТЫЛУУ КАРМОО КАМАКЖАЙЛАРЫНДАГЫ КЫЙНООЛОРДУН АЛДЫН АЛУУ

- МОНИТОРИНГ
- ЖООП КАЙТАРУУ
- РЕАБИЛИТАЦИЯ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН УБАКТЫЛУУ КАРМОО КАМАКЖАЙЛАРЫНДАГЫ КЫЙНООЛОРДУН АЛДЫН АЛУУ

МОНИТОРИНГ. ЖООП КАЙТАРУУ. РЕАБИЛИТАЦИЯ.

БИШКЕК 2011

УДК 351/354
ББК 67.99 (2Ки)1
П 71

Отчет ЕККУнун колдоосу менен ишке ашырылган «Адам укуктарын коргоонун улуттук механизмдерин колдонуу менен Кыргызстандагы кыйноолорго каршы аракет жүргүзүү» долбоорунун жыйынтыктары боюнча даярдалды.

Азимов У.Х., Саякова Д.Ш., Эсенаманова Э.А.
П 71 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН УБАКТЫЛУУ АРМОО КАМАКЖАЙЛАРЫНДАГЫ КЫЙНООЛОРДУН АЛДЫН АЛУУ – Б.; 2011. – 106.

ISBN 978-9967-26-548-6

Отчет мамлекеттик органдарга, бейөкмөт уюмдарга, укук коргоочуларга жана адам укуктары менен эркиндиктерин сактоо маселелерине жана ички иштер органдарынын убактылуу кармоо камакжайларында камакта кармоо шарттарына кызыктар башка адамдарга сунуш кылынат.

Бул отчетто айтылган пикирлер жеке авторлорго таандык болуп эсептелип, ЕККУнун расмий көз карашынын чагылдырылышы катары кабыл алынбашы керек.

Отчетту кыргыз тилине которгон – М.С.Давлетов.

П 1203020200-11

ISBN 978-9967-26-548-6

УДК 351/354
ББК 67.99 (2Ки)1
© Азимов У.Х.,
Саякова Д.Ш.,
Эсенаманова Э.А.

**М А З М У Н У**

**1. КИРИШҮҮ** .......... 5

**2. ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР** .......... 7

**3. ДОЛБООРДУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ** .......... 13

**4. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР ЖАНА НЕГИЗГИ СТАТИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАР** .......... 17

**5. ДОЛБООРДУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ** .......... 21

5.1. УКК ларда АДАМ УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ .......... 21

5.1.1. КОММУНИКАЦИЯЛЫК УКУКТАР .......... 23

A. МААЛЫМАТ АЛУУ УКУГУ .......... 23
B. ДАТТАНУУ МЕНЕН КАЙРЫЛУУ УКУГУ .......... 26
C. СЫРТКЫ ЧӨЙРӨ МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ УКУГУ .......... 28
i. Кат алышуу укугу .......... 29
ii. Жолугушуу укугу .......... 29
iii. кийирүүлөрдү (аманаттарды) алуу укугу .......... 31
iv. Радио берүүлөрдү угуу, телеберүүлөрдү көрүү, гезит-журналдарды окуу укугу .......... 32
5.1.2. КАМАКТА КАРМОО ЖАНА ЖАЙГАШТЫРУУ ТАРТИБИ .......... 33

5.1.3. КАМАКТА КАРМООНУН ШАРТТАРЫ .......... 36

A. МАТЕРИАЛДЫК-ТИРИЧИЛИК ЖАНА САНИТАРДЫК-ГИГИЕНАЛЫК ШАРТТАР .......... 36
B. ТАМАК-АШ .......... 53
C. МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЙЛӨӨ .......... 57
D. КҮН САЙЫНКЫ СЕЙИЛДӨӨ .......... 64
E. ДИНИЙ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРДЫ ЖАСОО УКУГУ .......... 67
F. ЭС АЛУУ ӨТКӨРҮҮНҮ УЮШТУРУУ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯСЫ .......... 68

5.1.4. КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ .......... 70

5.1.5. КАМАКТА КАРМООНУН МЫЙЗАМДУУЛУГУ .......... 77

5.1.6. КОРГОЛУУ УКУГУ .......... 80

5.1.7. ТАРТИП ЖАНА ЖАЗА .......... 86

5.1.8. ШЕК САНАЛУУЧУЛАРДЫН ЖАНА СОТТОЛУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫНЫН УККда САКТАЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ .......... 87

5.1.9. УКК КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ИШ ШАРТТАРЫ .......... 90

5.2. КЫЙНОО КОЛДОНУЛГАНДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ АРЫЗДАРГА ЖООП КАТАРЫ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН АРАКЕТТЕР .......... 94

5.2.1. УККДА КЫЙНОО КОЛДОНУУ ФАКТЫЛАРЫН ДОКУМЕНТТЕШТИРҮҮ. КЫЙНООДОН ЖАПАА ЧЕККЕНДЕРГЕ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ. .......... 94

5.2.2. АДАМ УКУКТАРЫН КОРГООНУН УЛУТТУК МЕХАНИЗМДЕРИН КОЛДОНУУ .......... 97

5.2.3. АДАМ УКУКТАРЫН КОРГООНУН ЭЛ АРАЛЫК МЕХАНИЗМДЕРИН КОЛДОНУУ .......... 98

5.3. КЫЙНООДОН ЖАПАА ЧЕККЕНДЕРДИ РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО .......... 98

**6. ТИРКЕМЕ** .......... 102

## КЫСКАРТУУЛАР ТИЗМЕСИ:

АСУЭП (МПГПП) – Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт[1]

БУУ негизги принциптери – БУУнун юристтердин ролуна тийиштүү негизги принциптери[2]

ЕККУ (ОБСЕ) – Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм

Жалпы декларация – Адам укуктарынын жалпы декларациясы

ИИБ (УВД) – Ички иштер башкармалыгы

ИИМ (МВД) – Ички иштер министрлиги

ИИО (ОВД ) – Ички иштер органы

Ички тартип (санжап) эрежелери – "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убакылуу кармоочу изоляторлорунун ички тартибинин эрежелери".[3]

Камакта кармоо тартиби жөнүндөгү мыйзам – Кыргыз Республикасынын "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" 2002-ж. 31-октябрындагы N150-мыйзамы[4]

КБК (ОНС) – Коомдук байкоочу кеңеш

КИБ (ОУР) – Кылмышкер издөө бөлүмү

КР – Кыргыз Республикасы

КР КЖК (УК КР) – Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси[5]

КР ЖПК (КР УПК) – Кыргыз Республикасынын Жазык-процесс кодекси[6]

Минималдык стандарттык эрежелер – камактагыларга мамиле жасоонун минималдык

стандарттык эрежелери[7]

Принциптер жыйнагы – Тигил же бул формада кармалууга же камалууга дуушар болгон бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйнагы[8]

РИИБ (РОВД) – Райондук ички иштер бөлүмү

ТКЖ (СИЗО) – Тергөө камакжайы

УИИБ (УВДТ) – Унаадагы ички иштер башкармалыгы

УКК (ИВС) – Убактылуу кармоо камакжайы

ШИИБ (ГОВД) – Шаардын ички иштер бөлүмү

---

1 БУУ Генералдык Асамблеясынын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган.

2 БУУнун кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга мамиле кылуу боюнча сегизинчи Конгрессинде кабыл алынган, Гавана, Куба, 1990-ж. 27-август у–7-сентябры.

3 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2-февралындагы N57-токтому менен бекитилген.

4 Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 11-июнундагы N100, 2004-жылдын 13-августундагы N124, 2004-жылдын 19-августундагы N158, 2007-жылдын 25-июнундагы N91 мыйзамдарынын, КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 17-сентябрындагы ВП N128 Декретинин, Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы N99, 2011-жылдын 19-октябрындагы N180 мыйзамдарынын редакциясында.

5 Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 1-октябрындагы № 68 «Кылмыш-жаза кодекси» КР 21 сентябрь 1998 г. №124, 9 декабрь 1999 г. №141, 23 июль 2001 г. №77, 19 ноябрь 2001 г. №92, 12 март 2002 г. №36, 22 июнь 2002 г. №109, 8 июль 2002 г. №115, 16 октябрь 2002 г. №141, 17 февраль 2003 г. №36, 11 июнь 2003 г. №98, 11 июнь 2003 г. №99, 11 июнь 2003 г. №100, 5 август 2003 г. №192, 9 август 2003 г. №193, 24 август 2003 г. №199, 14 ноябрь 2003 г. №221, 15 ноябрь 2003 г. №223, 15 февраль 2004 г. №13, 7 март 2004 г. №17, 23 март 2004 г. №46, 26 июль 2004 г. №99, 27 июль 2004 г. №101, 15 декабрь 2004 г. №191, 5 август 2005 г. №122, 5 январь 2006 г. №1, 6 февраль 2006 г. №35, 13 февраль 2006 г. №56, 13 февраль 2006 г. №57, 8 август 2006 г. №156, 8 август 2006 г. №158, 8 август 2006 г. №159, 22 ноябрь 2006 г. №182, 22 ноябрь 2006 г. №183, 28 декабрь 2006 г. №211, 28 декабрь 2006 г. №216, 29 декабрь 2006 г. №230, 12 февраль 2007 г. №16, 25 июнь 2007 г. №91, 31 июль 2007 г. №129, 6 август 2007 г. №131, 10 август 2007 г. №150, 15 август 2007 г. №152, 23 июнь 2008 г. №131, 7 июль 2008 г. №138, 18 июль 2008 г. №151, 5 август 2008 г.№199, 17 октябрь 2008 г. №223, 17 октябрь 2008 г. №231, 29 декабрь 2008 г. №274, 29 декабрь 2008 г. №275, 19 январь 2009 г. №8, 20 февраль 2009 г. №58, 20 февраль 2009 г. №60, 17 март 2009 г. №83, 8 мая 2009 г. №150, 17 июль 2009 г. №230, 17 июль 2009 г. №234, 24 июль 2009 г. №246, 13 октябрь 2009 г. №271, 20 ноябрь 2009 г. №301, 17 декабрь 2009 г. №309, 10 февраль 2010 г. №27, 11 июль 2011 г. №89, 26 июль 2011 г. №141, 26 июль 2011 г. №143, 18 октябрь 2011 г. №177, 27 октябрь 2011 г. №185, 1 ноябрь 2011 г. №195, 10 ноябрь 2011 г. №204 мыйзамы менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор.

6 Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 30-июнундагы № 62 Жазык-процесстик Кодекси. КР 22 июнь 2001 г. №55, 28 июнь 2001 г. №62, 4 август 2001 г. №81, 20 март 2002 г. №41, 16 октябрь 2002 г. №141, 13 март 2003 г. №61, 11 июнь 2003 г. №98, 5 август 2003 г. №192, 14 ноябрь 2003 г. №221, 24 март 2004 г. №47, 28 март 2004 г. №52, 24 мая 2004 г. №68, 8 август 2004 г. №111, 22 июль 2005 г. №112, 6 февраль 2006 г. №35, 19 июль 2006 г. №123, 8 август 2006 г. №157, 24 ноябрь 2006 г. №188, 29 декабрь 2006 г. №232, 9 февраль 2007 г. №13, 13 июнь 2007 г. №87, 25 июнь 2007 г. №91, 25 июнь 2007 г. №93, 14 июль 2008 г. №142, 14 июль 2008 г. №143, 18 июль 2008 г. №144, 5 август 2008 г. №193, 17 октябрь 2008 г. №220, 17 июль 2009 г. №225, 17 июль 2009 г. №231, 17 июль 2009 г. №234, 24 июль 2009 г. №246, 12 октябрь 2009 г. №267, 12 октябрь 2009 г. №268, 26 октябрь 2009 г. №288, 26 октябрь 2009 г. №289, 10 февраль 2010 г. №27, 25 февраль 2010 г. №35, 11 июль 2011 г. №89, 26 июль 2011 г. №141, 9 август 2011 г. №152, 27 октябрь 2011 г. №186, 16 ноябрь 2011 г. №214 мыйзамы менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор.

7 БУУнун кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуучуларга мамиле кылуу боюнча биринчи Конгресинде 1955-ж. 30-августунда кабыл алынган.

8 БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 1988-ж. 9-декабрындагы №43/173 Резолюциясы менен бекитилген.

# 1. КИРИШҮҮ

Коомчулуктун КРнын камакта кармоо жайларына кирүү мүмкүнчүлүгү толугу менен ошол мекеменин администрациясынын ыктыярына көз каранды болуп, анын кирүүгө уруксат берүүгө да, бербөөгө да акысы бар. Ушул себептен улам камакта кармоо жайларына бейөкмөт уюмдардын (БӨУ) өкүлдөрүнүн барып келиши көбүнесе бир жолку же мезгил-мезгил менен болчу мүнөзгө ээ. Аздыр-көптүр ырааттуу жүргүзүлгөн мониторинг, тилекке каршы, өз алкагына айрым гана аймактардагы жабык мекемелерди алат. Камакта кармоо жайларында адамдык укуктар менен эркиндиктер, анын ичинде кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу канчалык сакталгандыгынын бүгүнкү күндө жетишсиз деңгээлде изилденгендигин белгилүү бир өлчөмдө мына ушуну менен түшүндүрсө болот.

Ошентсе да, бейөкмөт уюмдар тарабынан камакта кармоо жайларында жүргүзүлгөн мониторинг учурунда аныкталып, документтештирилген бузуулар өлкөнүн жабык мекемелеринде адамдык укуктарды сактоого байланыштуу жагдай дагеле курч бойдон калууда деп тыянак чыгарууга негиз берет.

Өлкөнүн бардык аймактарындагы ички иштер органдарына (ИИО) караштуу убактылуу кармоо камакжайларын (УКК) мониторингге алууну камтыган кеңири масштабдуу изилдөө жүргүзүүнүн зарылчылыгы адамдардын укугун сактоону көзөмөлдөө бүгүнкү күндө анча натыйжалуу болбогон шартта ошол мекемелердин ар биринде адам укуктарына жана эркиндиктерине байланыштуу жагдай кандай болгондугу туурасында документтештирилген жалпы маалымат жок болгондугунан келип чыкты.

Колуңуздардагы отчет КР ИИО УККларында 2011-жылдын 1-июлунан 30-ноябрына чейинки мезгилде “Адам укуктарын коргоонун улуттук механизмдерин колдонуу менен Кыргызстандагы кыйноолорго каршы аракет жүргүзүү” долбоорунун чегинде ЕККУнун Бишкектеги Борбору менен ЕККУнун Оштогу жергиликтүү бюросунун каржылык колдоосу аркасында жана КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) менен анын Аппаратынын жигердүү катышуусу менен жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарынын корутундусу болуп эсептелет.

Отчет мамлекеттик органдар, бейөкмөт уюмдар, укук коргоочулар жана адам укуктары менен эркиндиктерин сактоо маселелерине жана жалпы КР жабык мекемелеринде, анын ичинде ИИО УККларында кармоо шартарына кызыгуу көрсөткөн башка адамдар үчүн дайындалган. Отчетто кылмыш жасаган деп шек саналган жана айыпталган, административдик камакка алынган адамдарды камакта кармоонун тартиби менен шарттарын жакшыртууга жана КР тарабынан адамдык укуктар менен эркиндиктер чөйрөсүндөгү эл аралык макулдашуулардын чегиндеги милдеттенмелеринин аткарылуусуна көмөк көрсөтүүнү көздөгөн тыянактар менен сунуштамалар кыскача баяндалган.

Отчеттун биринчи бөлүгү парламентке, өкмөткө жана тийиштүү мамлекеттик органдарга даректелген сунуштамалар тизмесин камтыйт. Бул сунуштамалар долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө алынган маалыматтарды жалпылоонун негизинде иштелип чыккан.

Долбоор методологиясынын баяндалышы, анын ичинде долбоордун максаттары, милдеттери, анын негизги курамдык бөлүктөрү жана анын чегинде өткөрүлгөн иш чаралар тууралуу жалпы маалымат отчеттун экинчи бөлүгүндө камтылган.

Отчеттун үчүнчү бөлүгү ИИО УККларын мониторингден өткөрүүнүн жыйынтыктарынын жалпы статистикалык маалыматтарды кошкондогу сыпаттамасын, анын ичинде таблицалар жана диаграммалар түрүндөгү маалыматтарды, ошондой эле камактагыларга жасалган мамилелердин өз алдынча стандарттары боюнча укук колдонуу тажрыйбасындагы жагдайды камтыйт. Кошумча түшүндүрмөлөр, улуттук мыйзамдарга шилтемелер жана статистикалык маалыматтарды анализдеген кыска тыянактар таблицалар менен диаграммалардын үстү жана/же асты жагында келтирилген. Отчеттун ушул эле бөлүгү байкоочулардын отчетторунан алынган мисалдар менен да кошумчаланган.

Долбоор командасынын мониторинг учурунда табылган кыйноо жана катаал мамиле кылуу фактыларын документтештирүү боюнча иш-аракеттеринин, ошондой эле укук коргоонун улуттук жана эл аралык механизмдерин колдонуу менен жоопкайтаруу чараларынын баяндалышы ушул отчеттун төртүнчү бөлүгүндө келтирилген.

Отчеттун акыркы бөлүгү өз ичине кыйноо менен катаал мамиледен жапаа чеккендерди реабилитациялоонун долбоордун чегинде көрүлгөн иш-чаралары жөнүндөгү жалпы маалыматтарды камтыйт.

Долбоордун командасы төмөнкүлөргө өз ыраазычылыгын билдирмекчи:

- ЕККУнун Бишкектеги Борбору менен ЕККУнун Оштогу жергиликтүү бюросуна – көрсөткөн каржылык колдоосу жана изилдөө жүргүзүү менен ушул отчетту жарыялоодо берген жардамы үчүн;
- Фридом Хаустун “Кыргызстанда адам укуктарын бекемдөө” Долбооруна – көрсөткөн каржылык колдоосу жана УККлардагы камакта кармоо шарттарына мониторинг жүргүзүүдө берген жардамы үчүн;
- КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Турсунбек Акунга жана анын Аппаратынын кызматкерлерине – мониторинг топторунун мүчөлөрүн КР ИИО УККларына кирүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылгандыгы жана изилдөө жүргүзүүгө жигердүү катышкандыгы үчүн;
- Жарандык коом институтунун Президенти (Ереван ш., Армения), БУУнун кыйноолорго каршы Комитетиндеги кыйноолордун алдын алуу комитетчесинин мүчөсү Арман Данիелянга – байкоочуларды үйрөтүү жана ИИО УККларына мониторинг жүргүзүүнүн бирдиктүү ыкмаларын иштеп чыгуу жараянында берген эксперттик жардамы үчүн.

Изилдөө жүргүзүүдө көмөк көрсөтүшкөнү үчүн өзгөчө ыраазычылыгыбызды КР ИИО жана мониторинг жүргүзүлгөн ИИО УККларынын кызматкерлерине, ошондой эле камакта болуп, сурамжылоого катышкан адамдарга билдиребиз.

## 2. ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

ИИО УККларын мониторингдөөнүн жыйынтыктары боюнча иштелип чыккан сунуштамалар КР ИИО УККларында камакта кармоонун тартиби менен шарттарын камактагыларга мамиле кылуунун минималдык стандарттык эрежелерине ылайык өркүндөтүү максатын көздөп, ошол мекемелерде адам укуктарын сактоо жагдайын жакшыртууга багытталган.

Бардык сунуштамалардын негизине кыйноо колдонууга чексиз тыюу салган эл аралык стандарттар, кыйноо колдонгондугу жөнүндөгү ар бир даттанууну натыйжалуу тергөө жана кыйноо көрсөткөндүгү үчүн сөзсүз түрдө жазага тартуу талабы, адам укуктары боюнча эл аралык уюмдардын, маселен, БУУнун кыйноого каршы Комитетинин айкын сунуштары, ошондой эле кыйноо колдонууга каршы күрөшүү маселесине карата Универсалдык мезгилдүү серептин чегинде 2010-жылдын июнунда Кыргызстандын дарегине келип түшкөн акыркы сунуштар коюлган.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

Тыянак: *КР кыйноо колдонуу үчүн жазык жоопкерчилигин белгилеген улуттук мыйзамдары кыйноолорду натыйжалуу кылмыштуулоо стандарттарына толук өлчөмдө жооп бербейт.*

Сунушмалар:

1. Кыйноолордун БУУнун кыйноого каршы Конвенциясынын талаптарына толук ылайык келгендей кылып кылмыштууланышын, "кыйноо" конвенционалдык түшүнүгүнүн туура жана толук маанисинде колдонулушун камсыз кылуу максатында КР Кылмыш-жаза Кодексинин (КЖК) 305-1 беренесине ("Кыйноо") тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Ошону менен, БУУнун кыйноого каршы Конвенциясы талап кылгандай, кыйноо курамынын субъективдүү жагынын факультативдүү белгилеринин тизмесинин (максаты жана жүйөлөрү) кеңейишин камсыз кылуу, кыйноо үчүн жазалоону катаалдантып, кылмыштын оор жана өзгөчө оор катары квалификацияланышына шарт түзүү керек.
2. Кыйноо үчүн жоопкерчиликти белгилөөчү беренелердин бири-бирин кайталоосун жоюу максатында, кыйноого тиешеси бар беренелерге (304-берене – "Кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу", 305-берене – "Кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабуу", 316-берене – "Шалакылык", 325-берене – "Көрсөтмөлөрдү берүүгө мажбурлоо", 332-берене – "Көрсөтмөлөрдү берүү же көрсөтмөлөрдү берүүдөн качуу, же болбосо туура эмес которуу үчүн паралап сатып алуу же мажбурлоо") керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.
3. КР "Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө" мыйзамынын 4-беренесине КР Кылмыш-жаза Кодексинин 305-1 беренесинде каралган кылмышты жасагандыгы үчүн айыпталгандарга карата мунапыс колдонууга жол берилбегендиги тууралуу өзгөртүү киргизүү зарыл. Ошону менен БУУнун кыйноого каршы Комитетинин 1999-жылдын 18-ноябрындагы кыйноого байланыштуу кылмыштарга карата мунапыс жөнүндөгү мыйзамдын колдонулбоосу мамлекет тарабынан камсыз кылынышы керектиги айтылган сунуштамасы аткарылат.

Тыянак: *Кылмыш жасаган деп шек саналган жана айыпталган адамга карата кыйноолор негизинен күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөлөрүн бердирүү максатында колдонулат. Процессуалдык мыйзамдарга кыйноо менен катаал мамиле жасоонун алды алынарына кошумча кепилдик берген өзгөртүүлөрдү киргизүү ылаазым.*

Сунуштамалар:

1. КР Жазык-процесс кодексине укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин тергөө жүрүшүндө айыпты моюнга алуу көрсөтмөлөрүн "кагып чыгаруусуна" жол бербөө максатында сот жүрүмүндө берилген көрсөтмөлөргө артыкчылык бере турган өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. КР ЖПКнын 81-беренесинде ("Далилдер") кылмыш катары жазалануучу аракеттерди жасаган деп шек саналган, айыпталган адамдын (адамдардын) жазык иши боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө берилген, бирок сот учурунда ал (алар) тараптан ырасталбаган

көрсөтмөлөрү жарабай турган далилдер болуп эсептелерин белгилеген ченемди бекитүү керек. Демилгеленип жаткан ченемдин тийиштүү түрдө сакталышын камсыз кылуу кыйноо колдонуп, күнөөнү моюндоо көрсөтмөлөрүн алуу зарылчылыгын жокко чыгарат, анткени мындай көрсөтмөлөр адамдын айыптуулугун соттон аныктоодо чечүүчү мааниге ээ болбой калат.

КР ЖПКсына жана "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" Мыйзамына шек туудурган адамдын өзүнүн кармалгандыгы жана кармалган жери тууралуу кабар берүү максатында үй-бүлөсүнөн кимдир бирөө менен, ал эми үй-бүлөсүнөн эч ким жок болсо, башка тууганы же өзү каалаган башка адам менен бекер сүйлөшүү укугун беките турган ченемди киргизүү зарыл.

2. КР "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесине өзгөртүү киргизип, жоболору сот жүрүмүндөгү тараптардын тең укуктуулук принцибин жана жактоого ээ болуу укугун бузган "жактоочуга жолугушуу анын колунда жазык ишине жактоочу катышкандыгы туурасында тергөөчү, прокурор, ошол жазык ишин жүргүзгөн сот тарабынан берилген кат түрүндөгү ырастоо болгон учурда гана берилет" деген талапты алып таштоо зарыл.
3. КР ЖПКсынын "Соттолуучуну кайтарууда кармоодон бошотуу" 325-беренесинен соттоолучу акталган, ошондой эле айыптоо өкүмү жаза белгилебей, же болбосо жаза өтөөдөн бошотуу, же шарттуу түрдө соттоо, же эркиндиктен ажыратууга байланыштуу болбогон жазага соттоо, өндүрүш тарабынан кылмыш-жаза ишин токтотуу менен токтомдолгон учурда камак алдында болгон айыпталуучу өкүм мыйзамдык күчүнө киргенден кийин гана дароо бошотулууга тийиш экендиги жөнүндөгү жобону алып таштоо зарыл.
4. "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" Мыйзамына төмөнкүлөргө толук тыюу салган кошумчалоолорду киргизүү зарыл:
    а) камактагыларга тийиштүү болуп, жактоочуга, КР Жогорку Кеңешинин депутаттарына, КР Акыйкатчысына (Омбудсменге), ошондой эле адам уктары боюнча эл аралык органдарга жолдонгон кат-кабарларды электөөгө (цензура);
    б) жашы жетелектерди "оң мүнөздөмөлөнгөн" чоң кишилир менен бир УКК камераларында кармоого.

Тыянак: *КР ЖПК ченемдерине ылайык, алгачкы тергөө органдарынын кылмышты токтотууга, ошондой эле аны жасаган адамдарды табууга (кылмыштын бетин ачууга) багытталган изин суутпай (ыкчам) издөө иш-чаралары кылмыш-жазык сот өндүрүшүнүн обочолонгон болсо да, бир бөлүгүн түзөт жана, КР ЖПКсынын 1-беренесине ылайык, КР ЖПК ченемдери менен жөнгө салынат. КР ЖПКнын бир дагы ченеми изин суутпай издөө иш-чараларынын тартибин жөнгө салбайт, аларды жүргүзүүгө катышкан адамдардын статусун аныктабайт, эң негизгиси болсо, алардын уктары менен милдеттерин эске албайт. Бул маселелер "Изин суунтпай издөө иши жөнүндө" Мыйзамында жөнгө салынган деп эсептелет. Бирок бул андай эмес. Кылмышкер издөө бөлүмүнүн ыкчам аракет ыйгарым укуктуу кызматкерлери кылмышка тийиштүүлүгү текшерилип жаткан адам кармалбастан, жөн гана маектешүүгө чакырылган жана "Изин суутпай издөө иши жөнүндө" мыйзамында ыкчам издөөнүн "сураштыруу" иш-чарасы жүргүзүлүп жатканда адвокаттын катышуусу каралбаган деген негизде ошол адамга адвакатты жолотпогон учурлар сейрек эмес. Аталган мыйзамда айкын ченем жок болгондуктан, Кодекстин 1-беренеси талап кылгандай, аны КР ЖПКга жазуу ылаазым.*

<u>Сунуштамалар</u>:

1. КР ЖПКсына кылмышты токтотууга, ошондой эле аны жасаган адамдарды табууга багытталган ыкчам (изин суутпай) издөө иш-чараларын жүргүзүүнүн тартибин, аларды жүргүзүүгө катыштырылган адамдардын статусун, ошол адамдардын уктары менен милдеттерин жөнгө салган кошумча ченемдерди киргизүү зарыл.

Тыянак: *КР Конституциясынын Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген жана тийиштүү мыйзамдуу тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле жалпы таанылган*

*принциптер менен эл аралык укук ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системинин курамдык бөлүгү болуп саналарын жана адам укугу боюнча эл аралык келишимдер түз таасир берип, башка эл аралык келишимдердин ченемдерине караганда артыкчылыкка ээ экендигин билдирген жоболорунун сакталышы камсыз кылынбай келет.*

Сунуштамалар:

1. Кыргыз Республикасы адам укуктары менен эркиндиктери чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер боюнча өз милдеттенмелерин аткарып жаткандыгына жана ошол милдеттемелердин аткарлышы тууралсында мезгилдүү отчетторду өз убагында берип тургандыгына Парламеттин туруктуу көзөмөл жүргүзүүсүн камсыз кылуу.
2. Улуттук алдын алуу механизми катары БУУнун кыйноолорго каршы Конвенциясына Кошумча протоколдун чегинде кыйноолорго жол бербөөгө карата жаңыча мамиленин түптөлүшү менен натыйжалуу колдонулушуна кол кабыш кылуу.
3. БУУнун кыйноолорго каршы Конвенциясынын 22-беренесине ылайык, кыйноодон эркин болуу укугунун бузулушу жөнүндө жеке кайрылууларды кароону БУУнун кыйноолорго каршы Комитетинин компетенциясына киререрин тааныгандыгын жарыя кылуу.
4. Адам укутары менен эркиндиктеринин бузулгандыгын аныктоочу адам укуктары боюнча эл аралык органдардын чечимдеринин Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылышынын натыйжалуу механизмин иштеп чыгууга көмөк көрсөтүү.

Жогоруда келтирилген тыянактардын негизинде текеден-тике Өкмөткө, Башкы прокуратурага, Жогорку Сотко, ИИМге жана КР ИИО УККларынын администрацияларына даректелген сунуштамалар калыптанып чыкты.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

Сунуштамалар:

1. Ырааттуу түрдө адамдын укуктары менен эркиндиктеринин, анын ичинде камакта кармоо жайларында, сакталышына мониторинг жүргүзүп туруу.
2. Адам укуктары боюнча эл аралык органдарга эл аралык келишимдерге байланыштуу алынган милдеттенмелердин орундалышы жөнүндө мезгилдүү баяндамалардын өз убагында жана сапаттуу берилишин жана алардын сунушмаларын аткаруу боюнча иш-чаралардын жүргүзүлүшүн камсыз кылуу.
3. Камакта кармоо жайларында кыйноолор менен катаал мамиле жасоого жол бербөө жана камакта кармоо шарттарын жакшыртуу боюнча стратегияны иштеп чыгуу, аны координациялоо менен аткарылышына байкоо жүргүзүүнү, ошондой эле аны иш жүзүнө ашырууга түздөн түз катышуууну камсыз кылуу.
4. Кыйноо колдонуу менен катаал мамиле кылууга алып келген себептер менен шарттарды жоюуга, коомчулуктун адам укуктары менен аларды коргоо жаатындагы мыйзамдар тууралсында кабардар болушунун деңгээлин жогорулатууга багытталган агартуу жана билим берүү иш-чараларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу.
5. Коомдо кыйноого жана катаал мамиле жасоого карата түтүмсүздүктүн (нетерпимость) калыптануусуна жана элдин алар менен күрөшүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүүсүнө, кыйноолор жана катаал мамиле жасоо менен күрөшүү жаатында эл аралык кызматташуунун өнүгүүсүнө кол кабыш кылуу.
6. Коомчулукка укуктар менен эркиндиктер тууралсында кеңири маалымат берилүүсүн камсыз кылуу, мамлекеттик органдардагы кызматкерлерге адамдын укуктары менен эркиндиктери маселелери боюнча ушул чөйрөдөгү эксперт-адистерди тартуу менен ырааттуу түрдө билим берүүнү уюштуруу боюнча чараларды көрүү.
7. ИИО жана башка органдардын УККлары жөнүндө УККлардын адамдарды камакта эл аралык стандарттар менен КР мыйзамдарына толук ылайык келгендей татыктуу, гумандуу жана коопсуз шартта кармоо боюнча милдеттерин так аныктаган жобону иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

8. Камакта татыктуу шартта кармоону мүмкүн кылуу үчүн тез арада керектүү көлөмдө каржылоону камсыз кылуу.
9. УККларда кармалган адамдардын укуктары менен эркиндиктерине, аларды кармоо шарттарына, УККларда отуруу эрежелерине, тартипти бузуулар үчүн таасир берүү чараларына, даттанууларды кароо тартибине тиешелүү бардык документтерден чектөөчү жашырындык грифтерин алып таштоо максатында өкмөттүн, министрликтер менен ведомстволордун бардык ченемдик актыларын карап, текшерип чыгуу.
10. Көзкарандысыз медициналык экспертиза институтун демилгелеп, ошону менен мамлекеттик соттук-медициналык экспертизанын иш-аракетиндеги монополиянын жоюлушуна өбөлгө түзүү.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

Сунуштамалар:

1. КР Башкы прокурорунун 2011-жылдын 12-апрелиндеги "Кыйноону жана мамиле жасоо менен жазанын адамкерчиликсиз, ырайымсыз жана кадыр-барк кетирүүчү башка түрлөрүн колдонууга тыюу салынышынын конституциялык кепилдигин камсыздоого прокурордук көзөмөлдү күчөтүү жөнүндө" №40-Буйругунун так аткарылышын камсыз кылуу.
2. Кызмат адамдарын кыйноо колдонгондугу үчүн айыптоо боюнча тергөө жүргүзө турган прокурорлор адистештирүүсүн киргизүү.
3. Ишти уюштурууда кылмыш үчүн куугунтуктоо (тергөө), мыйзамдуулукка көзөмөл жүргүзүү жана соттон мамлекет атынан айыптоо боюнча башкы милдеттерди аткарууда кызыкчылыктардын кагылышына жол бербөө.
4. Камакта кармоо жайларынан келип түшкөн даттанууларды жашырындык принцибин толуп сактоо менен кабыл алуунун жана кароонун натыйжалуу механизмин камсыз кылуу.
5. Катаал мамиле жасалган же кыйноо колдонулган ар бир учур боюнча кылдаттык менен тергөө жүргүзүп, бул категорияга кирген иштерди өзүнчө өндүрүшкө бөлүп коюу.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна**

Сунуштама:

1. Кыйноолор жана катаал мамиле жасоо жөнүндөгү иштер боюнча сот тажрыйбасын изилдеп, жалпылоо. Кандай гана таризде же көрүнүштө болбосун, кыйноо колдонуу үчүн жазанын болбой койбостугун камсыз кылуу максатында кыйноо колдонулгандыгы жөнүндө түшкөн кабарлардын ар бири ар тараптуу, толук жана объективдүү сот териштирүүсүнө алынып, мыйзамдуу жана негиздүү өкүм чыгарылсын үчүн КР Жогорку сотунун Пленумунун атайын токтомун демилгелөө.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министирлигине**

Сунуштама:

1. КР ИИО УККларында камакта олтурган адамдардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын кепилдикке алган КР мыйзамдарынын жана башка ченемдик актыларынын ИИО кызматкерлери тарабынан милдеттүү түрдө аткарылышын жана бузуулар жөнүндөгү бардык фактылардын кылдаттык менен тергөөгө алынышы менен, кызмат орду менен сиңирген эмгегине карабастан, аларды кетиргендерге карата сөзсүз жаза колдонулушун камсыз кылуу.
2. Укук сактоо органдарынын жүргүзүлүп жаткан реформасынын чегинде ИИО ишмердүүлүгүн баалоонун жаңы чен-өлчөмдөрүн аныктап, кылмыштардын ачылышын ички иштер кызматкерлеринин ийгиликтүү иштегендигинин чен-өлчөмү катары колдонуудан алып таштоо.
3. Бул чөйрөдөгү адис-эксперттерди тартуу менен ИИО кызматкерлерине адам укуктары менен эркиндиктери маселелери боюнча ырааттуу түрдө билим берүүнү уюштуруу.
4. Камакта кармалган адамдарды үч маал жакшы тамактандырууга жана ичүүгө жарактуу суу менен такай камсыз кылууга керектүү каражаттарды табуу.

5. УККларда тергөө бөлмөлөрүн, жолугушуу өткөрүү жайларын, тамак жылытуу бөлмөлөрүн, кармалгандардын төшөнчүлөрү менен жеке буюмдарын сактоо бөлмөлөрүн, медициналык текшерүү бөлмөлөрүн, кызматкерлер бөлмөлөрүн жана дезинфекциялоо камерасы бар санитардык тазалоочу жайларды ачууга керектүү каражаттарды табуу.
6. ИИО УКК кызматкерлерин өз кызматтык милдеттерин үзүрлүү аткарууга өбөлгө түзгөн шартарда иштөө мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу, иш шарттарынын айрыкча оор болгондугун эсепке алып, тийиштүү жеңилдик каражаттарын төлөп берүү маселелерин убагында чечүү.
7. КР Саламаттык сактоо министрлигинин карамагындагы медицина кызматкерлеринин (дарыгер, фельдшер) УККларда иштөөсүнө керектүү шарттарды түзүп берүү.
8. Кармалгандарга медициналык тейлөө кызматынан пайдаланууга күндүз да, түн ичинде да мүмкүнчүлүк берүү. Зарыл болгон медициналык препараттар менен дары-дармектерди такай толуктап турууга каражат табуу.
9. КР Саламаттык сактоо министрлиги менен биргелешип, камактагылардын УККга түшкөн учурдагы жана УКДдан тергөө иштерин жүргүзүүгө чыгаргандан кийин кайра алынып келген учурдагы ден-соолук абалынын жана денесинин зыянга учурагандыгын каттоо үчүн Бирдиктүү медициналык күбөлөндүрүү формасын иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү.
10. Ар бир УКНы аларда кармалгандарга карата кыйноо колдонуу жана катаал мамиле кылуу фактыларынын алдын алуу максатында жана кызматкерлердин коопсуздугу үчүн көрмө-байкоо каражаттары менен камсыз кылуу. Көрмө-жазма материалдарын өз каалоосу менен көрүүгө, өзгөртүүгө жана жок кылууга мүмкүнчүлүк бербөө үчүн аларды отчеттуулук документтери мүнөзүнө ээ кылуу. Ошол көрмө-жазмаларды сактоонун тартибин жана мөөнөтүн белгилөө.
11. ИИО кызматкерлерине, ошону менен бирге ыкчам (изин суутпай) издөө кызматтарынын, тергөө бөлүмдөрү менен адамдарды камакта кароо шарттарын камсыздоо кызматтарынын кызматкерлерине укуктук тарбия жана билим берүү системин кайра карап чыгып, такай өркүндөтүп туруу. Өзгөчө көңүлдү алардын адеп-ахлактык жана кесиптик сапаттарына буруу.
12. ИИМ психологиялык кызматынын, анын ичинде бардык аймактык бөлүмдөрүнүн натыйжалуу иштешин камсыз кылуу.

**Убактылуу кармоо камакжайынын администрациясына**

Сунуштамалар:

1. Адам УККга түшкөндө ага кармалгандардын укуктары, УКНын ички санжап (тартип) эрежелери, тартип бузуу болуп саналган жоруктардын мүнөзү, тартипке келтирүү чаралары, алардын колдонулушуна даттануу тартиби, бардык маселелер боюнча арыз менен кайрылуу жол-жоболору тууралуу кат түрүндө маалымат берүү.
2. Камералардын ар биринде кыргыз жана орус тилдеринде (мүмкүн болсо, башка да тилдерге) укуктар жана эрежелер жөнүндөгү маалымат такталарын (плакаттарды) жайгаштыруу.
3. Улуттук мыйзамдар тарабынан бир кишиге 3,25 чарчы метр өлчөмүндө белгиленген стандарттын сакталышын камсыз кылуу үчүн камералардын ашыра толушуна жол бербөө чаралар системин иштеп чыгуу.
4. Бардык УКК документтерин, айрыкча камактагылардын ден соолугунун абалына же денесине зыян келгендигине байланыштуу кайрылууларын каттоо журналын, УККга жаңы келгендерди жана тергөө иштерин жүргүзүү үчүн сыртка чыгарылып, кайра УККга алынып келгендерди күбөлөндүрүү журналын тыкаттык менен толтуруу.
5. Ырааттуу түрдө санитардык-эпидемиологиялык иш-чараларды, УКК имарат-жайларынын дезинфекциясын, дезинсекциясын жана дератизациясын өткөрүү.
6. Камералардын терезелериндеги тыгыз коюлган, майда тешиктүү эки кат металл торду камерага күндүзгү жарык менен таза аба кире алгандай торго алмаштыруу.
7. Камактагылардын ар бирин жеке төшөнчү-орунчу менен камсыз кылуу.
8. Камактагыларды үч маал жакшы ысык тамак менен камсыз кылуу.
9. Камактагыларды медициналык тейлөөдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу.
10. Камактагылардын баарына күнүнө бир сааттан кем эмес сейилдөө мүмкүнчүлүгүн берүү. Сейилдөө короолорун жаан жана кар калкалары, орундуктар, спорт шаймандары менен жабдуу.

11. Китепкананы жабдуу.
12. Камактагылардын ар бирин сырткы чөйрө менен байланышуу мүмкүнчүлүгү жана жолугушуу өткөрүү үчүн тийиштүү шарттар менен камсыз кылуу.
13. Жашы жетелектерди УККларга камоо тажрыйбасы толугу менен жоюлганга чейин, жашы жетпегендердин чоңдордон бөлөк жайгаштырылышын камсыз кылуу.
14. Камактагылардын ар бирин өздүк гигиена буюмдары менен камсыз кылып, аларга гигиена процедураларын жекече өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берүү.

## 3. ДОЛБООРДУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

“Адам укуктарын коргоонун улуттук механизмдерин колдонуу менен Кыргызстандагы кыйноолорго каршы аракет жүргүзүү” долбоору 2011-жылдын 1-июлунан тартып 30-ноябрына чейинки мезгилде ишке ашырылды.

*Долбоордун негизги максаты* – камакта кармоо жайларында, анын ичинде КР ИИО УККларында кыйноо колдонуулардын алдын алууга адам укуктарын коргоонун бар болгон механизмдеринин жардамы менен кол кабыш кылуу.

*Долбоордун милдеттери:*

- адвокаттарга, БӨУ юристтерине жана укук коргоочуларга ИИО УККларынын мониторингин жүргүзүүнүн эл аралык стандарттарын, техникасын жана отчет берүүнүн жол-жоболорун үйрөтүү;
- КР ИИО УККларында, жарандык коом өкүлдөрүн жана КР Акыйкатчысын (Омбудсменин) катыштырып, аталган мекемелердин кызматкерлери камактагыларга мамиле жасоонун улуттук мыйзамдар белгилеген ченемдерин жана эл аралык стандарттарын канчалык сактагандыгын майда-чүйдөсүнө чейин жазуу, ошондой эле адамдык укуктар менен эркиндиктер бузулган учурлар болсо, аларды натыйжалуу документтештирүү менен объективдүү мониторинг жүргүзүү;
- ИИО УККларында камакта кармоо тажрыйбасында камактагыларга мамиле жасоонун эл аралык стандарттарынын сакталышы туурасында анык маалымат чогултуу;
- мониторинг учурунда аныкталган кыйноо колдонуу жана катаал мамиле жасоо фактыларына жооп катары аракеттенүү;
- кыйноодон жана катаал мамиледен жапаа чеккен адамдарга юридикалык, медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү;
- сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн мониторинг жыйынтыктарын талдоо жана иштеп даяр кылуу;
- мониторинг жыйынтыктарын кызыктар мамлекеттик органдарга берүү жана камакта кармоо, анын ичинде КР ИИО УККларында кармоо, системин жакшыртуу максатында аларды андан кийинки талкууга салуу;
- калктын кеңири катмарларынын, эл аралык укук коргоо органдары менен уюмдарынын кыйноодон эркин болуу укугуна жана камакта кармоо шарттарына байланыштуу жагдай тууралуу маалыматтуулугун жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан материалдык жана процесстик мыйзамдарынын кыйноодон жана катал мамиледен эркин болуу укугунун бузулушуна шарт түзгөн, мындай бузуулар жөнүндөгү фактыларды натыйжалуу текшерүүгө жана тергөөгө, ошого айыптуу болгондорду жазалоого жолтоо болгон ченемдерин аныктап табуу жана тийиштүү сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- Мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында иштелип чыккан сунуштамалардын иш жүзүнө ашырылышына көмөктөшүү.

Мониторинг жүргүзүү учурунда камактагыларга мамиле жасоонун төмөнкүдөй эл аралык стандарттарынын сакталышына өзгөчө көңүл бурулду:

- ■ маалымат алуу укугу;
- ■ даттануу менен кайрылуу укугу;
- ■ сырткы чөйрө менен байланышуу укугу;
- ■ татыктуу шарттарда кармалуу жана гумандуу мамиле көрүү укугу;
- ■ медициналык тейлөө алуу укугу;
- ■ жакталуу укугу;
- ■ кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу.

Изилдөөгө ошондой эле камакта кармоонун мыйзамдуулугу жана камакта кармоо жайларына жүргүзүлгөн көзөмөлдүн натыйжалуулугу маселелери да алынды.

Мониторингдин жүрүшүндө ИИО УКК кызматкерлеринин иш шарттарын изилдөөгө өзүнчө көңүл бурулуп, анын жыйынтыктары ушул отчеттун өз алдынча бөлүмүндө келтирилген.

*Мониторинг объектиси*
Мониторингдин объектилери катары КР ИИО УККлары алынды.
Бардыгы болуп мониторингдин алкагына өлкөнүн жети облусундагы 47 УКК тартылды.

*Байкоочулар*
Байкоочу катары юриспруденция, укук, медицина, психология жана адам укуктарын коргоо чөйрөсүндө тажрыйбасы бар 36 адам тандалып алынды.
Мониторинг жүргүзүү тобунун курамына КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын жана өлкөнүн бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү кирди.
Байкоочулардын бардыгы адамдык укуктар стандарттары жана жабык мекемелерде мониторинг өткөрүү принциптери боюнча атайын окутуудан өтүштү.

*Кызматташтык жөнүндө меморандум*
Долбоорду үзүрлүү ишке ашыруу максатында 2011-жылдын 7-июнунда Бишкек шаарында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), ЕККУнун Бишкектеги Борборунун жана “Кылым Шамы” Коомдук фондунун ортосунда кызматташуу туурасында Меморандумга кол коюлду. Меморандум 2011-жылдын аягына чейин өз күчүндө болуп, аны 2012-жылга да узартууга мүмкүнчүлүк бар.

Меморандум эркиндиктен ажыратылган адамдарды кыйноодон жана мамиле менен жазанын ырайымсыз, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты кетирүүчү башка түрлөрүнөн коргоону өлкөнүн бардык жерлериндеги камак жайларына биргелешип жана алдын ала билдирүүсүз баруу аркылуу күчөтүүгө багытталган.

Меморандум кол коюуга ачык жана ушул отчет даярдалып жаткан учурда Меморандумга жабык мекемелерди мониторингге алуу жагынан чоң тажрыйбага ээ болгон дагы жети бейөкмөт уюм кошулду:

- “Азаттык үнү” Коомдук фонду (Бишкек ш.),
- “Адилеттик” Облусттук укук коргоо уюму (Джалал-Абад ш.),
- “Сулайман нуру” Коомдук фонду (Ош ш.),
- “Көзкарандысыз укук коргоо тобу” Коомдук фонду (Бишкек ш.),
- “Биригишүү бирлиги” Коомдук бирикмеси (Талас ш.),
- “Вентус” Коомдук бирикмеси (Каракол ш.),
- “Voice of Freedom” Коомдук фонду (г.Бишкек).

Меморандумга ылайык, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты КРда адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө ишмердүүлүк жүргүзгөн бейөкмөт уюмдары менен кызматташтык түзөт, аны жүргүзөт жана жергиликтүү жана аймактык укук коргоо уюмдарынын КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын дареметин күчөтүүгө багытталган демилгелерине жигердүү катышат.

Меморандум убактылуу кармоо камакжайларына, убактылуу кармоо камераларына, ИИО кабылдоо-бөлүштүрүү бөлүмүнө, КР Коргоо министрлигинин гүппактары (гауптвахта) менен тартипке салуу бөлүктөрүнө, чек ара кызматы органдарынын имарат-жайларына, КР Ички иштер министрлигине, КР Коргоо министрлигине, КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине, Өзгөчө кырдалдар министрлигине караштуу аскердик бөлүктөргө жана укук коргоо органдары тарабынан көзөмөлгө алынган башка объектилерге, ошондой эле психоневрология мекемелерине, психикалык оорулууларды мажбурлап дарылоо жагынан адистештирилген мекемелерге баруу маселелерин козгойт.

*Долбоордун курамдык бөлүктөрү жана аларды ишке ашыруу тартиби*
Долбоордун максаттары менен милдеттерин ишке ашыруу үчүн методология жана үч негизги багыт боюнча аткарыла турган иштин планы иштелип чыкты:

1. ИИО УККларында мониторинг жүргүзүү.

2. Кыйноо жана катаал мамиле колдонулгандыгы жөнүндө арыздарга жооп катары аракет жүргүзүү.
3. Кыйноодон жана катаал мамиледен жапаа чеккендерди реабилитациялоо.

Долбоордун **биринчи курамдык бөлүгүн** жүзөгө ашыруунун планы өз ичине төмөнкү иш-чараларды камтыган:

a. Мониторинг жүргүзүү топторунун мүчөлөрүнө жабык мекемелердеги адамдардын укуктарынын сакталышын мониторингге алуунун теориялык негиздерин жана тажрыйбасын, ошондой эле мониторинг боюнча байкоочунун жүрүм-турум принциптерин үйрөтүү.
Изилдөө жүргүзүүдө объективдүүлүк, калыстык жана жашырындуулук принциптерин сактоо максатында долбоор эксперттери тарабынан "КР ИИО УККларындагы мониторинг боюнча байкоочуга эскерткич" иштелип чыккан.

b. Маалымат чогултуу үчүн Бирдиктүү куралдар жыйындысын иштеп чыгуу.
Өлкөнүн бир катар укук коргоо уюмдары камакта кармоо жайларында өткөрүп жүргөн мониторингдерди жүргүзүүдө колдонулган ар түрдүү усулдар менен куралдарды системдештирүү жана бирдиктүү таризге келтирүү үчүн бардык жерлерде, мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө да, коомдук көзөмөл жүргүзүүдө да колдонууга боло турган бирдиктүү куралдар жыйындысын иштеп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынды.
Мониторинг боюнча байкоочулар менен аталган куралдар жыйындысын иштеп чыгуу боюнча эки иштиктүү жолугушуу өткөрүлдү. Биринчи иштиктүү жолугушуу 2011-жылдын 8-9-июлунда өткөрүлүп, анын чегинде суралуучулардын ар түрдүү категориялары үчүн сурамжылоо баракчалары жана УКК турак-жайлары менен аймактарына байкоо жүргүзүү карталары даярдалган. Экинчи жолугушуунун жүрүшүндө, 2011-жылдын 18-19-августунда, сынамык (пилоттук) барып келүүлөрдүн тажрыйбасын жана мониторингдин биринчи баскычынан келип чыккан тыянактарды эске алуу менен куралдар жыйындысы кошумча иштелди.

c. Мониторинг жыйынтыктарын топтоо, талдоо жана жалпылоо. УККлардагы адам укуктарына байланыштуу жагдайды жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.
Мониторингдин жүрүшүндө маалымат чогултуунун негизги ыкмасы катары ИИО кызматкерлери, УКК администрациясы жана кызматчылары, барган убакта камакта олтурган адамдар жана адвокаттар менен жарым түзүмдөлгөн (полуструктурированное) интервью жүргүзүлдү. Бул мезгилде кокусунан тандоо (случайная выборка) ыкмасы колдонулуп, ошону менен бирге адамды изилдөөгө ыктыярдуу макулдугун алып катыштыруу принциби милдетүү түрдө сакталды. Айрым учурларда УККга барган мезгилде ал жерде камалгандардын баары менен сүйлөшүү мүмкүн болду.
Кошумча маалымат алуу үчүн байкоо жана фототартуу жүргүзүлдү.

Тилекке каршы, камакта олтурган адамдар менен маектешүү өткөрүүдө бардык эле учурда жашырындык камсыз кылынган жок. Мисалы, айрым УККларда мониторинг жүргүзүлүп жатканда, байкоочулардын маекти жекеме-жеке өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берүү жөнүндөгү өтүнүчүнө карабастан, кызматкерлер байкоочу менен сурамжыланып жаткан адамга бир топ жакын аралыкта турган бойдон кала беришти. Бул факт камактагылардын берген жоопторунун объективдүүлүгүнө жана өткөрүлгөн маектин сапатына таасир бергенинен шек жок.

Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө эл аралык документтер менен улуттук мыйзамдар, анын ичинде мекеменин жоболору, нускамалары жана башка ички чинемдик документтери талдоого алынып, талдоонун жыйынтыктары ушул отчеттун тийиштүү бөлүмдөрүндө чагылдырылды.

Айта кетчү нерсе, долбоордун ушул курамдык бөлүгүн жүзөгө ашырууда КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) чоң көмөк көрсөттү. Ал мониторинг топторунун мүчөлөрүнө камактагыларды кармоо, алдын ала камакка алуу жайларына, соттолгондор жаза өтөгөн мекемелерге, мажбурлап дарылоо жана кайрадан тарбиялоо мекемелерине, психиатриялык ооруканаларга баруу үчүн, ошол жерлердегилер менен жекеме-жеке маектешүү, аларды кармоо шарттары жөнүндө маалымат алуу жана алардын аталган мекемелерде кармалып жаткандыгынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтерди текшерүү үчүн ишеним каттарын ыйгарып, бул байкоочуларды УККларга киргизбей коюу учурларынын алдын алууда өтө чоң жардам болду.

Долбоордун кыйноо жана катаал мамиле колдонулгандыгы жөнүндө арыздарга жооп кайтаруу маселелери боюнча **экинчи курмадык бөлүгүнүн** чегинде төмөнкүдөй иш жүргүзүлдү:

- кыйноо жана катаал мамиле кылуу учурларын табуу жана натыйжалуу документтештирүү;
- кыйноодон жана катаал мамиле жасоодон жапаа чеккендерге укуктук жана юридикалык жардам көрсөтүү, анын ичинде аларга адвокат таап берип, улуттук соттордо алардын таламдарын талашуу;
- кыйноодон жапаа чеккендердин укугун коргоо боюнча эл аралык уюмдарга кайрылуу.

Долбоордун кыйноодон жапаа чеккендерди реабилитациялоо боюнча **үчүнчү курамдык бөлүгү** өз ичине кыйноодон жапаа чеккендер үчүн Реабилитациялык борбордун адистери тарабынан кыйноодон жапаа чеккендерге медициналык жана психологиялык жардам берилишин камтыйт.

Долбоор боюнча иш-аракеттерди жүргүзүүдө камакта кармалган адамдарга жана коомчулукка кыйноодон жана катаал мамиле кылуудан коргоо маселелери боюнча маалымат берүүгө көп көңүл бурулду. Бул максатта атайын Маалымат баракчасы[9] иштелип чыгып, анда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жана анын аймактык өкүлчүлүктөрүнүн, ошондой эле кызматташуу жөнүндөгү Меморандумга кошулган бейөкмөт уюмдарынын кыйноодон же катаал мамиледен жапаа чеккен ар бир адам же анын өкүлү болгон, физикалык күч, кыйноо, сабоо же басым көрсөтүүнүн башка түрлөрү (опузалоо, коркутуу, кордоо) колдонулган учурлар жөнүндө билип калган башка адам кайрыла алган байланыш даректери келтирилген. Бул маалымат баракчалары УККларда олтурган адамдардын арасында таркатылды.

Изилденген материалдын өз алкагына өлкөнүн бардык аймактарында жайгашкан УККлардын баарын алган ири көлөмү мониторинг жүргүзүүнүн жалпы кабыл алынган эл аралык стандартары менен принциптерине толук ылайык жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын бир топ жогорку деңгээлде ишенимдүү деп айтууга негиз берет.

[9] №1-Тиркемени караңыз.


# 4. Ж АЛПЫ М ААЛЫ М АТТАР Ж АНА НЕГИЗГИ СТАТИСТИКАЛЫ К М ААЛЫ М АТТАР

Ички иштер органдарына караштуу УККлар милициянын бөлүмчөлөрү болуп эсептелип, кылмыш
жасоо жагынан шектүүлүк кармалгандары камакка алуу жайынан


УКЛарда ошондой эле кылмыш жасоо жагынан айыпталган, ТКЖда кармалып, бирок тергөө иш-
аракеттерин жүргүзүү үчүн зарыл болгон учурларда жана, ишти сот карабына ТКЖ жайгашкан
калктуу пункттун чегинен тышкары жерде жана ал жер бул айыпталуучуларды ТКЖдан ал жерге
күндө алып баруу мүмкүн болбогон учурларда аталган иш-аракеттерди аткаруу жана сот жүргүзүү
убагында, бирок бир айдан ашык эмес мөөнөткө УККларда кармалышы
мүмкүн

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында 47 КР ИИО УККсы иштеп жатат

**1-диаграмма.**
**УККлардын КР аймактар боюнча сандык ара катышы.**




Мониторинг жалпысынан өлкөнүн бардык аймактарындагы 47 УККны камтыды.


БИШКЕК
Степное
Шопоков
Вознесеновка
КАРА-БАЛТА
КАНТ
ТОКМОК
КЕМИН
ЧОЛПОН-АТА
Тюп
КАРАКОЛ
оз. Иссык-Куль
БАЛЫКЧЫ
БОКОНБАЕВО
КАДЖИ-САЙ
Кочкорка
НАРЫН
Ат-Башы
Баетово
Чаек
ТАЛАС
Кызыл-Адыр
ТОКТОГУЛ
Уч-Терек
Казарман
КАРА-КУЛЬ
ТАШ-КУМЫР
МАЙЛУУ-СУУ
Кочкор-Ата
Базар-Коргон
Сузак
ДЖАЛАЛ-АБАД
УЗГЕН
Кара-Кульджа
КАРА-СУУ
ОШ
Араван
Эски-Ноокат
Дароот-Коргон
Кербен
Ала-Бука
Кызыл-Кия
Кадамжай
Баткен
СУЛЮКТА
Исфана

**1-таблица.**

**Мониторинг алкагына алынган УККлар тизмеси.**

**Бишкек ш.**
1. Бишкек ш. ШИИБ УККсы
2. УИИБ УККсы

**Чүй облусу:**
3. Токмок ш. ИИО УККсы
4. Сокулук районунун ИИО УККсы
5. Жайыл районунун ИИО УККсы
6. Москва районунун ИИО УККсы
7. Панфилов районунун ИИО УККсы
8. Ысык-Ата районунун ИИО УККсы
9. Кемин районунун ИИО УККсы

**Ысык-Көл облусу:**
10. Балыкчы ш. ШИИБ УККсы
11. Каракол ш. ШИИБ УККсы
12. Жети-Өгүз районунун ИИО УККсы
13. Түп районунун ИИО УККсы
14. Ысык-Көл районунун ИИО УККсы
15. Тоң районунун ИИО УККсы

**Талас облусу:**
16. Талас облусунун ИИБ УККсы
17. Карабуура районунун ИИО УККсы

**Нарын облусу:**
18. Нарын ш. ИИО УККсы
19. Ат-Башы районунун ИИО УККсы
20. Кочкор районунун ИИО УККсы
21. Ак-Талаа районунун ИИО УККсы
22. Жумгал районунун ИИО УККсы

**Жалал-Абад облусу:**
23. Жалал-Абад ш. ИИО УККсы
24. Сузак районунун ИИО УККсы
25. Базар-Коргон районунун ИИО УККсы
26. Ала-Бука районунун ИИО УККсы
27. Таш-Кумыр ш. ИИО УККсы
28. Майлуу-Суу ш. ИИО УККсы
29. Кара-Көл ш. ИИО УККсы
30. Ноокен районунун ИИО УККсы
31. Токтогул районунун ИИО УККсы
32. Тогуз-Торо районунун ИИО УККсы
33. Ак-Сы районунун ИИО УККсы
34. Чаткал районунун ИИО УККсы


**Ош ш.:**
35. Ош ш. ИИБ УККсы

**Ош облусу:**
36. Кара-Кулжа районунун ИИО УККсы
37. Өзгөн районунун ИИО УККсы
38. Алай районунун ИИО УККсы
39. Араван районунун ИИО УККсы
40. Карасуу районунун ИИО УККсы
41. Ноокат районунун ИИО УККсы
42. Чоң-Алай районунун ИИО УККсы

**Баткен облусу:**
43. Кызыл-Кыя ш. ИИО УККсы
44. Кадамжай районунун ИИО УККсы
45. Баткен районунун ИИО УККсы
46. Лейлек районунун ИИО УККсы
47. Сүлүктү ш. ИИО УККсы


Мониторингдин жүрүшүндө баруу мезгилинде УККда камакта олтурган, изилдөөгө ыктыярдуу макулдугун алып катыштыруу принцибин милдеттүү түрдө сактап жана кокусунан тандоо ыкмасын колдонуп тандалып алынган 193 адам менен интервью өткөрүлдү. Суралгандардын арасында шектүүлөр, айыпталуучулар, соттолуучулар, соттолгондор, акталгандар жана административдик камакка алынгандар болду.

**2-диаграмма.**
**Жооп берүүчүлөрдүн процесстик статусуна жараша региондор боюнча ара катышы.**





УККлда кармалгандардын арасында 19 аял жана 174 эркек болду
Жашы жете электер жана жашы жеткендер 9 ... түздү.

**3-диаграмма.**
**УККда кармалып, сурамжыланган адамдардын жыныстык белгиси боюнча сандык ара катышы.**




**4-диаграмма.**
**УККда кармалып, сурамжыланган адамдардын жаш-курагы боюнча сандык ара катышы.**



# 5. ДОЛБООРДУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## 5.1. УКК ларда АДАМ УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Адам укуктарын коргоо боюнча эл аралык органдар көрсөткөндөй, эркиндиктен ажыратылган адамдардын баарына гумандуу мамиле жасоо менен алардын кадыр-баркын сыйлоо бардык учурда колдонулуучу негиз салуучу эреже болуп эсептелет. Маселен, БУУнун адам укуктары боюнча Комитети гумандуу мамиле көрүү укугу “эң жок дегенде мамлекет ээ болгон материалдык ресурстарга көз каранды болбоого тийиш”[10] деп токтомдоп, “уяң укук” (“мягкое право”) боюнча БУУнун чегинде кабылданган жана гумандуу (адамгерчиликтүү) мамиленин стандарттарын аныктаган эл аралык документтерде каралган жоболорду кармануу зарыл экендигин баса белгиледи. Бул документтерге төмөнкүлөр кирет:

- Камактагыларга мамиле кылуунун минималдык стандарттык эрежелери[11];
- Тигил же бул формада кармалууга же камалууга дуушар болгон бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйнагы;
- Тартипти сактоо боюнча кызмат адамдарынын жүрүм-турум кодекси;
- Саламаттык сактоо кызматчыларынын, эң алды – дарыгерлердин камакка алынган же кармалган адамдарды кыйноодон жана мамиле кылуу менен жазалоонун ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-барк кетирүүчү башка түрлөрүнөн коргоодогу ролуна тийиштүү медициналык этика принциптери.

Шектүү адамдардын укуктарын чектөө мыйзамдуу жана зарыл болууга тийиш, башкача айтканда, шек туудурган адам пайдаланып, качып кетиши же жашырынышы, жаңы кылмыш жасашы же чындыктын аныкталышына тоскоолдук кылышы мүмкүн болгон укуктардын чектелишине гана жол берсе болот. Мындай максатта шектүү адамдын бир жерден башка жерге баруусуна чек коюп, анын сырткы чөйрө менен же башка кармалгандар менен байланышын көзөмөлгө алуу зарыл болуп калышы мүмкүн. Ал эми башка укуктар менен эркиндиктерден пайдаланууну (бул бардык жарандарга жалпы бирдей негизде болгон учурдан тышкары) чектөөгө болбойт. Кайра аларды камсыз кылуу мамлекеттин милдети болуп эсептелет.

Ушул баяндамада келтирилген мониторинг жыйынтыктарында сырткы чөйрө менен баарлашууга байланыштуу укуктардын, адамдык кадыр-баркка ылайык шартта кармалуу жана адамгерчиликтүү мамиле көрүү укугунун, кыйноодон эркин болуу укугунун жана жакталуу укугунун сакталышынын деңгээли чагылдырылган. Камакта кармоонун мыйзамдуулугуна, тийиштүү органдарды көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугуна, ошондой эле УКК кызматкерелинин иштөө шарттарына тиешелүү маселелердин анализи өзүнчө бөлүнүп каралган.

*Байкоочулардын УККга кирүү мүмкүнчүлүгү*

Мониторинг жүргүзүлгөн мезгилдин ичинде төрт учурда катарына КР ИИМине караштуу КБК мүчөлөрү менен КР Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) Аппаратынын кызматкерлери кирген байкоочулар тобун ар кандай себептер менен УККга киргизбей коюшкан.




УККга кире бериш.


Маселен, 2011-жылдын 29-июлунда Балыкчы шаарынын ИИОсунун башчысынын орун басары, Ысык-Көл ИИБынын жетекчилиги менен макулдашуу болбогонуна шилтеп, байкоочулардын колунда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) Ысык-Көл облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кызматташуу жөнүндөгү Меморандумга ылайык биргелешкен мониторинг жүргүзүүгө көмөк көрсөтүүнү өтүнгөн расмий каты

[10] БУУнун адам укуктары боюнча Комитети. жалпы катардагы №21-эскертүү/байкама.

[11] Бул эрежелер эркиндигинен ажыратылган адамдардын бардык категорияларына, анын ичинде камалган, тергөө алдында болгон жана айып койбой туруп камакка алынган адамдарга тиешелүү. “Алдын ала байкамдар” бөлүгү менен Эрежелердин II бөлүгүндөгү Е бөлүмүн караңыз.

жана мониторинг тобунун курамында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын өкүлү болгонуна карабай, байкоочуларды Балыкчы ИИО УККсына киргизген жок.

Биринчи жолку барып келүү учурунда денесинде кыйноо колдонуунун издери бар камактагы N. табылган Москва районунун ИИО УККсына 2011-жылдын 10-августунда барганда, мониторинг жүргүзүү тобунун эки мүчөсүнө: алардын бири – КР ИИМине караштуу КБКнын мүчөсү, экинчиси – N-дин таламдарын көрсөткөн адвокат, – УКК башчысы жана РИИБ нөөмөтчүсү тарабынан кирүүгө тыюу салынган.


УККга кире бериш.

Мониторингдин жүрүшүндө байкоочулар Кызыл-Кыя шаарынын ИИО УККсына кирүүдө да кыйынчылыктарга туш болушту. УККнын администрациясы өз каршылыгын аларга Баткен облусунун ИИБынан буйрук түшпөгөнү менен түшүндүрдү. Баткен облусунун ИИБ башчысы менен телефон аркылуу сүйлөшүүдөн кийин УККга мониторинг тобунун жетекчиси менен дарыгерди киргизишип, мониторинг тобунун калган мүчөлөрүнө УККга кирүүгө уруксат берилген жок.

Каракол ш. ИИО УККсына 2011-жылдын 21-октябрында барганда мониторинг тобунун үч мүчөсүнүн бирөөнө эле, ал ИИМ алдындагы КБКнын мүчөсү болгондугунун негизинде гана кирүүгө уруксат кылынды.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) мониторинг топторунун мүчөлөрүнө УККларга жана башка жабык мекемелерге тоскоолсуз барып келүүгө ишеним каттарын бергенден кийин да бир катар киргизбөө учурлары катталды.

Маселен, 2011-жылдын 11-ноябрында Каракол ш. ИИО башчысы мониторинг тобун Каракол ш. ИИО УККсына жолотпой койгон.

2011-ж. 14- жана 18-ноябрында байкоочуларды Жети-Өгүз ИИО УККсына киргизишкен жок. УКК башчысы муну “жогорудан келген буйрук” менен түшүндүрдү.

Белгилей кетчү нерсе, айрым УККлардын кызматкерлери мониторинг өткөрүүгө ар кандай жол менен тоскоол кылууга аракет кылышты.

Мисалы, Жайыл районунун ИИО УККсында мониторинг жүргүзүп жатып, УККда кармалган адамдар менен интервью өткөрүүдө, маектин жашыруундугун камсыз кылуу максатында, байкоочулар УКК кызматкерлеринин камерадан чыгып туруусун суранышкан. Өтүнүчкө жооп катары УКК кызматкери маекти токтотту да, байкоочулардын баарын чогултуп, алар өздөрүн мындай алып жүргөнү алардын коопсуздугуна коркунуч туудуруп, аны тынчсыздандырганын эмоционалдуу түрдө айтты. Мониторингди камактагылар менен УКК кызматкерлеринин көзүнчө, камеранын эшиги аркылуу маектешип улантуу гана мүмкүн болду.

Башка учурда РИИБдердин биринин башчысы байкоочулардан бир да кадам алыстабай, алар менен УККда олтургандардын ортосундагы маекти тыңшап, мезгил-мезгили менен алардын сөзүн бөлүп, натуура түшүндүрмө-пикирлерин берип жатты. Ал эми байкоочу камерада болгондордун бирине ага карата кыйноо колдонулган учурда жардам сурап кайрылууга болгон телефон номерлер жазылган “Маалымат баракчасын” бергенде, РИИБдин башчысы кийлигишип, муну менен байкоочу “айыпталуучуну УККда камакта кармоонун ички эрежелерин бузууга азгырып жатат, анткени телефон чалууларга тыюу салынган”[12] деп жарыялады.

Ошол эле мезгилде ИИО УККларынын кызматкерлери мониторинг жүргүзүүдө байкоочуларга көмөк көрсөтүшүп, изилдөө өткөрүүгө зарыл болгон шарттарды түзүп берип жатышкан учурлар да болгонун баса белгилеп кетүү ылаазым.

[12] Мониторинг боюнча отчет №6/5-7/Н.

Талас облусунун, Карабуура жана Панфилов райондорунун ИИО УККларынын администрациясы менен кызматкерлерин өзгөчө белгилеп, ыраазычылык билдирип коюу абзел.

Байкоочуларды Токмок шаарынын ИИБ УККсынын башчысынын камактагылар кармалган канааттандыргыс шарттарга карата ачык эле көрсөтүлгөн кайдыгерлиги жана байкоочулар менен баарлашкандагы оройлугу кабатыр кылды.

Адилеттик үчүн, УККда кармалган адамдардын керектөөлөрүнө жана кызмытчылардын жумуш шарттарына көрсөтүлгөн мындай көңүлкоштукту мониторинг жүргүзүү мезгилинин ичинде байкоочулар бир эле жолу учуратышканын айтып кетүү зарыл. Байкоочулар белгилегендей, ИИО жана УКК жетекчилеринин көбү УККда камакта кармоо шарттарына тынчсызданышып, жергиликтүү кеңештерге жана эл аралык уюмдарга жардам сурап кайрылышып, болгон жагдайды жакшыртууга колдон келишинче бардык чараларды көрүүгө аракет кылып жатышты.

Мисалы, Ысык-Ата районунун ИИОнун башчысы УККны оңдоого каражат бөлүп берүү өтүнүчү менен жергиликтүү бийлик органдарына үч ирет кайрылган. Үчүнчү кайрылуудан кийин жергиликтүү бюжеттен 130.000 сом чыгарылып берилген. Бул суммага матрацтар сатылып алынып, УКНнын имаратын оңдоо иши жүргүзүлүп жатат. Панфилов ИИО УККсынын башчысынын демилгеси менен жергиликтүү акимчилик тарабынан каржылык каражаттар бөлүнүп берилип, ал акчага УКНнын косметикалык оңдоо иши жүргүзүлүп, чайынма бөлмөсү менен санитардык түйүн орнотулган.

УКК администрацияларынын бул сыяктуу демилгелерин кубаттап, ошол эле мезгилде УККларда камакта кармоо шарттарын жакшыртууга жергиликтүү бийлик органдарынын жана эл аралык уюмдардын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланып каражат издеп-табуу бардык жердеги өнөкөт тажрыйбага айланбашы керек деп белгилеп кетүү ылазым. УККларды кармоонун адамдын кадыр-баркына ылайык шарттарын түзүү үчүн каражаттар мамлекеттин адам укуктарын сактоо боюнча позитивдүү милдеттенмелеринин аткарылышы катары анын өзүнүн бюжетинен бөлүнүп чыгарылышын камсыз кылуу зарыл.

### 5.1.1. КОММУНИКАЦИЯЛЫК УКУКТАР

### А. МААЛЫМАТ АЛУУ УКУГУ

**Эл аралык стандарт**

*Минималдык стандарттык эрежелерде камактагыларга, алар өздөрү кармалган мекеменин жашоо шарттарына көнүш үчүн, алардын категориясына кирген камактагыларга мамиле жасоо эрежелерине, ошол мекеменин тартип талаптарына, маалымат алуунун жана даттануу жолдоонун уруксат берилген жолдоруна байланыштуу жазуу түрүндөгү маалыматтарды, ошондой эле алардын укуктары менен милдеттери жөнүндөгү маалыматтарды берүү зарылчылыгы каралган. Ошону менен бирге сабатсыз камактагыларга маалымат оозеки түрдө берилиши керектиги көрсөтүлөт.* [13]

*Принциптер жыйнагында ар бир адамга, камалып жаткан учурда, кармалуунун же камакка алынуунун башында же ошондон көп өтпөй, камоо, кармоо же камакка алуу үчүн жооптуу орган тарабынан анын укуктары жана ошол укуктарды ишке ашыруу жол-жоболору түшүндүрүлүп берилиши керек деген талап коюлган.*[14] *Кармалгандардын ар бири өз укуктары жана алардан кантип пайдаланса болору жөнүндө өзү түшүнгөн тилде маалымат алууга укуктуу.*[15]

*БУУнун юристтердин ролуна байланыштуу негизги принциптеринде компетенттүү бийлик органдары тарабынан ар бир адамга кармалып же камалып, же болбосо жазыктуу кылмыш жасоо жагынан айыпталып жаткан учурда өз тандоосу менен юристтин жардамынан пайдалануу укугу жөнүндө дароо маалымдалышын камсыз кылуу өкмөттүн милдети болгондугу айтылат.*[16]

13 Минималдык стандарттык эрежелер. 35-Эреже, 1-тарам.
14 Принциптер жыйнагы. 13-принцип.
15 Принциптер жыйнагы. 14-принцип.
16 БУУнун юристтердин ролуна тийиштүү негизги принциптери. 5-принцип.

**Улуттук мыйзамдар**

*Камакта кармоо тартиби жөнүндөгү мыйзам шек саналгандардын жана айыпталуучулардын Ички санжаб (тартип) эрежелеринин тексти менен, анын ичинде өздөрүнүн укуктары жана милдеттери, камакта кармоо тартиби (режими) жана тартиптик талаптар менен таанышуу укугун белгилейт.*[17]

*Ички тартип (санжап) эрежелеринде УКК нөөмөтчүсүнүн алынып келген адамды жеке тинтүү, суроо, күбөлөндүрүү жана санитардык тазалоодон өткөргөндөн кийин аны УККдагы ички санжаб эрежелери менен тааныштыруу милдети каралган.*[18]

*Шектүүлөр жана айыпталуучулар өз укуктары жана милдеттери, УККда камакта кармоо режими, тартиптик талаптар, сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды берүү тартиби жөнүндө маалымат алууга укуктуу.*[19]

Белгилей кетчү нерсе, камакта кармоо тартиби жөнүндөгү мыйзамда да, ички санжап эрежелеринде да УКК кызматкерлеринин УККга алынып келген адамдарга алардын укуктары менен милдеттеринин жазуу түрүндөгү чечмеленишин берүү милдети жазылган эмес; бул болсо эл аралык стандарттарга туура келбейт.

Аталган стандарттын аткарылышын изилдөө өз ичине маалымат алуу укугунун үч курамдык бөлүгүн мониторинге алууну камтыган:

a. шек туудурган жана айыпталуучу адамдын өз укуктары жана милдеттери жөнүндө жазуу түрүндө маалымат алуу укугу;
b. УККга алынып келген шек туудурган жана айыпталуучу адамдын ички санжап эрежелеринин тексти менен, анын ичинде камакта кармоо режими жана тартиптик талаптар менен таанышуу укугу;
c. УККда камакта кармалган шек туудурган жана айыпталуучу адамдын сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды берүү тартиби жөнүндө маалымат алуу укугу.

### a. Шек туудурган жана айыпталуучу адамдын өз укуктары жана милдеттери жөнүндө жазуу түрүндө маалымат алуу укугу

Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, бир дагы ИИО УККсында камакка алынган адамдарга жазуу түрүндө алардын укуктары жөнүндө маалымат берилбейт; бул болсо эл аралык стандарттарды да, улуттук мыйзамдарды да бузат.

Камакка алынган шектүүлөр менен айыпталуучулардын укутары менен милдеттеринин тизмесин ар бир камерага илип коюу ушул стандартты аткаруу ыкмаларынын бири болмок. Бирок, мониторинг көрсөткөндөй, бир дагы ИИО УУКсында мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланышпайт.

### b. УККга алынып келген шек туудурган жана айыпталуучу адамдын ички санжап эрежелеринин тексти менен, анын ичинде камакта кармоо режими жана тартиптик талаптар менен таанышуу укугу


УККдагы ички санжап эрежелери, анын ичинде камакта кармоо режими жана тартиптик талаптар менен тааныштырылганын суралгандардын ичинен 70и (36,3%) гана айта алышты. Калган 123ү (63,7%) ички тартип эрежелери жөнүндө камералаштарынан угушканып, УКК кызматкерлери болсо бул туурасында кабар бербегенин айтышты.

Суралгандардын бири да УККга алынып келгенде мекеме кызматкери тарабынан кандай жүрүм-турум жана кандай учурларда УККда камакта кармоо тартибин бузуу болуп эсептелери жана ошондой бузуулар жасалган учурда кандай чаралар колдонулары жөнүндө маалымат алган эмес.

---
17 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.
18 Ички тартип эрежелери. 1.10 тарамы (пункту).
19 Ички тартип эрежелери. 3.1. тарамы.

***Мисал*** *: Камактагы адамдардын биринин интервьюсунан «Укуктарым жөнүндө эч нерсе билбейм, мындай эч ким түшүндүрбөйт. УККнын эрежелери жөнүндө камерадаштарым айтып беришти».*[20]

**5-диаграмма.**
**ИИО УККсына камалган шектүү жана айыпталуучу адамдын Ички санжап (тартип) эрежелеринин тексти, режим жана тартиптик талаптар менен таанышуу укугу.**




**c. УККда камакта олтурган шектүү жана айыпталуучу адамдын сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды берүү тартиби жөнүндө маалымат алуу укугу**

Сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды берүү укугу жөнүндө камакта отурган, мониторинг мезгилинде сурамжыланган 193 адамдын бирөө да маалымат алган эмес.


Ушул укук жөнүндө маалымат болбогону, арыз же даттануу жолдорун бир болгон механизмдерин жана жол-жоболорун билбөө камак мекемесинин кызматкерлеринин иш-аракеттерине/аракетсиздигине, камакка алынган адамдар тарабынан берилүүчү арыздардын көрүлүү ачыктыгынын жоктугу жана мыйзамдуулугу боюнча даттануу болгондугуна байланыштуу да арызы менен, ошондой эле УККда кармалууга жана кармалуу шарттарына байланыштуу башка маселелер менен кайрылуунун мүмкүн эмес кылат.

Кээ бир ИИО УККларынын администрациясы жана кызматкерлери, нааразы болгон учурда, камакка алынган ар бир шектүү жана айыпталуучу өз укуктары жана милдеттери менен маалымат тактасынан окуп тааныша алаары үчүн шарт түзүлгөн деп билдиришет.

Бирок байкоочулар 17 (36,2%) ИИО УККсында маалымат тактасы жок болгондугун белгилешти, 30 (63,8%) УККда маалымат тактасы орнотулган.

Бирок, мониторинг көрсөткөндөй, алардын тактасынын ар биринде эле камакка алынгандардын укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат жайгаштырылган эмес. Мисалы, Ысык-Көл районунун ИИО УККсынын маалымат тактасында ведомстволук буйруктар, нускамалар, УКК кызматкерлеринин милдеттеринин тизмеси, жумуш графиги жана башкалар илинген. Талас облусунун ИИБ УККсынын маалымат тактасында жайгашкан маалыматтар да ушундай болгон.

Ошол эле мезгилде, маалымдоо тактасынын мазмунун байкоочулар Кемин районунун ИИО УККсында анын тактасынан көрүштү, анда буйруктар жана нускамалардан сырткары камакта отургандардын укуктары менен милдеттеринин тизмеси, ошондой эле УКК имаратынын түзүлүш схемасы жана эвакуациялоо планы жайгашкан.



Маалымат тактасы.

[20] Мониторинг боюнча отчет №1/6-7/3/1.1.

Кантсе да, тактага ИИО УККда камалгандардын укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат илинген күндө да, чындыгында алардын ошол маалыматтарды окууга мүмкүнчүлүгү болбойт, анткени ошол такталардын баары же УККнын коридорунда, же тергөө кабинетинде орнотулган. Сейилдөөгө чыгып баратып жана андан кайтып келатып, тактанын жанынан өтүп бараткандагы өтө кыска мөөнөттүн ичинде камакта олтургандардын тактага бир карап койгонго эле чолосу тиет. Бул байкоону суралган адамдардын алар тактада жайгашкан маалыматтарды эч качан окубагандагын айткан жооптору ырастады.

## В. ДАТТАНУУ МЕНЕН КАЙРЫЛУУ УКУГУ

**Эл аралык стандарт**

*Эл аралык стандарттарга ылайык, камакка алынган ар бир адам борбордук түрмө башкармалыгынын органдарына, сот бийликтерине жана компетенттүү башка органдарга өтүнүчтөр жана даттануулар менен кайрылууга укуктуу болуп, ошол өтүнүчтөр менен даттануулар мазмуну жагынан электөөгө (цензура) алынбашы жана тийиштүү каналдар аркылуу борбордук түрмө башкармалыгына, сот бийликтерине же ыйгарым укуктуу башка органдарга берилиши керек. Даттануулар менен өтүнүчтөр чукул арада каралууга жана аларга эч бир кечиктирүүсүз жооп берилүүгө тийиш.*[21]

*Кармалган ар бир адам, камакта кармоо жайларындагы коопсуздук менен тартипти камсыз кылууга зарыл болгон жөндүү шарттар сакталган учурда, ошол жерге келген башка адамдар менен эркин жана толук конфиденциалдуулук шартында баарлашууга укугу бар.*[22]

*Минималдык стандарттык эрежелерде ар бир камалган адамды жумуш күндөрү мекеменин директоруна же анын ыйгарым укуктуу кызматкерине арыз же даттануу менен кайрылуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу каралган. Тескөө учурунда камактагыларга түрмө тескөөчүлөрүнө камак мекемесинин кызматкерлерисиз арыздар же даттануулар менен кайрылууга мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш. Ар бир камалган адам борбордук башкаруу органдарына, сот бийликтерине же компетенттүү башка органдарга электөөгө (цензура) алынбаган жана тийиштүү каналдар аркылуу жөнөтүлө турган арыздар же даттануулар менен кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.*[23]

**Улуттук мыйзамдар**

*Улуттук мыйзамдарга ылайык, кармалган адамдын мамлекеттик органдарга, кызмат адамдарына өзүнүн жазык куугунтуктугуна алынгандыгы жөнүндө да (алгачкы текшерүү, тергөө органдарынын жана прокурордун иш-аракеттерине даттануу)*[24]*, УККда камакта кармалуу шарттары жөнүндө да, кандай гана болбосун башка себеп менен да кайрылууга укугу бар*[25].

*КР ЖПКсында камакта кармоо жайынын администрациясынын кылмыш жасоо жагынан шек туудурган же камакта кармалган адамдардын тергөөчүгө, прокурорго, сотко даректелген даттанууларын аларга токтоосуз берүү милдети каралган. Кармалган же камакка алынган адамдардын алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттерине, тергөөчүнүн аракеттери менен чечимдерине карата даттанууларын администрация ошол иш боюнча тергөөнү көзөмөлдөгөн прокурорго же сотко, ал эми прокурордун аракеттери менен чечимине карата даттанууларды андан жогору турган прокурорго токтоосуз берүүгө милдетүү. Башка даттануулар түшкөндөн тартып бир сутканын ичинде камакка алуу жайынын администрациясы тарабынан ошол ишти карап жаткан адамга же органга берилет.*[26]

---

21 Минималдык стандарттык эрежелер. 35-эреже (3,4).
22 Принциптер жыйнагы. 29 (2) принциби.
23 Минималдык стандарттык эрежелер. 36-эреже, 1-, 2-, 3-тарамдар (пункттар).
24 КР ЖПК. 40-берене, 1-бөлүк, 12-тарам.
25 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 20-берене.
26 КР ЖПК. 128-берене.

*Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзамда шек туудурган жана айыпталуучу адамдардын сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды берүү тартиби менен таанышу укугу каралып, ошондой эле алардын камакка алынгандыгынын мыйзамдуулугу, негиздүүлүгү жана мыйзамдуу укуктары менен кызыкчылыктарынын бузулушу маселелери боюнча сунуштар, арыздар жана даттануулар менен, анын ичинде сотко, кайрылуу укугу бекитилген.*[27]

*Ошол эле мыйзамда шек туудурган жана айыпталган адамдардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын жолдоо жол-жоболору да жазылган.*

*Мыйзам шек саналуучуларды жана айыпталуучуларды өздөрүнүн укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулганына байланыштуу сунуштар, арыздар же даттануулар менен кайрылгандыгы үчүн кандай гана болбосун формада куугунтуктоого жол бербейт. Ошондой куугунтуктоого айыптуу болгон камакта кармоо жайларынын кызмат адамдары мыйзамга ылайык жоопкерчиликке тартылышат.*[28]

*КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) УККда олтурган адамдар тарабынан жолдонгон арыздар жашыруун болуп эсептелип, аларды ачууга жана электөөгө (цензура) тыюу салынат жана алар токтоосуз КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) чапталган конвертке салынып берилиши керек.*[29]

*УКК башчысы жана анын орунбасары күн сайын камераларды кыдырып, андагы шектүүлөр менен айыпталуучулардан оозеки жана жазуу түрүндөгү сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды алууга милдетүү. Оозеки айтылган сунуштар, арыздар жана даттануулар журналга жазылып, алардын чечилиши үчүн жооптуу адамга билдирилиши керек. ИИОнун башчысына даректелген жазуу түрүндөгү сунуштар, арыздар менен даттануулар журналга катталып, алар тууралуу ИИОнун башчысына билдирилет.*[30]

Мониторинг аныктап тапкандай, ИИО УККларында кармалгандардын даттануулар менен кайрылуу укугу тийиштүү деңгээлде сакталбайт.

Түзүлгөн жагдайдын себептеринин бири болуп аталган адамдардын өз укуктары, анын ичинде даттануу менен кайрылуу укугу жана даттануунун жол-жобосу жөнүндө кабардар болбогондугунда (бул тууралуу ушул отчеттун тиешелүү бөлүмүндө кеңири айтылган) жана арыз же даттануу дарек ээсине жетерине жана ал боюнча мыйзамдуу, акыйкат чечим кабыл алынарына толук ишеним жок болгондугунда.

***Мисал***: *Камакка алынган адамдар менен маектешүүдөн:*
*«Кантип жана кимге дат арызын жибереримди билбейм».*[31]
*«Берген жокмун, баары бир майнап чыкпайт».*[32]


Дагы бир себеп болуп дат арызынын өзүн жазгыдай керектүү шарттардын жок болушу эсептелет.

Мониторингдин жүрүшүндө суралгандардын 17,1%ы, алардын ичинде Таш-Көмүр, Кара-Кулжа жана Майлуу-Суу шаарларынын, Баткен, Жайыл, Токтогул, Аксы, Ала-Бука райондорунун ИИО УККларында, Талас облусунун ИИБ УККсында кармалгандар, аларда калем менен кагаз жок болгон үчүн даттануу жаза албай калышканын кабарлашты.

УККларда кармалган адамдардын 34,7%ы бир дагы жолу муну жасап көрүшпөгөндүктөн, аларда чындап эле даттануу менен кайрылуу мүмкүнчүлүгү бар же жок болгону жөнүндөгү суроого жооп бере алышпады.

27 Кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.
28 Минималдык стандарттык эрежелер. 20-берене.
29 Ички тартип (санжап) эрежелери. 3.1.тарамы.
30 Ички тартип (санжап) эрежелери. 4.1., 4.3. тарамдары.
31 Мониторинг боюнча отчет №5/2/3/1.
32 Мониторинг боюнча отчет №5/9/3/1.4

**6-диаграмма.**
**Дат арызы менен кайрылуу үчүн шарттардын бар же жок болушу.**




Айрым учурларда камакка кармалган адамдардын өз укуктарын иш жүзүнө ашырышына мекеме кызматкерлеринин [illegible] тоскоолдук [illegible] учурлары болот.

***Мисал:*** *Камакта отурган адамдар менен маектешүүдөн:*
*«Даттануу же арыз жазуу мүмкүнчүлүгү жок. Камерадан [illegible] көрүшсө эле, [illegible] алып салышат да, арызды [illegible] айрып салышат. Ошондуктан, мындай арыздарды жазууга [illegible]. Кимдир бирөөнүн жакшы адвокаты болсо, ал арызды үйүнө алып өзү жазып алат».*[33]
*«Арыз менен даттануу жазууга мүмкүнчүлүк беришпейт. Биз [illegible] даттанышпайт».*[34]
*«Бизде [illegible]».*[35]
*«Бул жөнүндө [illegible], [illegible] менен [illegible], [illegible] беришпейт».*[36]

Ошону менен бирге, байкоочулар белгилешкендей, Панфилов районунун жана Токмок шаарынын ИИО [illegible] УКК[illegible] камакта отургандардын даттанууларын жана арыздарын менен иштөө жакшы жолго коюлган.

## C. СЫРТКЫ ЧӨЙРӨ МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ УКУГУ

Сырткы чөйрө менен байланышуу адам укуктарынын бузулушунун, айрыкча кыйноо жана катаал мамиленин алдын алуунун маанилүү кепилдиги болуп эсептелет. Камакка кармалган адамдардын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнө, адвокаттарга, дарыгерлерге, судьяларга, ал эми кармалган адам чет элдик жараны болсо – консулдук кызматкерлерге жолугууга укугу бар.

Кыйноолорду жана катаал, адамгерчиликсиз мамилелердин алдын алуунун негизги кепилдиктеринин бири болуп кандай жол менен болсо да эркиндиги чектелген адамдын сырткы чөйрө менен байланышуу укугу эсептелет. Эл аралык укук кандай жол менен болбосун эркиндиги чектелген адамдарды "инкоммуникадо" абалында – сырткы чөйрө менен байланышсыз кармоого тыюу салат.
Байланышуу укугусуз узак мөөнөткө кармоо кыйноолорго жол ачат жана өзүнөн өзү катаал, адамгерчиликсиз жана кадыр-барк кетирүүчү мамиленин формасы болуп эсептелет.[37]

Бул бөлүмдө сырткы чөйрө менен байланышты камсыз кылуунун эл аралык стандарттарынын алкагында кирген негизги укуктарын ишке ашырылышына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары чагылдырылган:
- кат алышуу укугу
- жолугушуу укугу
- кийим-кече (посылка) алуу укугу
- телеберүүлөрдү, кинофильмдерди көрүү, радиоберүүлөрдү угуу, гезиттерди, журналдарды окуу укугу

[33] Мониторинг боюнча отчет №1/6-7/3/1.2.
[34] Мониторинг боюнча отчет №1/6-7/3/1.1.
[35] Мониторинг боюнча отчет №6/6/3/1.3.
[36] Мониторинг боюнча отчет №7/6/3/1.1.
[37] БУУнун адам укуктары боюнча Комиссиясынын №1997/38 Резолюциясы, 20-пар.

Эл аралык стандарттар тарабынан каралган сырткы чөйрө менен байланышуу укугунун курамдык бир бөлүгү катары телефондук сүйлөшүүлөргө укук улуттук мыйзамдарда чагылдырылбай, иш жүзүндө аткарылбай келгенин белгилеп кетүү ылаазым.

### i. Кат алышуу укугу

**Эл аралык стандарт**

*Эл аралык стандарттарда камактагыларды туруктуу мезгил аралыгы өткөн сайын жана тийиштүү көзөмөл алдында өз үй-бүлөсү же жаман аттуу болбогон достору менен кат алышып баарлашуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу каралган.*[38]

*Кармалган адамга үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү менен кат алышып турууга укук берилет.*[39]

**Улуттук мыйзамдар**

*Улуттук мыйзамдар шектелүүчү жана айыпталуучу адамдардын кат алышуу укугун белгилейт. Маселен, Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамда*[40] *жана Ички санжап (тартип) эрежелеринде*[41] *шектелүүчүлөр менен айыпталуучулардын кат алышуу жана жазууга керектелүүчү буюмдарды колдонуу укугу каралган.*

*Шектелүүчүлөргө жана айыпталуучуларга туугандары менен жана башка адамдар менен кат алышууга уруксат берилип, алынуучу жана жиберилүүчү телеграммалар менен каттардын санына чек коюлбайт.*[42]

*Кат алышуу укугун иш жүзүнө ашыруу даттануу менен кайрылуу укугунун аткарылышына тыгыз байланыштуу. Жогоруда айтылып кеткендей, сурамжыланган адамдардын 17,2%ы аларга кагаз менен калем берилбегенин айтышты, бул болсо аларда туугандарына же тааныштарына кандайдыр бир кат жазууга мүмкүнчүлүгү жок болгонун билдирет (5-диаграмманы караңыз).*

Мониторинг 17,1% учурда камакта кармалган адамдын калеми менен кагазы жок болгондуктан туугандары жана башка адамдар менен кат алышууга мүмкүнчүлүгү болбогонун көрсөттү.

### ii. Жолугушуу укугу

**Эл аралык стандарт**

*Эл аралык стандарттарда камактагыларды туруктуу мезгил аралыгы өткөн сайын жана тийиштүү көзөмөл алдында өз үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү жана жаман аттуу болбогон достору менен жолугушуу аркылуу баарлашуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу каралган.*[43]

*Иши тергөөдө болгон камактагыларда өздөрүнүн камакка алынгандыгы тууралсында өз үй-бүлөсүнө токтоосуз кабарлоого, туугандары жана жолдош-жоролору менен баарлаша алууга мүмкүнчүлүк болуп, алар сот акыйкатын тийиштүү түрдө жүргүзүү, коопсуздук талаптарын аткаруу жана камак мекемесинин кадимкидей иштешин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон чектөөлөргө гана дуушар болушу керек.*[44]

---

[38] Минималдык стандарттык эрежелер. 37-эреже.
[39] Принциптер жыйнагы. 19-принцип.
[40] Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.
[41] Ички санжап (тартип) эрежелери. 3.1 тарамы (пункту).
[42] Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 19-берене.
[43] Минималдык стандарттык эрежелер. 37-эреже.
[44] Принциптеринин жыйнагы. 19-принцип.

## Улуттук мыйзамдар

*Улуттук мыйзамдарда шектүүлөр менен айыпталуучулардын жолугушууга укугу бекитилген. Мисалы, Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзамында туугандары жана башка адамдар менен жолугушуу укугу каралган.*[45]

*Бир айда эки жолудан кем эмес жолугушууга уруксат берилет, алардын ар биринин узактыгы 30 мүнөттөн үч саатка чейин болот. Бул учурда жолугушуу иш өндүрүшүн жүргүзгөн адамдын кат түрүндөгү уруксатынын негизинде берилет, камакка алуу жайынын кызматкерлеринин көзөмөлү астында өткөрүлөт.*[46]

*Ички [illegible] (тартип) эрежелеринде шектүүлөр жана айыпталуучулар жактоочу, туугандары жана башка адамдар менен жолугушууга укуктуу экендиги жазылган.*[47]

*Жолугушуу иштин жүргүзгөн адамдын кат түрүндөгү уруксатынын негизинде берилет, бул уруксат бир эле жолугушуу үчүн жарамдуу. УККда кармалган адам менен жолугушууга 16 жашка чейинки балдары [illegible] киргизилет.*[48]

*УККда жолугушууларды өткөрүү үчүн атайын бөлмө жабдылат. Шектүүлөр жана айыпталуучулар жолугушуу бөлмөсүнө бирден чыгарылышат. Жолугушууга чыгарылып жаткан адамдардын кебете-көрүнүшү тыкан болушу керек. Жолугушуу алдында жана аяктагандан кийин алар тинтүүдөн өтүшүп, буюмдары текшерилип турат.*[49]

ИИО УККларында кармалган адамдардын ичинен мониторингдин жүрүшүндө сурамжылангандардын 13%ы туугандары менен жолугушуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылгандыгын айтышып, жолугушууга УККларда тыюу салынгандыгын билдиришти.

Алардын 40,4%ы ИИо УККларда жаткан адамдарга туугандары менен жолугушуу берилер-берилбесин билишпейт, анткени өздөрүндө ушундай укук бар-жогун билбей, жолугушуу берүүнү сурап көрүшкөн эмес.

**7-диаграмма.**
**Туугандары жана башка адамдар менен жолугушуу берүү.**





***Мисал:*** *Камакта кармалгандар менен маектешүүдөн: «Жолугушууга жана телефон менен сүйлөшүүгө беришпейт, [illegible]».*[50]
*«Туугандарым жолугушууга уруксат ала албай жатышат», «Энем жолугушууга уруксат ала албай жатат», «Туугандарым менен жолуктурбай жатышат».*[51]
*«Жолугушуулар жок, [illegible] тыюу салынган».*[52]

45 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.
46 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 17-берене.
47 Ички тартип эрежелери. 3.1 тарамы (пункту).
48 Ички тартип эрежелери. 4.17., 4.18 тарамдары.
49 Ички тартип эрежелери. 4.22., 4.25 тарамдары.
50 Мониторинг боюнча отчет №4/5/3/1.1.
51 Мониторинг боюнча отчет №6/6/3/1.1., 1.3., 1.4.
52 Мониторинг боюнча отчет №10/12-14/3/1.9.

ИИО УККларында кармалган адамдардын туугандары же башка адамдар менен жолугушуу укугу сакталбагандыгын ИИО УКК кызматкерлери жолугушуулар үчүн атайын бөлмөнүн жоктугу менен түшүндүрүшөт. Мониторинг 47 УККнын ичинен 42 (89,4%) УККда жолугушуу өткөрүү бөлмөсү жок болгонун көрсөттү.

Байкоочулар жолугушуу өткөрүү үчүн атайын бөлмөлөр Ош ИИО УККсында, атап айтканда, Бишкек ш. ИИБ УККсында, Талас облусунун ИИБ УККсында, Балыкчы ш. ИИО УККсында, Токтогул жана Жайыл райондорунун ИИО УККларында бар болгонун белгилешти.

**8-диаграмма.**
**УККда жолугушуу бөлмөсүнүн бар же жоктугу.**




Бирок жолугушуулар үчүн атайын бөлмөлөр жок болгон ИИО УККларында да кызматкерлер камакка алынгандардын туугандары менен жолугушуу укугуна тоскоолсуз кылышат. Мындай ИИО УККларында жолугушуулар тергөө кабинеттеринде өткөрүлөт.

Суралгандардын 46,6%ы туугандары менен жолугушууга тоскоолдуктар жок деп жооп беришти.

Мониторингдин жүрүшүндө сурамжылангандардын бири ИИО УКК кызматкерлери жолугушуу берүү үчүн акча талап кылышканын айтты.

*Мисал: Камакка алынган киши менен маектешүүдөн: «Аялым кызматкерлерге жолугушуу үчүн акча төлөп жатышат деп айтты».*[53]

**iii. кийирүүлөрдү (аманаттарды) алуу укугу**

**Эл аралык стандарт**

*Минималдык стандарттык эрежелерде камакка алынгандардын өз эсебинен башка жактан, же болбосо үй-мүчөлөрү же достору аркылуу тамак алуу мүмкүнчүлүгү каралган.*[54]

**Улуттук мыйзамдар**

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам шектүүлөр менен айыпталуучулардын жөнөтмөлөр менен кийирүүлөрдү (аманаттарды) алуу укугун бекитет.*[55] *Алуу тартиби ички тартиптин (тартип) эрежелеринде да жөнгө салынган.*[56] *Мыйзамдар алынуучу жөнөтмөлөрдүн санына чек коюбайт, бирок алардын салмагы ички тартип эрежелеринде каралган чектөөлөрдөн ашпашы керек. Кийирүүлөрдүн (аманаттардын) саны да чектелген эмес, бирок алардын жалпы салмагы айына 100 кг-дан ашпашы керек. Жашы жете электер, оорулуулар, боюнда бар аялдар, омуроо жашындагы балдары бар аялдар үчүн аманаттардын салмагына чектөө коюлбайт.*[57]

*Кийирүүлөрдү, жөнөтмөлөрдү, бандеролдорду кабылдоо жол-жобосунда кийирүүлөрдү кабыл алуу бөлмөсүнүн тартиби жана иштөө убактысы тууралуу маалыматтын илинип турушу каралган. Жөнөтмөлөр текшерилип кабыл алынууга тийиш болуп, муну ИИОнун кезекчи кызматкери ишке ашырат.*

53 Мониторинг боюнча отчет №8/6/3/1.4.
54 Минималдык стандарттык эрежелер. 87-эреже.
55 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.
56 Ички тартип эрежелери. 3.1 тарамы (пункту).
57 Ички тартип эрежелери. 4.26 тарамы.

*жүзөгө ашырып, жыйынтыгында буюмдар менен азыктардын тизмеси келтирилип, алардын сырткы көрүнүшү менен сапаты, ичинен эмнелер алынып ташталганы же сакталууга тапшырылганы көрсөтүлгөн протокол (акт) түзүлөт. Актыга комиссиянын мүчөлөрү кол коюшуп, бул камактагы адамга тил кат алуу менен жарыяланат жана анын өздүк ишине (көктөмүнө) кошулат.*[58]

Кат түрүндөгү сурамга берилген 2011-жылдын 19-июлундагы №11/893 жообунда КР ИИМ "республиканын ИИО УККларына камакка алынган адамдарга... санын чектөөсүз жөнөтмөлөрдү, кийирүүлөрдү (аманаттарды) жана тамак-аш азыктарын өз туугандарынан, дем алыш күн дебей, күн сайын алууга уруксат берилген" деп кабарлады.

Мониторинг ИИО УККларында камакта олтурган адамдарга күн сайын кийирүү алуу мүмкүнчүлүгү берилгендигин тастыктады.

Бирок суралгандар тарабынан туугандарынан келген аманат кийирүүлөр аларга толук көлөмдө жетпей жаткандыгы жөнүндө даттануулар болуп, алар кийирүүлөрдүн бир бөлүгүн ИИО УКК кызматкерлери алып коюп жатышат деген оюн билдиришти. Бул сыяктуу даттануулардын эң көп саны Москва районунун ИИО УККсында кармалгандардан келди.

> ***Мисал**: Камакка алынган киши менен маектешүүдөн: «Кийирүүлөр жеткирилбей жатат. Туугандарыбыздан жиберилген азыктар саналган каттар келет, бирок азыктар бизгей жетпей калып жатат, жегиликтүүнүн баары алып салынып жатат. Мында баарына ушундай болууда».*

Байкоочулар камактагылар менен сүйлөшүп бүткөндөн кийин Москва районунун ИИО УКК башчысынан тамак-аш кийирүүлөрүнүн берилишин көзөмөлдөөнү күчөтүүнү суранышты.

Жакшы жагдайдын мисалы катары Панфилов районунун ИИО УККсын атаса болот. Анын башчысы өз демилгеси менен кийирүүлөрдү каттоо журналын колдонууга киргизген. Ошол журналга кийирүү кабыл алынган дата, ошондой эле кийирилип жаткан азыктардын тизмеси менен саны жазылат. Панфилов ИИО УККсынын тажрыйбасы кубаттоого жана камактагы адамдарга кийирүүлөрдү толук көлөмдө жеткирүүнү көзөмөлдөө иши ойдогудай болбой жаткан калган ИИО УККларынын арасында жайылтылууга татыйт.

### iv. Радио берүүлөрдү угуу, телеберүүлөрдү көрүү, гезит-журналдарды окуу укугу

**Эл аралык стандарт**

*Эл аралык стандарттарда камактагыларга эң маанилүү жаңылыктарды билгизүү, аларга гезит-журнал жана башка басылмаларды окуганга, радио укканга мүмкүнчүлүк берүү керектиги каралган.*[59] *Принциптер жыйнагы, кармоо же камакка алуу жайларында коопсуздук менен тартипти камсыз кылуучу ылайыктуу шарттар сакталган болсо, камалган же камакта олтурган адамдардын маалымат материалдарын, бул мамлекеттик булактардан болсо, бар болгон каражаттардын чегинде жана ылайыктуу көлөмдө алуу укугун бекитет.*[60]

**Улуттук мыйзамдар**

*Мыйзамдарда камакка алынган шек саналуучулардын жана айыпталуучулардын жаңылыктар жөнүндө гезит-журналдарды окуу, радио угуу жана телеберүү көрүү аркылуу маалымат алуу укугу өзүнчө каралган эмес.*

*Камакта кармоо жөнүндө мыйзамда бардык УКК камераларын радиоуктуруу каражаттары менен, ал эми мүмкүн болсо – телевизорлор менен да камсыз кылуу милдети гана жазылган.*[61]

---

58 Ички тартип эрежелери. 4.29 тарамы.
59 Минималдык стандарттык эрежелер. 37-, 39-эрежелер.
60 Принциптер жыйнагы. 28-принцип.
61 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 22-берене.

*Ички санжап (тартип) эрежелери маанилүү жаңылыктар жана окуялар жөнүндө маалымат алуу жол-жобосун белгилеген эч кандай жоболорду камтыбайт.*

Мониторинг көрсөткөндөй, бир дагы УКК камерасы жаңылык маалыматтарын алуу каражаттары менен мамлекет тарабынан жана мамлекет каражаттарына жабдылган эмес. Радиоуктуруу каражаттары менен телевизорлор жок. Камактагыларга жаңы гезиттер менен журналдар берилбейт.

> ***Мисал***: *Камактагы кишиден алынган интервьюдан: «Мында отуруп, эмне болуп жатканынан эч кабарыбыз жок. Жок дегенде, жаңылык билиш үчүн, гезит окутушса, жакшы болмок».*[62]

Ошол эле учурда УКК кызматкерлери өз эсебинен гезит сатып алышып, камакта олтургандарга алып келишкен фактылар да белгиленди. Маселен, Панфилов районунун ИИО УККсында сурамжыланган камактагылар байкоочуларга жаңы гезиттерди аларга УКК башчысы алып келерин айтышты.[63]

“Справедливость” (Адилеттик) Жалал-Абад облустук укук коргоо уюмунун жардамынын жана эл аралык уюмдардын каржылык колдоосу менен Майлуу-Суу, Таш-Көмүр, Кара-Көл шаарларынын, Базар-Коргон, Токтогул, Аксы, Ала-Бука жана Чаткал райондорунун ИИО УККларынын ар бир камерасында радиоуктуруу каражаттары орнотулган.

## 5.1.2. КАМАКТА КАРМОО ЖАНА ЖАЙГАШТЫРУУ ТАРТИБИ

### Эл аралык стандарт

*Эл аралык стандарттарда камактагылардын жынысын, жаш-курагын, мурунку соттуулугун, камакка алынуусунун негиздерин эсепке алуу менен, алардын ар кандай категорияларынын өзүнчө-өзүнчө жайгаштырылышы талап кылынат.*

*Маселен, АСУЭПте айыпталуучуларды соттолгондордон өзүнчө жайгаштыруу жана аларды соттолбогон адамдар катары статусуна жооп берген өзүнчө режим менен камсыз кылуу талап кылынат*[64].

*Минималдык стандарттык эрежелерге ылайык:*

- *a) эркектер менен аялдарды мүмкүн болушунча ар башка мекемелерде жайгаштыруу керек;*
- *b) эгерде эркектер менен аялдар бир эле мекемеде кармалса, анда аялдарды бөлөк имарат-жайга жайгаштыруу шарт;*
- *c) соттоло элек камактагыларды соттолгондорунан өзүнчө жайгаштырган оң;*
- *d) карыздык милдеттенмелерин аткарбагандыгы үчүн соттолгондорду жана жарандык башка иштер боюнча камакка алынгандарды жазыктуу кылмыш жасаган адамдардан бөлөк жайгаштыруу керек;*
- *e) жашына жетелек укук бузуучуларды чоңдорунан өзүнчө кармаган оң болот.* [65]

*Ушул эле өзүнчө кармоо принциптери Принциптер жыйнагында да камтылып, аларда соттоло электерге алардын соттолбогон статусуна ылайык, өзгөчө режим колдонулушу керектиги жазылган.*[66]

*АСУЭП айыпталуучу жашы жетпегендер жашы жеткендерден бөлүнүп, эң кыска мөөнөттө чечим чыгаруу үчүн сотко жеткирилет.*[67]

---

62 Мониторинг боюнча отчет №10/13-15/3/4.5.
63 Мониторинг боюнча отчет №8/6/3/1.3.
64 АСУЭП. 10-берене, 2-тарам.
65 Минималдык стандарттык эрежелер. 8-, 85-эрежелер.
66 Принциптер жыйнагы. 8-принцип.
67 АСУЭП. 10-берене, 2-тарам (b).

*БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоо боюнча эрежелери, мүмкүн болушунча, жашы жетелектерди сотко чейин камакта кармоодон качып, буга өзгөчө учурларда гана жол берип, колдон келишинче, алтернативдүү чараларды колдонууга аракет кылууну талап кылат.*[68] *Ошол эле жоболор жашы жетелектерге карата сот акыйкаттыгын жүзөгө ашыруунун минималдык стандарттык эрежелеринде («Бейжин (Пекин) эрежелери») да чагылдырылган.*[69]

**Улуттук мыйзамдар**

*Шек саналуучулар менен айыпталуучуларды жалпы же бир кишилик камераларда өзүнчө бөлөк кармоо милдети жана бөлөк кармоонун чен-өлчөмдөрү камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамда жазылган.*[70]

*Маселен, мыйзам шек саналуучулар менен айыпталуучулардын камераларга жайгаштырылышынын алардын инсандык өзгөчөлүктөрүн жана психологиялык өз ара батымдуулугун эсепке алуу менен жүргүзүлүшүн талап кылат. Тамеки чеккендери, колдон келсе, чекпегендерден өзүнчө жайгаштырылышы керек.*

*Шектүүлөрдү жана айыпталуучуларды, ошондой эле соттолгондорду камераларга жайгаштырууда, төмөнкүлөрү өз-өзүнчө кармалат:*

- *бир кылмыш иши боюнча шек саналуучулар жана айыпталуучулар;*
- *жазык жоопкерчилигине биринчи жолу тартылып жаткандар жана мурда камакка алуу жайларында болуп көргөндөр;*
- *шек саналуучулар менен айыпталуучулардын, ошондой эле соттолгондордун аларга карата өкүм өзүнүн мыйзамдуу күчүнө киргердери.*

*Шек саналуучуларды жана айыпталуучуларды, ошондой эле соттолгондорду камераларга жайгаштырууда төмөнкүлөр калган шектүүлөр менен айыпталуучулардан бөлөк кармалат:*

- *мамлекеттин конституциялык түзүлүшү менен коопсуздугуна каршы кылмыштарды жана адамзаттын тынчтыгы менен коопсуздугуна каршы кылмыштарды кылуу жагынан шек туудургандар жана айыпталгандар;*
- *Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде каралган төмөнкүдөй кылмыштарды жасоо жагынан шек саналгандар жана айыпталуучулар: киши өлтүрүү (97-берене); ден-соолукка атайылап оор залал келтирүү (104-берене, 4-бөлүк); АИВ (ВИЧ) инфекциясын жуктуруу (117-берене); зордуктоо (129-берене); жыныстык мүнөздөгү зомбулук аракеттери (130-берене); каракчылык (168-берене); терроризм (226-берене); барымтага кармоо (227-берене); мыйзамсыз түрдө куралдуу кошуундарды уюштуруу жана ага катышуу (229-берене); бандитчилик (230-берене);*
- *коркунучтуу жана өзгөчө коркунучтуу өнөкөт кылмыштарды жасоо жагынан шек саналуучулар жана айыпталуучулар;*
- *өмүр бою эркиндигинен ажыратууга өкүм чыгарылгандар;*
- *учурда же мурда судья, прокурор, тергөөчү, адвокат, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ички аскерлеринин кызматчысы, ички иштер органдарынын, жаза аткаруу органдарынын, бажыкана органдарынын, салык органдарынын, каржылык полициянын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын, баңгизаттарды көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органынын кызматкери болгон шек саналуучулар жана айыпталуучулар;*
- *чет өлкө жарандары жана жарандыгы жок адамдар, аларды башка шектүүлөр менен айыпталуучулардан бөлөк кармоого шарт болгондо;*
- *башка шектүүлөр менен айыпталуучулар тараптан өмүрүнө жана ден-соолугуна коркунуч туулган шек саналуучулар менен айыпталуучулар, – камакка алуу жайынын администрациясынын*

68 БУУнун эркидиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоо боюнча эрежелери. 17-ереже.

69 БУУнун жашы жетелектерге карата сот акыйкаттыгынын жүзөгө ашырылышына тийиштүү минималдык стандарттык эрежелери (“Пекин эрежелери “).

70 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 30-берене.

*чечими боюнча же кылмыш ишин жүргүзүү анын карамагында болгон адамдын же органдардын кат түрүндөгү кабары боюнча;*

– *жугуштуу оорулар менен ооругандар же медициналык жактан багууга жана кароого муктаж болгондор.*[71]

*Мыйзамда аялдар менен жашы жетелектерди камакта кармоого карата өзгөчө талаптар каралган. Маселен, камакта кармоо жайларында аялдар эркектерден бөлөк жайгаштырылышат. Кош бойлуу аялдар менен жанында балдары бар аялдарга жакшыртылган материалдык-тиричилик шарттары түзүлүп, атайын медициналык тейлөө уюштурулуп, тамак-аштык жана буюмдук камсыздоонун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган өзгөчө ченемдери белгиленет. Кош бойлуу аялдарга карата күндөлүк сейилдөөнүн узактыгын чектөөгө жол берилбейт.*[72]

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамда жашы жетелектерди чоң кишилерден өзүнчө кармоо керектиги жазылган. Бирок ошол эле учурда, эл аралык стандарттарга каршы, аталган Мыйзамда "Көзөмөлдү ишке ашыруучу прокурордун жазуу түрүндөгү макулдугу менен өзгөчө учурларда жашы жетелектер жаткан камераларга кылмыш иши үчүн, мурда оор жана өзгөчө оор кылмыштарга кирүүчү кылмыш жоопкерчилигине тартылбаган оң мүнөздөмө берилген улууларды жаткырууга жол берилет" деген эскертме да бар.*[73]

Мониторингдин жыйынтыктары ачыкка чыгаргандай, жогоруда көрсөтүлгөн талаптардын кээ бири иш жүзүндө аткарылбайт.

Маселен, мониторингдин жүрүшүндө жашы жетелектер чоң кишилер менен бир камерада кармалган эки учур белгиленди – Ысык-Ата районунун ИИО УККсында жана Токмок ш. ИИО УККсында.

Райондордун биринин ИИОсунун башчысынын орун басары берген интервьюсунда мурда укук коргоо органдарынын кызматкерлери болгон камактагылар өзүнчө камерада же жашы жетелектер менен бир камерада кармалгандыгын кабарлады.[74]

Шек саналуучу жана айыпталуучу адамдардын, ошондой эле жазык жоопкерчилигине биринчи жолу тартылып жаткандар менен мурда эркиндиктен ажыратуу жайларында кармалган жана КР КЖКнын 97-беренесинде ("Өлтүрүү") жана 104-беренесинин 4-бөлүгүндө ("Ден-соолукка атайылап оор залал келтирүү") каралган оор кылмыштарды жасагандыгы жагынан шектелүүчү жана айыпталуучу адамдарды өзүнчө-өзүнчө кармоо жөнүндөгү мыйзам талабы дээрлик бардык жерлерде бузулгандыгы аныкталып, бул бир камерада камакта олтурган адамдар менен интервью өткөрүү учурунда документтештирилди.

Мындай жагдай мамлекет тарабынан АСУЭПтин 10-беренесинин 2-тарамынын (айыпталуучуларды соттолгондордон өзүнчө жайгаштыруу жана аларды соттолбогон адамдар катары статусуна жооп берген өзүнчө режим менен камсыз кылуу) бузулушу катары таанылат. Муну БУУнун адам укуктары боюнча Комитетинин жеке кабарлоонун автору аны, ошону актай турган өзгөчө шарттарды түшүндүрбөстөн, соттолгон адамдар менен бир камерага олтургузушканын айткан *Леонид Комаровский Түркмөнстанга каршы иши* боюнча чыгарган чечими тастыктап турат.[75]

Мониторинг мыйзамдын инфекциялык (жугуштуу) дарт менен ооруган адамдарды өзүнчө кармоо жөнүндөгү ченемдеринин дагы бузулушун аныктап чыкты. Маселен, Тоң районунун ИИО УККсында кургак учуктун ачык формасы менен ооруган адам, оорусун тегерек-четиндеги адамдарга жуктуруу жана алардын ден-соолугуна зыян келтирүү коркунучун туудуруп, башка адамдар менен бир камерада кармалган.

---

71 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам.31-берене.

72 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 28-берене.

73 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 31-берене.

74 Мониторинг боюнча отчет №20/16-18/Н.

75 БУУнун адам укуктары боюнча Комитетинин Леонид Комаровский Түркмөнстанда каршы иши боюнча 2008-жылдын 24-июлундагы CCPR/C/93/D/1450/2006 чечими.

### 5.1.3. КАМАКТА КАРМООНУН ШАРТТАРЫ

### А. МАТЕРИАЛДЫК-ТИРИЧИЛИК ЖАНА САНИТАРДЫК-ГИГИЕНАЛЫК ШАРТТАР

**Эл аралык стандарт**

*АСУЭП эркиндиктен ажыратылган бардык адамдардын өзүнө гумандуу (адамгерчиликтүү) мамиле жасалышына жана адам инсандыгына таандык кадыр-баркынын сыйланышына укуктуу экендигин бекитип,[76] катышуучу-мамлекетке ошол укукту камсыз кылуу милдеттенмесин жүктөйт.*
*Минималдык стандарттык эрежелерде ар бир камакка алынган адам өзүнчө камерада болушу каралган.[77]*

*Камактагылар пайдаланган бардык имарат-жайлар, айрыкча бардык уктоо бөлмөлөрү, санитардык ченемдердин баарына ылайык келиши зарыл болуп, ошол учурда климаттык шарттарга, өзгөчө ошол бөлмөлөрдүн көлөмүнө, ээлеген минималдык аянтына, жарыктуулугуна, жылуулугуна жана желдетилишине тийиштүү көңүл бурулушу керек[78].*

*Камактагылар жашаган жана иштеген имараттардын ичинде:*

а) *терезелер камактагылар күндүзгү жарыкта окуп, иштей ала тургандай өлчөмдө болушу жана, жасалма желдетүү системи бар-жоктугуна карабастан, таза аба берип тургандай жасалышы керек;*

б) *жасалма жарык берүү камактагылардын көрүүсүнө зыян келтирбегидей жетишерлик болушу шарт.[79]*

*Санитардык жабдуулар камактагы ар бир киши өзүнүн табигый муктаждыктарын каалаган кезде тазалыкта жана адептүүлүк шартында канаттандыра алышы үчүн жетишерлик болушу зарыл.[80]*

*Мончо жабдууларынын жана чайынмалардын (душ) саны камактагы ар бир киши кандай болсо да аба-ырайынын шартында ылайык температурада жана жалпы гигиена талап кылгандай мөөнөттөрдө, башкача айтканда, жылдын мезгилдерин жана аймактын географиясын эске алуу менен, мелүүн климата, эч болбогондо, аптасына бир жолу киринип же чайынып алууга жетишерлик болууга тийиш.[81]*

*Камактагылар такай пайдалануучу бардык имарат-жайлар дайыма иреттүү жана өтө таза кармалышы зарыл.[82]*

*Камактагылардан өздөрүн таза кармоону талап кылуу керек. Бул үчүн аларды тазалык жана ден соолук үчүн зарыл болгон таза суу жана зарыл жабдыктар менен камсыз кылуу ылаазым.*

*Камактагылардын адамдык кадыр-баркына жараша сырткы кебетесин күтүүсүнө, эркектерге дайыма кырынып туруууга мүмкүндүк берүү менен алардын чачтарынын жана сакалдарынын өсүп кетпешине шарт түзүү керек.[83]*

*Кийимдер таза жана бүтүн болушу керек. Кир чайкоону жана таза ич кийим берип турууну гигиенанын талабына ылайык камсыз кылуу зарыл.*

*Камактагы ар бир кишиге улуттук жана жергиликтүү ченемдерге ылайык өзүнчө төшөнчү-жуууркандар менен камсыздалган өзүнчө керебет берилиши зарыл, алар берилип жатканда таза болушу, бүтүн абалда кармалышы жана таза болуш үчүн бат-бат алмаштырылып турушу керек.[84]*

---

76 АСУЭП, 10-берене, 1-тарам.
77 Минималдык стандарттык эрежелер, 9-эреже, 1-,2-тарамдар.
78 Минималдык стандарттык эрежелер, 10-эреже.
79 Минималдык стандарттык эрежелер, 11-эреже.
80 Минималдык стандарттык эрежелер, 12-эреже
81 Минималдык стандарттык эрежелер, 13-эреже
82 Минималдык стандарттык эрежелер, 14-эреже
83 Минималдык стандарттык эрежелер 15-, 15-эрежелер.
84 Минималдык стандарттык эрежелер, 17-, 19-эрежелер.

*Акчалар, баалуу буюмдар, кийимдер жана ошол мекеменин эрежелери боюнча камактагылар өзүндө кармап турушу мүмкүн эмес болгон башка нерселер сактоого берилип, ишенимдүү шартта сакталып турат. Бул буюмдардын тизмесине камактагылар тарабынан кол коюлат. Камактагылар өзү кармалган мекемеденн бошонуп чыкканда, аларга таандык бардык буюмдар жана акчалар кайтарылып берилүүгө тийиш. Камактагы адам өзүнө таандык акча менен буюмдарды алгандыгын ырастоо катары колун коёт.*[85]

**Улуттук мыйзамдар**

*Улуттук мыйзамдар тарабынан айыпталуучулардын жана шектелгендердин материалдык-тиричилик жана медициналык-санитардык камсыздалууга, анын ичинде тергөө аракеттерине жана сот отурумдарына катышкан мезгилде, укуктуу болгондугу каралган.*[86]

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамга ылайык, шектелгендерге жана айыпталуучуларга гигиенанын, санитариянын жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берген тиричилик шарттары түзүлүп, жеке уктоо орду, төшөнчү-орунчулар, идиш-аяк жана ашкана жабдыктары берилет.*

*Бардык камералар радиоберүү каражаттары, мүмкүн болушунча телевизор, муздаткыч жана желдетүүчү жабдуулар менен камсыз кылынат. Камерадагы бир кишиге эсептелген санитардык аянт, мыйзамга ылайык, 3,25 м$^2$ деп белгиленген.*[87]

*Ички санжап (тартип) эрежелеринде жазылгандай, УККда жаткан мезгилде жеке пайдалануу үчүн шектелгендер жана айыпталуучулар төмөнкүлөр менен камсыз кылынат:*

- *уктоочу орун менен,*
- *төшөнчү-орунчулар, шейшеп, жаздык тыш, жууркан тыш менен,*
- *тамактануу учуруна идиш-аяк менен.*

*Бекитилген ченемдерге ылайык жана андагы шектелгендер менен айыпталуучулардын санына жараша, камераларга жалпы пайдалануу үчүн төмөнкүлөр берилет:*

- *самын (кол жууган жана кир жууган),*
- *кир жуучу порошок,*
- *гигиеналык максаттагы кагаз,*
- *камераны тазалоо буюмдары.*

*Тигүү ийнелери, кайчылар жана тиричиликке керектүү саюучу-кесүүчү башка буюмдар шектелгендер менен айыпталуучуларга УККнын нөөмөтчүсүнүн көзөмөлү астында берилип, пайдаланылып бүткөн соң кайра алынат.*[88]

*УКК камералары төмөнкүлөр менен жабдылат:*

- *стол;*
- *санитардык түйүн;*
- *суу түтүгүнүн чоргосу;*
- *сырт кийим илгич;*
- *туалет буюмдары үчүн текче;*
- *ичүүчү суу куюлуучу идиш;*
- *акыр-чикир үчүн урна.*

*Күн сайын зарылдыкка жараша камераларга ичүүчү суу берилип турат.*

*Аптасына бир жолудан сейрек эмес шектелгендерге жана айыпталуучуларга чайынмада 15 мүнөттөн кем эмес убакыт жуунуп алууга мүмкүндүк берилет.*[89]

---

85 Минималдык стандарттык эрежелер, 43-эреже.
86 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам, 16-берене.
87 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам, 22-берене. Ички тартип (санжап) эрежелери, 2.3. тарамы.
88 Ички тартип (санжап) эрежелери, 2.1. тарамы.
89 Ички тартип (санжап) эрежелери, 2.2. тарамы.

*Ар бир УККда төмөнүлөр жабдыланышы керек:*

- *электр плитка, суу кайнаткыч, шкаф, ошондой эле идиш-аяк жууш үчүн үч көздүү ваннасы бар тамак ысытуу бөлмөсү;*
- *шектелгендер менен айыпталуучулардын төшөнчү-орунчулары жана камерада кармоого уруксат берилбеген жеке буюмдары сакталуучу бөлмө;*
- *чайынмалары жана пароформалиндүү дезинфекциялоо камерасы бар санитардык тазалоочу жай, ошондой эле башка кызматтык жана көмөкчү жайлар.*[90]

*Эрежелерде бардык адамдардын УККга алынып келгенде милдеттүү түрдө баштапкы санитардык тазалануудан өтүүсү, андан кийин аларга карата санитардык тазалоону жети күндө бир жолудан кем эмес өткөрүү каралган. ИИМдин медициналык кызматтары жайгашкан шаарларда жана облустук борборлордо УККга санитардык көзөмөл жүргүзүү ошол кызматтар тарабынан, ал эми калган калк конуштарында республикалык саламаттык сактоо чөйрөсүнүн аймактык органдарынын санитардык-эпидемиологиялык мекемелери тарабынан ишке ашырылат.*

*УККда күн сайын камераларды жана камакжайдын башка имарат-жайларын дезинфекциялоо каражаттарын колдонуу менен нымдап тазалоо жүргүзүлүүгө тийиш.*

*УКΚнын санитардык абалын текшерүүнүн жыйынтыктары санитардык-эпидемиологиялык станциянын кызматкерлери тарабынан атайын журналда белгиленет.*[91]

*Мыйзамдар шектелгендерди жана айыпталуучуларды гигиенанын жана санитариянын талаптарын сактоого милдеттендирет.*[92]

*а) <u>УКК имраттарынын абалы</u>*

Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, азыркы кезде ИИО УККлары жайгашкан имараттардын көбү 20 жылдан ашуун мезгил мурда, т.а., Кыргыз Республикасы эгемендик алганга чейин, курулган.


**1-таблица.**

**УКК имараттарынын курулган жылы.**

| **УКК курулган жылдар** | **УККлардын саны** |
|---|---|
| 1950-1960 | 3 |
| 1961-1970 | 4 |
| 1971-1980 | 9 |
| 1981-1990 | 10 |
| 1991-2000 | 8 |
| 2001-2011 | 3 |
| Маалымат жок | 10 |
| **Бардыгы:** | **47** |

90 Ички тартип (санжап) эрежелери, 2.4. тарамы.
91 Ички тартип (санжап) эрежелери, 5.11-5.16 тарамдары.
92 Ички тартип (санжап) эрежелери, 3.1. тарамы

**9-диаграмма.**
**Курулган ИИО УККларынын саны**





Диаграммадан көрүнүп тургандай, ИИО УККларынын жана УККлар жайгашкан имараттардын куруунун кыл чокусу 1980-1990-жылдарга туура келет. Кыргызстан көз карандылыгын алгандан кийинки мезгилде – 1991-2011-жылдары 11 жаңы ИИО УККсы курулду.


Эң эски имараттардын катарында 1930-жылдары курулган Ак-Талаа районунун ИИО УККсы, 1950-жылдары курулган Сокулук районунун ИИО УККсы, ошондой эле 1960-жылдары курулган Жайыл жана Кара-Суу райондорунун жана Токмок ш. ИИО УККлары.

Эң жаңысы болгон Тоң районунун ИИО УККсынын имараты 2009-жылы курулган. Ал ИИО аймагында жайгашкан бир кабаттуу өз алдынча имарат болуп, камакта кармоо шарттарына коюлуучу эл аралык стандарттарына жооп берет.

**10-диаграмма.**
**Жылдарга бөлүп карагандагы ИИО УККларындагы капиталдык ремонт.**




**11-диаграмма.**
**Жылдарга бөлүп карагандагы ИИО УККларындагы косметикалык ремонт.**




Изилдөөнүн жүрүшүндө белгилүү болгондой, ИИО УККларынын капиталдык жана косметикалык ремонтун жүргүзүүнүн активдүүлүгүнүн кыл чокусу 2006-2011-жылдар мезгилине туура келет. Акыркы беш жылдын ичинде 29 УКК ремонттон чыгарылган. Ошол эле мезгилдин ичинде капиталдык ремонт 11 УККда жүргүзүлгөн.


2006-жылдан баштап, ЕККУнун Бишкектеги борборунун колдоосу менен, айрым ИИО УККларында (Сокулук жана Кара-Буура, Кочкор жана Ат-Башы райондорунун ИИО УККлары, Нарын ш. ИИО УККсы) реконструкция жана ремонт иштери жүргүзүлгөн. Талас облусунун ИИО УККсы жаңыдан курулган.

Мониторинг айрым ИИО УККларында камакта кармоо шарттарынын эл аралык стандарттарга туура келбегендигин, себептеринин бири алардын жайгашкан жерине байланыштуу экендигин көрсөттү. Маселен, 47 УККнын ичинен 14ү (29,8%) жер төлөдө же жарым жер төлө жайларында орун алган.

Алып карасак, Кара-Суу районунун ИИО УККсы РИИБ имаратынын жертөлөсүндө, жер бетинен үч метр тереңдикте жайгашкан, ошондуктан анын бардык бөлмөлөрүндө караңгылык жана абасыздык өкүм сүрүп турат. Ошондой эле Кызыл-Кыя жана Сүлүктү шаарларынын, Ала-Бука, Тогуз-Торо, Сузак, Чаткал, Баткен жана Лейлек райондорунун ИИО УККлары да жертөлөдө жайгашкан.

Сокулук, Өзгөн, Кара-Кулжа райондорунун жана Ош, Нарын шаарларынын ИИО УККлары жарым жертөлөдөн орун алган.

**12-диаграмма.**
**УКК имарат-жайларынын жайгашышы**




УККлардын 23ү (48,9%) ИИОнун биринчи кабатында жайгашып, 10у гана (21,3%) өзүнчө имаратта орун алган.

*b) камералардын аянты жана санитардык абалы*

Бардыгы болуп мониторингдин жүрүшүндө 47 УККдагы 183 камера изилденди. Ошондой эле, бардык камералар бир кишиге карата камеранын аянты 3,25 чарчы метр болушу керек деген талаптарга жооп бербегендиги аныкталды.

Мисалы, мониторинг учурунда камералардын аянты бир адамга 0,9 чарчы метрден 4,5 чарчы метрге чейин экени аныкталды. Бул учурда аянты мониторинг учурундагы камерада кармалган адамдардын саны үчүн эмес, бир адамды кармоо лимитинин негизинде эсептелип чыккан. Эсепке алуу керек, мониторингдин жүрүшүндө камералардын толуп калышы байкалган. Кээ бир ИИО УККларындагы аянты талаптарга жооп бербеген камералар төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

**2-таблица.**

**Санитардык аянт талабына жооп бербеген ИИО УКК камералары.**

| № | Наименование ИВС ОВД | Площадь камеры |
|---|---|---|
| 1. | Жайыл районунун ИИО УККсы | 1,3 чарчы метр |
| 2. | Таласбашкармасынын ИИБ УККсы | 1,8 чарчы метр |
| 3. | Москва районунун ИИО УККсы | 2,5 чарчы метр |
| 4. | Бишкек шаарынын ИИБ УККсы | 2,8 чарчы метр |
| 5. | Кочкор районунун ИИО УККсы | 2,3 жана 1,8 чарчы метр |
| 6. | Ат-Башы райондук ИИО УККсы | 1,25 чарчы метр |
| 7. | Сузак райондук ИИО УККсы | 1,5 чарчы метр |
| 8. | Ноокат райондук ИИО УККсы | 2,0 чарчы метр |
| 9. | Кара-Көл шаарынын ИИО УККсы | 2,3 чарчы метр |
| 10. | Кара-Кулжа райондук ИИО УККсы | 2,45 чарчы метр |
| 11. | Өзгөн райондук ИИО УККсы | 2,6 чарчы метр |
| 12. | Араван райондук ИИО УККсы | 2,25 чарчы метр |
| 13. | Балыкчы шаарынын ИИО УККсы | 2,8 чарчы метр |
| 14. | Каракөл шаарынын ИИО УККсы | 2,5 и 3,5 чарчы метр |
| 15. | ИВС ОВД Иссык-Кульского района | 1,3 и 2,0 чарчы метр |

Аянттын ашыкча чектелиши камакта кармоо шарттарынын талапка ылайык келгендигин талдоо үчүн негизги суроо болуп эсептелет. Европанын адамдар укуктары боюнча соту *Лабзов Россия Федерациясына каршы ишинде* катаал жана адамгерчиликсиз мамиледен эркин болуу укугунун бузулгандыгын таанып, “арызданууучу көптөгөн башка камералаштары менен камеранын бир эле бөлмөсүндө бирге жашаганга, уктаганга жана даарат ушатканга аргасыз болгондугунун өзү эле адамды басынтууга же кордоого, анын кемсинтилиши менен опузаланышана алып келген коркуу, тынчсыздануу жана кадыр-баркыз болуу сезимин пайда кылууга жетиштүү”[93] деп белгилеген.

Мониторинг жүргүзүүнүн үч учурунда камерада кармалгандардын саны каралган лимиттен ашып кеткен. Мисалы, Кара-Буура районунун ИИО УККсында лимитте каралган 4 кишинин ордуна камерада 5 киши кармалган, ошол кездеги УККда кармалгандардын жалпы саны лимиттен 1,5 эсеге көп болгон. Ушундай эле лимиттен ашып кетүү Тоң районунун ИИО УККсында байкалган. Ал жерде лимитте каралган 4 кишинин ордуна 5 киши кармалган.

Камералардын ашыкча толушунун эң жогорку пайызы Ысык-Ата районунун ИИО УККсында катталып, анда лимиттеги 28 кишинин ордуна 45 киши кармалып турган. УКК башчысынын сөзүнө караганда, камакжайлардын толуп кетиши өтө көп учурайт, ага сот отурумдарынын улам ары жылдырылышы жана сот чечимдеринин өз убагында чыгарылбай калышы себеп болууда.

Түштүк аймагы боюнча камералардын толуп кетиши жагынан эң көйгөйлүүлөрү катары байкоочулар Кадамжай жана Токтогул райондорунун ИИО УККларын белгилешти.

*с) <u>камералардын жалпы абалы</u>*

Мониторингдин жүрүшүндө байкоочулар камералардын жалпы абалына, атап айтканда, дубалдарынын, шыптын, жертамандын абалына, жарыктануу түрлөрү менен жарыктуулук деңгээлине, жылуулук жана желдетүү системдеринин бар же жоктугуна ж.б.у.с. көңүл бурушту.

Изилдөөнүн натыйжасында көпчүлүк УККлардагы камералардын жалпы абалы улуттук мыйзамдардын талаптарына да, эл аралык стандарттарга да жооп бербегендиги жөнүндө корутунду чыгарылды.




33 (71%) УККнын жертаманы бетондон болуп, линолеум, кафель же башка жылуулук берүүчү материал менен жабылган эмес. УККлардын 8инде (17%) камералардын жертаманы жыгач менен капталып, Тоң районунун ИИО УККларынын биринде (3%) кафель менен төшөлгөн.



УККлардагы камера.

Байкоочулар көпчүлүк учурда дубалдардын жана шыптардын абалын канааттандырарлык деп белгилешкен (акталган, сырдалган). Бул жагынан 5 (11%) УКК, т.а., Жайыл, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Сузак жана Өзгөн райондорунун ИИО УККлары бөтөнчө турат, аларда дубалдардын кирдеп, жарылып кеткени, капиталдык ремонтту талап кылганы белгиленген.

Байкоочулар Жайыл, Түп, Өзгөн жана Кадамжай райондорунун ИИО УККларындагы камералардын абалынын канааттандырарлык эместигин, тезинен ремонт жасоону талап кылгандыгын белгилешкен. Ошол УККлардын камераларында нымдуулук жогору болуп, ошондон улам дубалдар көгөрүп кеткени байкалган.

[93] Европанын адам укуктары боюнча сотунун *Лабзов Россия Федерациясына каршы иши* боюнча чечими. №62208/00-даттануу. Страсбург, 16-июнь, 2005-жыл.

Ала-Бука районунун ИИО УККсында, желдетүүнүн начарлыгынан жана ошонун натыйжасында сыздын көптүгүнөн айрым камераларда жыгач жертамандар чирип кеткен.

Араван районунун ИИО УККсын мониторингге алып жаткан учурда байкоочулар УККнын бардык камералары жана имарат-жайлары оңдолуп, канааттандырарлык абалда болгонун белгилешти.

*d) камералардагы уктоочу орундардын саны*

Мониторинг ар бир шектелген жана айыпталган кишини уктоо орду менен камсыз кылуу жагынан мыйзам бузууларды аныктады.





УККлардагы камера.

Алсак, уктоо орду катары керебеттер 25 (53,2%) гана УККнын камераларына коюлган, анын ичинде 21инде керебеттер темир болсо, 4үндө (17%) – жыгач.

18 (38%) УККнын камераларында керебеттердин ордуна камерадагы бардык кармалгандар үчүн бир жыгач сөрү (топчан) орнотулган. Эгер камеранын чоң эмес аянтын эске алсак, ачык аянт дегеле калбай калган.

Ушундай эле көрүнүш камеранын бүтүндөй аянтын бир жыгач сөрү ээлеген Балыкчы ш. ИИО УККсында жана камераларында 3х3 метр өлчөмүндөгү жыгач сөрүлөр орнотулган Кызыл-Кыя ш. ИИО УККсында байкалган.

Бир сөрүгө 5 же андан көп камакта кармалгандар жатышат. Маселен, изилдөө жүргөн учурда Талас облусунун ИИО УККсындагы 3,67х3 метр өлчөмүндөгү сөрүгө 8 адам жайгашкан.

Кара-Буура районунун ИИО УККсындагы 4 кишиге чакталган камерада мониторинг убагында 5 киши олтуруп, камактагылардын бешөөнө тең бир эле жатак жер – 3х3 м өлчөмүндөгү сөрү коюлган.

Белгилей кетчү нерсе, Өзгөн, Чоң-Алай, Ала-Бука жана Базар-Коргон райондорундагы ИИО УКК камераларында керебет да, сөрү да жок. Ошол УККлардагы камералардын жертаманына тегерете жыгач төшөлүп, кармалгандар анда отурушат, тамак жешет жана анын үстүнө укташат.

*e) төшөнчү-орунчулар, шейшептер, жууркан тыштар, жаздык тыштар бар же жок болушу*

Мониторингдин жыйынтыгында УККларга барган кезде бардык жерде төшөнчү-орунчуларды, шейшептерди, жууркан тыштарды жана жаздык тыштарды жекече колдонууну камсыз кылуу боюнча мыйзам талаптары бузулуп жатканы аныкталды.



Төшөнчү-орунчулар.

Бардык УККларда текшерүү учурунда шейшептер, жууркан тыштар, жаздык тыштар болгон эмес.

Байкоочулар белгилешкендей, төшөнчү-орунчулар (жуурканадар, жаздыктар, матрацтар) 25 (53%) ИИО УККнын камераларында гана бар. Ошондо да алар жетиштүү болбой (мисалы, бир гана матрац бар), алардын саны камерада кармалгандардын санына туура келбейт.

Көпчүлүк учурда төшөнчү-орунчуларды камакта отургандардын туугандары алып келишет.

13 (52%) УККда байкоочулар төшөнчү-орунчулардын абалынын таптакыр канааттандырарлык эместигин белгилешкен – алар кир, жыртык болгон (Ош ш. ИИБ УККсы, Балыкчы, Токмок, Таш-Көмүр, Кара-Көл жана Майлуу-Суу шаарларынын ИИО УККлары, Кара-Суу, Ноокат, Сузак, Токтогул, Аксы, Ала-Бука райондорунун ИИО УККлары).

***Мисал***: *Сокулук районунун ИИО УККсына Эл аралык Кызыл Жарым ай комитети жана «Чек арасыз дарыгерлер» уюмунун колдоосу менен матрацтар берилген. Бирок УККда жууркандар, шейшептер, жаздык тыштар жана жууркан тыштар жок.*

***Мисал***: *Токмок шаарынын ИИО УККсында бир эле камерада эки жашы жетпеген бала бир матрацта жатышкан.*




Төшөнчү-орунчулар.

Төшөнчү-орунчулардын жакшы абалы жетиштүү түрдө матрацтар, жууркандар жана жаздыктар менен камсыздалган УИИБ УККсында байкалган. УККнын башчысынын айтымында, Темир жол башкармалыгы УККны керектүү төшөнчү-орунчулар менен камсыз кылат.

*f)<u>жарыктандыруу</u>*

Мониторингде табигый жана жасалма жарык берүү жагдайына коюлуучу улуттук жана эл аралык талаптар бузулганы аныкталды.

Мониторинг жүргүзүлгөн көпчүлүк УККларда күндүзгү жарыктын тийиши терезелердин кичинекейлигинен чектелип калган. Терезелердин өлчөмү 10х45 см-дан 1,0х1,20 см-га чейин болгон.



Камерадагы терезе.

Таблицада айрым ИИО УККларындагы камералар аянтынын, терезелер санынын жана өлчөмүнүн ара катышы келтирилген.

**3-таблица.**

**Айрым УККлардын камераларындагы терезелердин саны жана өлчөмү.**

| КР ИИБ УКК | Камеранын аянты, чарчы м. | Камерадагы терезелер саны, даана. | Терезе өлчөмү, см |
|---|---|---|---|
| **Кара-Көл ш. ИИО УККсы** | 5,4 | 1 | 25 х 25 |
| **Аксы районунун ИИО УККсы** | 7,5 | 1 | 20 х 35 |
| **Токмок ш. ИИО УККсы** | 18,0 | 1 | 20 х30 |
| | 13,5 | 1 | 35 х 45 |
| **Балыкчы ш. ИИО УККсы** | 20,7 | 1 | 10 х 45 |
| **Түп районунун ИИО УККсы** | 18,35 | 1 | 30 х 39 |
| | 18,5 | 1 | 32 х 45 |



Камерадагы терезе.

18 ИИО УККсында (38%) терезелер эки кабат темир торлор менен капталып, ошондон улам жарыктын жана таза абанын кириши дээрлик мүмкүн эмес. Мисалы, мындай жагдай Кара-Суу, Кемин, Жети-Өгүз, Түп, Баткен, Лейлек, Алай, Базар-Коргон, Кара-Кулжа райондорунун ИИО УККларында, Кызыл-Кыя, Каракол, Сүлүктү шаарларынын ИИО УККларында ж.б. байкалган.

Жалал-Абад шаарынын ИИБ УККсында терезеге айнектин ордуна полиэтилен пленкасын тартып коюшкан, ал абанын киришине жол бербейт.

Кара-Буура районундагы ИИБ УККнын камераларында терезеге айнектин ордуна темир калкаламалар орнотулган, ал күндүзгү жарыкты киргизбейт.

Балыкчы ш. ИИО УККсында табигый жарык жок, анткени камерадагы жалгыз терезе сыртынан калыңдыгы 2 мм. темир капкак менен ширетилип салган, анын диаметри 3,5 см болгон 3 тешиги гана бар. Ушундай эле көйгөй Нарын ш. ИИО УККсында, Ысык-Көл, Жайыл жана Өзгөн райондорунун ИИО УККларында орун алган.

Камактагыларды, алардын качып кетүүсүн болтурбоо максатында болсо да, табигый жарык менен таза абадан, т.а., жашоонун камактагы адам пайдалууга укуктуу болгон негизги элементтеринен куру калтыруу Европанын Кыйноолордун жана адамгерчиликсиз, катаал мамиленин же жазалоонун алдын алуу боюнча комитети (ЕКАК)[94] тарабынан, ошондой эле *Лабзов Россия Федерациясына каршы* ишинде Европанын адам укуктары боюнча соту тарабынан[95] катаал мамиле жасоо деп табылган.

Байкоочулар күндүзгү жарыкта окуганга жана жазганга болорлук жарыктандырууну Ат-Башы жана Тоң райондорунун ИИО УККларында байкашып, Тоң районунун ИИО УККсында пластикалык терезелер коюлган.

Чоң-Алай районунун ИИО УККсындагы камераларда, Ысык-Көл районунун ИИО УККсындагы жеке камерада, ошондой эле Ош ш. ИИБ УККсындагы үч камера менен Жайыл районунун ИИО УККсындагы үч камерада дегеле терезелер жоктугу байкалган.

Кара-Суу районунун ИИО УККсында терезелер бар болгону менен, алар сыртка чыкпайт, анткени УККнын имарат-жайы ИИОнун жертөлөсүндө жайгашкан.

Айрым ИИО УККларында жасалма жарык берген учурда окуганга ылайык шарт жетишпегендигин байкоочулар аныкташкан. Мисалы, Базар-Коргон жана Ысык-Ата райондорунун ИИО УККларындагы камераларда жасалма жарык берүү лампалары коюлбаган, алар коридорго коюлуп, жарык камерага каалгадагы чоң эмес тешик аркылуу гана кирет.

Таш-Көмүр жана Кара-Кулжа шаарларынын, Сокулук, Токтогул, Аксы жана Ала-Бука райондорунун ИИО УККларынын камераларында жасалма жарыктандыруу өтө начар, себеби коридор тараптагы жасалма жарык берүүчү лампа темир торчо менен курчалган. Лампа күнү-түнү жанып турганына карабастан, камералардын ичи күңүрт, жасалма жарыкта окуганга жана жазганга мүмкүн эмес, камеранын алыскы бурчтары араң көрүнөт.

---

94 Европанын Кыйноолорду жана адамгерчиликсиз, катаал мамиленин же жазалоонун алдын алуу боюнча комитетинин №11 Жалпы баяндамасы. CPT/Inf (2001) 16. 30-параграф.

95 Европанын адам укуктары боюнча сотунун Лабзов Россия Федерациясына каршы иши боюнча чечими. №62208-Даттануу. Страсбург, 16-июнь, 2005-ж.

*g) желдетүү*

Байкоочулар 10 (21,3%) ИИО УКК камераларында аба үп болуп турганын, желдетүүгө мүмкүн эместигин белгилешкен.

Өзгөн жана Жайыл райондорунун ИИО УККларын текшерүү учурунда жай мезгилинде камераларда адам чыдагыс ысык болуп турган, камераларда абаны табигый желдетүү болгон эмес, жасалма жол менен желдетүү бузук болгон.

Байкоочулар Түп районунун ИИО УККсындагы бардык камералар караңгы, суук жана сыз экенин, жагымсыз жыттанып турганын, дубалдардын көгөрүп кеткенин белгилешкен.



Камерадагы терезе.

Кадамжай районунун ИИО УККсында жасалма желдетүү жабдуусу орнотулган, бирок ал эч таасир деле бербейт, андыктан жайкысын камераларда үп болуп турат, күзүндө жана кышында абдан эле сыз, дубалдары көгөрүп кетет. Ушундай эле абал Жайыл районунун ИИО УККсында орун алган.

Кара-суу районунун ИИО УККсынын камераларында жасалма желдетүү жабдыктары бар, бирок алар иштебейт, себеби электр тогун бат-бат өчүрүп турушат.

Ысык-Ата районунун ИИО УККсынын камераларында дегеле аба жок, камерадагы жалгыз терезе темир тор жана торчо менен жабылып, алар абаны өткөрүшпөйт. УКК администрациясынын билдиришинче, 2010-жылы желдеткичтин кыймылдаткычын алмаштырышкан, бирок ал начар иштейт жана иштеп жатканда катуу үн чыгарып турат. УККда кармалып турган бардык адамдар байкоочуларга желдеткич аба менен камсыз кылбай эле, кулакты тундура берерин айтып наалышкан.

*h) жылытуу*

Мониторинг жайкы-күзгү мезгилде жүргүзүлгөндүктөн, ИИО УККларындагы жылытуу системинин ишине баа берүүгө мүмкүндүк болбоду. Бул стандарттын сакталышынын анализи интервью учурунда алынган маалыматтарга негизделет.

Камералардагы орточо температура, байкоо жүргүзүү айына жараша, жайкысын 25-30 градус, күзүндө 18-22 градус болот.

Кызматкерлердин айтымында, 13 (27,7%) УККда жылытуунун борборлоштурулган системи колдонулат, 22синде (46,8%) – электр менен жылытылат. Электр менен жылытылган УККларда электр тогун берүү токтотулган кезде меш жагып ысытышат.

УКК кызматкерлеринин айтымында, айрым УККларда, мисалы, Ноокат, Баткен, Лейлек, Сокулук райондорунун ИИО УККларында, кышкы мезгилде жылытуу системинин натыйжалуулугунун төмөн болушунан улам өтө суук болот.



Камерадагы жылытуу.

Талас облусунун ИИБ УККсына мониторинг жүргүзүү убагында камераларда өтө суук болуп турган, себеби жылытуу системи али иштетиле элек болчу. УККда камакта олтургандардын дээрлик бардыгы үшүп калышкан.

*і) <u>санитардык жабдыктар</u>*




Камерадагы санитардык түйүн.

Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, басымдуу көпчүлүк учурларда камактагылардын табигый муктаждыктарын каалаган кезде таза жана адеп-ахлактык жагдайда ишке ашыруу укугу камсыз кылынбайт.

Камералардагы санитардык түйүндөр 10 (21,3%) УККда гана, анын ичинде Бишкек ш. ШИИБ УККсы, Талас облусунун, Ош, Сүлүктү, Майлуу-Суу жана Каракол шаарларынын, Кара-Буура, Кочкор райондорунун ж.б. ИИО УККларында орнотулган. Бирок камераларда ажатканалар бар болгондугу бардык учурларда эле алардан пайдалануу мүмкүн экендигин билдирбейт.

***Мисал**: Москва районунун ИИО УККсында унитаздар ар бир камерага орнотулган, бирок алар иштебей бузук турат, себеби суу берүүчү шлангасы жок. Камактагылар сууну чака менен агызышат, бирок ал агызып кетүүгө аздык кылат.*

***Мисал**: Каракол ш. ИИО УККсынын камераларында унитаздар орнотулган, бирок жууп турганга суу жок, бул максатта камактагылар суу толтурулган пластик бөтөлкөлөрдү колдонушат.*



Табигый муктаждыктар үчүн коюлган чака.


УКК үчүн борбордук канализациянын жоктугу чоң көйгөй болууда. Мисалы, Сокулук районунун ИИО УККсынын санитардык түйүнү жакшы абалда турат, андагы өзүнчө алты кабина ЕККУнун колдоосу менен ремонттолгон. Бирок камераларда канализация болбогондуктан камактагыларды даарат ушатууга күнүнө эки жолу, эртең менен жана кечинде, сырткы ажатканага алып чыгышат.

Даарат ушатуунун жакшы шарттары Ош жана Майлу-Суу шаарларынын ИИБ УККларында каралган, ал жакта камераларда унитаздар иштеп, түтүк чоргосунан суу агат. Ушундай эле шарт Сүлүктү ш. ИИО УККсында түзүлгөн, анда канализацияга уланган ажаткана жана суу түтүгү менен жуунуу жайы бар.

Айрым УККларда, мисалы, Нарын ш. ИИО УККсында, ажаткана УККнын имаратында жайгашкан.

ИИО УККларынын 37синде (78,7%) санитардык түйүн жок. Камактагыларды сейилдетүү короосуна же УККнын имаратына күнүнө эки жолу, эртең менен жана кечинде, ажатканага алып чыгышат, калган убакта алар табигый муктаждыктарын камерага коюлган чака аркылуу ишке ашырышат.

**11-диаграмма.**
**УКЖдагы санитардык түйүндүн жайгашкан жери.**



УККнын аймагында орун алган ажатканалар шилеп чыгаруучу чуңкурлар же жер тамандагы тешик түрүндөгү унитаздар кейпинде. Алардын айрымдарынын тосулмалары же каалгалары жок сейилдетүүчү короодо ачык турушат, табигый муктаждыктарды ишке ашырууну жеке тартипте жүргүзүүгө мүмкүндүк болбойт.

Мисалы, Ысык-Ата районунун ИИО УККсындагы сейилдетүү короосунда орун алган ажаткана жердеги үч тешик кейпинде турат, дубалдары, каалгасы же тосулмасы жок.

Ат-Башы районунун ИИО УККсынын ажатканасы сейилдетүүчү короонун бурчунан орун алган, 1,0х1,0 м өлчөмүндөгү үстүнө тактай жабылган чуңкур кейпинде, тосулмасы бар, каалгасы жана чатыры жок.

Токмок ш. ИИО УККсындагы ажаткана сейилдетүү короосундагы үч чуңкур кейпинде, тосулмасы, каалгасы жок.

Баткен районунун ИИО УККсында камакка алынгандарды сейилдетүүчү короодогу ажатканага алып чыгышат, ал тосулмасы же каалгасы жок эки унитаз кейпинде турат. Жанында жуунгуч бар, бирок анда суу жок.





Сейилдетүү короосундагы ажаткана.

Айрым ИИО УКЛарынын ажатканларынын абалын байкоочулар өтө начар деп белгилешет. Аларга Балыкчы ш. жана Чоң-Алай районунун ИИО УККлары кирет.

Белгилей кетчү нерсе, мониторинг жүргүзүлүп жаткан учурда бардык ажатканаларда гигиеналык максаттарда кагаз же кандайдыр бир дезинфекциялык каражаттар болгон эмес.

Айрым УККларда камактагыларды сейилдетүү алардын өзүн-өзү оңдоп-түзөп алуусу менен бирге жүргүзүлөт, ошол эле кезде ажатканага алып чыгуу сейилдетүү катары эсептелет. Мисалга, Өзгөн, Кара-Суу жана Тоң райондорунун ИИО УККларында камактагыларды сейилдетүү короосуна алып чыгышат, ал жерде казылган чуңкурлар бар, ошолордон табигый муктаждыгын ишке ашырып алганга 10-15 мүнөт берилет, анан кайра камерага алып киришет.



Табигый муктаждыктар
үчүн коюлган чака.

Борбордук канализациянын жоктугу администрациядан жаман суулар чыгарылган чуңкурларды сордуртуп алууга такай каражат издөөнү талап кылат, себеби бюжеттен бул максатта каражат берилбейт. Бул көйгөй УККда жаткандардын укуктарын бузууга алып келет.

***Мисал**: Кара-Буура районунун ИИО УККсынын башчысынын интервьюсунан: «Көлөмү 60 кубометр келген чуңкурду тазалап алганга каражат жок, ошондуктан азыраак иштетишсин үчүн камераларга кеткен сууну бууп турабыз».*

ИИО УККларынын 23үндө (48,9%) камераларда табигый муктаждыктарды ишке ашыруу үчүн чака же чылапчындар коюлган. Ошол эле мезгилде ичүүчү суусу менен бак (чака) коюлган камераларда бак (чака) камеранын бурчунда, табигый муктаждыктарды ишке ашыруучу чаканын жанында жерде турат.

Түп районунун ИИО УККсындагы камераларда табигый муктаждыктарды ишке ашыруу үчүн көлөмү 10 литрлик пластмасс чакасы турат.

Таш-Көмүр жана Кара-Көл шаарларынын, Токтогул, Аксы, Ала-Бука жана Чаткал райондорунун ИИО УККларында табигый муктаждыгын ишкер ашыруу үчүн көлөмү 6 дан 10 литрге чейинки цинк же пласстмас чака колдонулуп, анын үстү капкак менен жабылат. Чаканы камактагылардын өздөрү күнүнө 2 жолу тышка төгүшөт, болгондо да, Ички санжап эрежелеринин 3.2. тарамына ылайык, бул алардын милдеттеринин алкагына кирет.

Жайыл районунун ИИО УКҚсындагы камераларда камактагылар табигый муктаждыктарды ишке ашыруучу чаканы жагымсыз жыт таркап кетпесин үчүн полиэтилен баштыгы менен жабышат.

Кемин районунун ИИО УКҚсындагы камераларда табигый муктаждыктарды ишке ашыруучу чака да жок, мониторинг жүргүзүлүп жаткан кезде камеранын бурчунда жерде заарага толгон пластикалык бөтөлкөлөр жана таштандылар салынган чылапчын турган.

Европанын адам укуктары боюнча соту *Николай Старокадомский Россия Федерациясына каршы ишинде* ал киши кармалып турган камерада ажаткана менен жашоо чөлкөмүнүн ортосунда тосмо жок болгондугунун негизинде анын катаал жана адамгерчиликсиз мамиледен эркин болуу укугу бузулган деп бүтүм чыгарган. [96]

Ошентип, мониторингдин жыйынтыктары УКҚнын аймагындагы жана имаратындагы жайгашкан көпчүлүк ажатканалар камакка алынгандарды кармоо шарттарынын эч кандай, ал турсун минималдык да стандарттарына туура келбейт, ал эми ушундай шарттарда табигый муктаждыктарды ишке ашыруу (баарынын көз алдында, суу жана гигиеналык каражаттарды пайдалануу мүмкүндүгүсүз) адамгерчиликсиз жана адамдын ар-намысын тебелеп мамиле жасаганга жатат деп корутунду чыгарууга жол берет.

*j) чайынма кабиналары*

Мониторингдин жүрүшүндө ИИО УККларында камакта жаткан адамдарда чайынма бөлмөлөрүнүн жоктугуна же иштебегендигине же ысык суунун болбогондугуна байланыштуу жеке гигиенаны сактоого мүмкүндүк жок болгондугу аныкталды.

> ***Мисал**: Москва районунун ИИО УКҚсында чайынма бөлмөлөрү жана камераларда суу чыгуучу чорголор жок. Бул мекемеде кармалып жаткандарда жуунуп алууга мүмкүндүк болбогон, ал эми мониторинг жүрүп жаткан кезде камералардагы абанын температурасы 32 градус ысык болчу.*
>
> ***Мисал**: Кармалып жаткандар канча жолу чайынууга укугу бар деген суроого бир УКҚнын башчысы минтип жооп берди: «Ар күнү эки жолу – эртең менен жана кечинде». Бирок байкоочулар чайынма сейилдетүү короосунда жайгашканын жана жайкысын жогору жагынан байланган бак кейпинде экенин (мониторинг ноябрь айында жүргөн), ысык суу жоктугун, мындай чайынмадан жайында гана пайдалануу мүмкүн болгонун белгилешкен.* [97]


Көпчүлүк учурларда (41,9%) УКҚда кармалып жаткандар жылдын жылуу мезгилинде сейилдоо короосундагы муздак суусу бар чайынмадан пайдаланышат.

> ***Мисал**: Ысык-Ата районунун ИИО УКҚсынын башчысынын айтымында, кышкы мезгилде кармалгандарды чайынмага түшүү үчүн ТКЖга жөнөтүшөт.*

> ***Мисал**: ОБСЕнин каржылык колдоосу менен 2008-жылы курулган Кемин районунун ИИО УКҚсынын чайынма бөлмөсү мониторинг жүрүп жаткан мезгилде насостун бузуктугунан 3 ай иштебей турган.*

[96] Европанын адам укуктары боюнча сотунун Старокадомский Россия Федерациясына каршы иши боюнча чечими. №42239-Даттануу. Страсбург, 31-июль, 2008-ж

[97] Мониторинг боюнча отчет №6/4-8-10-11/ИП/1.



Имараттын ичиндеги чайынма кабинасы.



Сейилдетүү короосундагы  чайынма кабинасы.

***Мисал***: *УИИБ УККсындагы камактагылар жылдын жылуу да, суук да мезгилинде чайынмага түшө алышат. Бир чайынма сейилдетүү короосунун аймагынан орун алган («жайкы чайынма»), УКК имаратынын жанындагы экинчи чайынма менен кышкы мезгилге келишим түзүлгөн.*

***Мисал***: *Нарын районунун ИИО УККсындагы чайынма УККнын имаратында жайгашкан жана тосулма менен чектелген бөлмөдөн турат, анда суу жылыткыч орнотулган. Чайынма бөлмөсүндө самын, мочалка жана сүлгү бар.*

***Мисал***: *Мониторинг жүрүп жаткан кезде Жети -Өгүз ИИО УККсындагы сейилдетүүчү короодо чайынма бөлмөсүн куруу иши жүрүп жаткан, анда 60 литрлик көлөмдөгү суу жылыткыч орнотулган.*

***Мисал***: *Сокулук районунун ИИО УККсынын чайынма бөлмөсү жакшы абалда турат, бир кабинада экиден чайынма бар, ОБСЕнин колодоосу менен ремонттолгон. Ысык суусу бар, чайынмага аптасына бир жолу түшүүгө уруксат берилет.*

***Мисал***:*Канализация, ысык жана муздак суу өткөрүлгөн өзүнчө чайынма бөлмөсү Майлуу-Суу ш. ИИО УККсында каралган.*

УККлардын 13үндө (27,7%) чайынма бөлмөлөрү жок, алардын ичинде Бишкек ш. ШИИБ УККсы, Баткен, Лейлек, Алай, Ала-Бука райондорунун ИИО УККлары, Таш-Көмүр ш. ШИИБ УККсы бар.

Ысык суусу бар, өзүнчө чайынма бөлмөлөрү 9 УККнын (19,1%) имараттарында орун алган.

**12-диаграмма.**
**ИИО УККда чайынма бөлмөсүнүн бар болушу жана жайгашышы.**




*k) <u>жеке гигиена, самын каражаттарынын, ашкана идиш-аягынын бар же жоктугу</u>*

Басымдуу көпчүлүк учурларда ИИО УККларында кармалып жаткандарга самын (атыр жана кир жуучу), жуучу порошок, гигиеналык майлыктары кагаз жана камераны тазалоо үчүн буюмдары берүү тууралуу мыйзам талаптары аткарылбайт.

Бул буюмдар камакка алынгандарга бул муктаждыктар үчүн бюджеттен каражат бөлүнбөгөндүгүнөн берилбейт.

Негизинен ИИО УККсына самынды жана гигиеналык башка каражаттарды камакта жаткандардын туугандары алып келишет. Алардын туугандары келбеген же буюм жиберилбеген камакталгандардын жуунууга жана жеке гигиенага каражаттары жок.

***Мисал:*** *Ысык-Ата районунун ИИО УККсында кармалып жаткан аялдар жеке буюмдарын жууп алууга мүмкүнчүлүк жоктугуна даттанышкан, себеби суу, самын жана кийимдерди жууганга ылайыктуу идиш жок экен.*

***Мисал:*** *Токмок ш. ИИБ УККсында камерада жаткан аялдар камерада суунун жоктугунан жеке гигиенасын сактоого мүмкүнчүлүктөрү жок экенине даттанышкан. Кармалган аялдардын бири: «Жетекчилик жана кызматкерлер бизди кордошот, камерада гигиеналык бөтөлкө, башка жеке буюмдарды кармоого уруксат беришпейт» деп көрсөткөн. Бирок УКК кызматкерлерине ушундай тыюу салуу тууралуу собол беришкенде, «бул мыйзам боюнча мүмкүн эмес» деп жооп беришкен. Бирок УКК кызматкерлери ушундай тыюу салган мыйзамды көрсөтүп бере алышкан жок.*

***Мисал:*** *УККда кармалып жаткан аялдардын бири мындай айтып берген: «Мен эки күн бою жуунууга суу үчүн жылуу суу алып келип берүүсүн сурадым. Эки күндөн кийин мага майонездин кичинекей чакасына алып келип беришти».*[98]

Токмок ш., Ысык-Ата, Кемин, Кара-Буура райондорунун ИИО УККларында жана Талас облусунун ИИБ УККсында камераны тазалоо үчүн шыпыргы жана чака берилбейт.

***Мисал:*** *Камакка алынган адам: «Кээде гана беришет. Эгерде самын жана тиш пастасын беришсе, жакшы болмок».*[99]

***Мисал:*** *Камакка алынган адам: «Камераны тазалоочу буюмдарды беришпейт, өзүбүздүн кийимдерди чүпүрөк жасап алып, жууп коёбуз».*[100]

Мониторингдин жүрүшүндө камераны техничка тазалап жүргөн учур аныкталган – Ат-Башы районунун ИИО УККсында.

Белгилей кетүүчү нерсе, көпчүлүк УККлардын ушул болгон маселелер боюнча канааттандырарлык абалына карабастан, Лейлек районунун ИИО УККсы жана Сүлүктү ш. ИИО УККсы камераларды жана башка жайларды таза кармоосу менен айырмаланышат.

---

98 Мониторинг боюнча отчет №6/5-7/О.
99 Мониторинг боюнча отчет №10/13-15/3/4.5.
100 Мониторинг боюнча отчет №10/13-15/3/3.2.

Көпчүлүк ИИО УККларында ашкана идиштери жагынан көйгөй бар.

**Мисал:** *Кара-Буура районунун ИИО УККсынын бир камерасында мониторинг жүрүп жаткан кезде жеке идиш бардык эле камактагылардын колунда болбогон. Ошол УККда ашкана идиштери чайынма бөлмөсүндө сакталат.*

**Мисал:** *Жети -Өгүз районунун ИИО УККсынын камераларында бир жолку иштетилүүчү пластмасс аятар жана кашыктар бар, бирок алардын саны камераларда жаткандарга жетишпейт.*

**Мисал:** *Сокулук районунун ИИО УККсынын бир камерасында текшерүү убагында 8 киши жаткан, болгону эки кашык, 3 пластмассалык кружка жана 4 пластик аяктар бар болуп, камактагылар аларды кезек менен пайдаланышат.*

*l) жеке буюмдарды сактоо мүмкүндүгү*

Дээрлик бардык УККларда жеке буюмдарды сактоо үчүн стөлдөр, шкафтар, тумбалар жок.

УККлардын 38инде (80,9%) төшөнчүлөрдү жана шектелгендер менен айыпталуучулардын камерада сактоого тыюу салынган жеке буюмдарын сактоочу мыйзам тарабынан каралган атайын бөлмө жок.

Айрым УККларда кармалгандардын жеке буюмдары жетекчинин бөлмөсүндө сакталат.
УККлардын 9унда (19%) жогорудагы максаттар үчүн атайын бөлмө бөлүнүм берилген.

*m) камералардын жабдылышы*

УКК камераларын жабдуу үчүн Ички санжап (тартип) эрежелеринде көрсөтүлгөн нерселерден байкоочулар иче турган суу үчүн бактын жана акыр-чикир салынуучу урнанын бар болгонун белгилешти. Бирок алар бардык эле УККларда бар эмес. УКК камераларында башка эч кандай жабдыктар жок.

Байкоочулар камераларда стөлдөр, биринде болсо узун орундук да орнотулган 2 УККны белгилешти (Майлуу-Суу ш. ИИО УККсы).

Мониторинг жүргүзүлгөн убакта иче турган суу куюлчу бак орнотулган 17 (36,2%) гана УКК жабдылган. Жогоруда айтылгандай, ичүүчү суу куюлган багы (чакасы) бар камераларда ал бурчта, даарат ушатуучу чаканын жанынан орун алган.

Байкоочулар белгилегендей, 20 (42,6%) УККда гана камераларда акыр-чикир үчүн урна коюлуп, 4 (8,5%) УККда болсо урнанын ордуна полиэтилен баштык коюлган.





Камералардын жабдалышы жок болгондуктан
камакка алынган адамдар жердетамактанышат.

*n) санитардык көзөмөл (кармалгандарды санитардык иштетүү, камералардын санитардык абалы, дезинфекция, дезинсекция)*

ИИО УККсына алынып келген бардык адамдарды милдеттүү түрдө баштапкы санитардык тазалоодон өткөрүү тууралуу мыйзамда каралган талап эч бир УККда аткарылбайт.

Ошондой эле мыйзамда каралгандай эле камактагыларды жети күндө бир жолу санитардык тазалоодон өткөрүү да орундалбайт.

Дезинфекциялоочу каражаттар ИИО УККларында жок, демек, көпчүлүк УККларда камераларды жана УККнын башка имарат-жайларын дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен күн сайын нымдап тазалоо тууралуу мыйзам талаптары аткарылбайт.

Бул жагынан салыштырмалуу жакшы жагдай Панфилов районунун ИИО УКСсында байкалган. Ал жерде апта сайын бардык камералар менен ажатканалардын санитардык тазаланышы, ал эми айына бир жолу СЭС тарабынан УККнын дезинфекцияланышы жүргүзүлөт.

Бишкек ш. ШИИБинин башчысынын айтымында, "жылына бир жолу, жайында, порошок колдонуу менен санитардык-эпидемиологиялык тазалоо жасалат".

УИИБ УКК журналындагы жазууларга караганда, камераларды дезинфекциялоо аптасына бир жолу жүргүзүлөт.

Ошол мекеменин башчысы айткандай, санитардык-эпидемиологиялык тазалоону акыркы жолу кышында жасашкан.

Камакта олтуруп, мониторинг сурамжылоосуна тартылгандардын сөзү боюнча, УККда дезинфекция жана дезинсекция жүргүзүлбөйт.

> ***Мисал:*** *Ысык-Ата районунун ИИО УККсында кармалып жаткан аялдар канталалардын бар болгонуна жана бул маселе боюнча администрациянын аракетсиздигине даттанышкан.*

> ***Мисал:*** *Токмок ш. ИИО УККсында кармалган адам: "Мында камераларда бүргөлөр бар "деп айтты.*

Санитардык-эпидемиологиялык кызматтарда иштегендердин көпчүлүгү санитардык көзөмөл жүргүзүшпөйт, жарыктандыруу, желдетүү, температура, нымдуулук жана абанын булганышынын деңгээли, суунун бар болгондугу, сапаты жана касиети ж.б. боюнча санитардык нормалардын сакталышы тууралуу системдик текшерүүлөрдү жүргүзүшпөйт.

> ***Мисал:*** *Сузак районунун ИИО УККсынын башчысы кабарлагандай, санитардык-эпидемиологиялык тазалоого каржылык каражаттар бөлүнүп берилбейт, "кайра РИИБ СЭСке кол коюлган келишимге ылайык бир аз акча бөлүп берет." УККда мониторинг өткөрүлгөн мезгилде ал жерде санитардык-эпидемиологиялык тазалоо жүргүзүп жатышкан.*

> ***Мисал:*** *Ала-Бука районунун ИИО УККсынын администрациясы санитардык-эпидемиологиялык тазалоо каржыланбаганын, бирок ИИО менен СЭСтин ортосунда келишим түзүлүп, ошого ылайык айына бир жолу УКК имарат-жайларынын тазаланышы жүргүзүлөт .*

Белгилей кетчү нерсе, ИИО УККларында мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын талаптарын көптөгөн бузуулар аныкталганына карабастан, алты УКК байкоочулар тарабынан камералардын абалы жана жабдылышы, жарыктандырылышы, жылууланышы, сейилдөөгө мүмкүндүк берилиши ж.б. чен-өлчөмдөр жагынан эл аралык стандарттарга максималдуу жакындашкан мекемеге катары бааланды. Бул:

- УИИБ УККсы
- Талас облусунун ИИО УККсы
- Панфилов районунун ИИО УККсы
- Тоң районунун ИИО УККсы
- Майлуу-Суу ш. ИИО УККсы
- Кара-Көл ш. ИИУ УККСы

Жалпылап айтканда, кармалгандарды камакта кармоонун материалдык-тиричилик жана санитардык-гигиеналык шарттарын иликтөөнүн жыйынтыгында ИИО УККларынын басымдуу көпчүлүгү камакта кармалып тургандардын укуктары, кармап туруунун гумандуу шарттары жагынан эл аралык стандарттардын талаптарына жооп бербейт жана УККларда кармалып тургандар адамдын ар-намысын кордогон шарттарда турушат деп корутунду чыгарууга ылайык.

## В. ТАМАК-АШ

### Эл аралык стандарт

*Минималдык стандарттык эрежелер камак жайларынын администрациясына ар бир камактагы кишиге анын ден соолугун жана күч-кубатын бекемдей алган, жакшы сапаттагы, жакшы даярдалган жана берилген тамак-аш менен камсыз кылуу милдетин жүктөйт.*

*Ар бир камактагы кишиде ал муктаж болгон кезде ичкидей суу болушу керек.*[101]

### Улуттук мыйзамдар

*Камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө мыйзам ички иштер органдарынын убактылуу кармоо камакжайлары Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын сметасы боюнча республикалык бюжеттен каржыланарын белгилейт. Мыйзам тарабынан убактылуу кармоо камакжайларын кошумча материалдык-техникалык камсыз кылуу облустук, райондук (шаардык) администрациялардын бюжеттеринин жана жергиликтүү бюжеттердин эсебинен каржыланары каралган.*[102]

*Улуттук мыйзамдарда айыпталуучулардын жана шектелгендердин акысыз тамактанууга, анын ичинде алар тергөө иш-аракеттерине жана сот жараянына катышып жаткан мезгилде тамактанууга укуктуу болгондугу белгиленген.*[103]

*Шектелгендер жана айыпталуучулар өздөрүнүн ден соолугун жана күч-кубатын бекемдеп турганга жетиштүү акысыз тамак-аш менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган ченемдерде камсыз кылынышат. Шектелгендер менен айыпталуучуларга накталай эмес тартипте тамак-аш азыктарын, эң зарыл буюмдарды, ошондой эле өнөр жай товарларын сатып алууга укук берилет.*[104]

*Тамак-аш ченемдери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 8-февралындагы «Эркинен ажыратууга соттолгондордун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинин кылмыш-аткаруу системасындагы тергөө изоляторлорунда кармалгандардын суткалык тамак-аш нормаларын, алмаштыруу нормаларын, суткалык тамак-аш нормаларын колдонуу жана алмаштыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө» №42-токтому менен бекитилген.*

*Ички тартип эрежелери шектелгендерге жана айыпталуучуларга тамак-аш УКНнын нөөмөтчүсү тарабынан берилерин белгилейт. УККда кармалып жаткандар тамак-ашты камерада кабыл алышат. Идиштерди иштетүү жана жууп-тазалоо сөзсүз түрдө жууп-тазалоо жана дезинфекциялоо каражаттарын колдонуу менен тамак ысытуу бөлмөсүндө жүргүзүлөт.*[105]

*Күн сайын керектөөгө жараша камерага ичүүчү суу берилет.*[106]

---

101 Минималдык стандарттык эрежелер.
102 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 9-берене.
103 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.
104 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 21-берене.
105 Ички тартип эрежелери. 5.15. эрежеси.
106 Ички тартип эрежелери. 2.2. эрежеси.

*Тамак-аштын берилиш саны жана өлчөмү*

УККларда кармалган адамдарга тамак берүү тууралуу берилген сурамга КР ИИМ "республиканын ИИО УККларына камакка алынгандарга... үч маал тамак берилет (эртең менен – чай менен нан, түштө - ысык тамак, кечинде – чай менен нан, кайнак суу дайыма берилип турат" деп маалымат берген.

Мониторинг Панфилов жана Жети-Өгүз райондорунун ИИО УККларынан башка бардык УККларда кармалгандарга ысык тамак күнүнө бир жолу берилгенин көрсөттү. Көпчүлүк учурларда тамакты УКК караштуу ИИОго жакын жердеги кафеде же ИИО алдындагы ашканада даярдашып, алар менен ИИО администрациясы тийиштүү келишим түзөт.

Панфилов жана Жети-Өгүз райондорунун ИИО УККларында кармалгандарга ысык тамак күнүнө эки жолудан берилет.

Маселен, Панфилов районунун ИИО УККсында камакта кармалгандарга эртең менен канты бар чай жана нан, түштө жана кечинде – ысык тамак берилет. Жети-Өгүз районунун ИИО УККсында да камактагыларды күнүнө үч маал тамактандырышып, эки жолкусунда ысык тамак беришет.
Тамакты ИИО ашканасында жана набайканасында даярдашат. Көпчүлүк башка УККлардан айырмаланып, бул эки мекемеде камактагыларда тамактын сапаты менен өлчөмү тууралуу даттануу болгон жок.



Ичинде ысык тамак бар идиш.

Калган ИИО УККларында камакта кармалгандарга күнүнө бир жолу ысык тамак беришет (ысык тамактын бир түрү), эртең менен жана кечинде чай менен нан берилет.

Бир катар ИИО УККларында камактагыларга күнүнө бир ирет ысык тамак беришип, эки жолкусунда, эртең менен жана кечинде, чайдын ордуна же наны жок кайнак суу, мисалы, Кара-Буура районунун ИИО УККсында, же нан менен кайнак суу, мисалы, Бишкек ш. ШИИБ, УИИБ жана Талас облусунун ИИБ УККсында, беришет.

Тамакты ысытуу бөлмөсү жоктугунан улам, бардык эле УККларда тамакты ысык бойдон берүү каралган эмес, мисалы, Кочкор жана Кемин райондорунун ИИО УККларында.

УККларда отургандардан өздөрүнө берилүүчү тамактын сапаты менен өлчөмү тууралуу даттануулар көп түшкөн.

*УККлардагы тамак берүүнү каржылоо*

Мониторинг УККларды, мыйзамдарда каралгандай, республикалык бюжеттин эсебинен каржылоо тартиби сакталбагандыгын аныктап тапты.

Иш жүзүндө бардык УККлар (100%) жергиликтүү бюжеттерден бөлүнгөн каражаттардын эсебинен тамак-аш менен камсыз кылынат. Бул абал УККларды облустук, райондук (шаардык) администрациялардын жана жергиликтүү бюжеттердин каражаттарынан кошумча каржылоо каралган мыйзамдарга каршы келбейт. Бирок кошумча каржылоо КР ИИМинин сметасы боюнча республикалык бюжеттен жасалышы керек болгон негизги каржылоону толугу менен алмаштырбашы керек.

Камакта кармалгандарды тамак-аш менен камсыз кылууда дээрлик бардык УККлар кыйынчылыктарга учурап жатышат, бул тууралуу ошол мекемелердин кызматкерлеринин өздөрү айтып беришкен.

***Мисал**: Бир УККнын жетекчисинин сөзүнөн: «Эчактан бери эле «карызга батып отурабыз», эч ким камактагыларды акчасыз, карызга баккысы келбей».*[107]

[107] Мониторинг боюнча отчет. №19/16-18/Н.

УККда кармалган ар бир адамдын бир күндүк тамагына бөлүнүүчү туруктуу белгиленген сумма жок. Администрациянын айтымында, УККлардын муктаждыктары үчүн жергиликтүү кеңештер тарабынан бир жылга бөлүнгөн каражаттар ар кайсы муктаждыктар үчүн, анын ичинде тамак-ашты, дары-дармектерди жана медициналык препараттарды, ремонтту ж.б. каржылаганга кетет. Демек, УКДа камакта олтургандардын тамак-ашына бөлүнгөн сумманын өлчөмү жергиликтүү кеңештердин депутаттарына көз каранды, алар суткалык тамак-аш ченемин сессияда бекитишет.

Жергиликтүү кеңештер тарабынан жергиликтүү ИИО УККларына бөлүнгөн суммаларды талдап чыгуу киши башына чакталган эң төмөнкү бир күндүк ченем – 38 сом – Аксы районунун ИИО УККсында, эң жогоркусу – 124 сом – Чаткал районунун ИИО УККсында болгонун аныктоого мүмкүндүк берди.

Таблицада камалгандардын ар бирине бир күндүк тамак-ашка бөлүнүп берилген акча каражат суммасы тууралуу маалыматтар келтирилди.[108]

**4-таблица.**

**УККда камакта болгон бир кишиге бир күнгө тамак-аш үчүн бөлүнгөн сумма.**

| № | ИИО УККсынын аталышы | ИИО УККда камакта олтурган 1 1 кишиге тамак-аш үчүн 1 күнгө бөлүнгөн сумма. | Жергиликтүү бюжеттен тамак-ашка бөлүнгөн каражаттар, бир жылга/ чейрекке |
|---|---|---|---|
| 1 | Аксы районунун ИИО УККсы | 38 | - |
| 2 | Жайыл районунун ИИО УККсы | 44 | - |
| 3 | Сузак районунун ИИО УККсы | 45 | жылына 493.000 сом |
| 4 | Токмок ш. ИИО УККсы | 89-90 | жылына 700.000 сом |
| 5 | УИИБ УККсы | 56 | |
| 6 | Сокулук районунун ИИО УККсы | 63 | жылына 900.000 сом |
| 7 | Базар-Коргон районунун ИИО УККсы | дары-дармек сатып алуу үчүн каражаттарды кошкондо 60-70 сом. | жылына 328.000 сом |
| 8 | Бишкек ш. ШИИБ УККсы | 72 | бир чейрекке 5.000-6.000 сом |
| 9 | Кемин районунун ИИО УККсы | 75 | жылына 250.000 сом |
| 10 | Кара-Буура районунун ИИО УККсы | - | жылына 104.228 сом |
| 11 | Кочкор районунун ИИО УККсы | 83 | |
| 12 | Ат-Башы районунун ИИО УККсы | 87 | |
| 13 | Жалал-Абад ш. ИИО УККсы | мурда – 68, азыр - 92 | жылына 1.300.000 сом |
| 14 | Жети-Өгүз районунун ИИО УККсы | 123,74 | - |
| 15 | Түп районунун ИИО УККсы | - | 2010 ж. 180.000 сом бөлүнгөн, 2011 ж. 100.000 сом алынды. |
| 16 | Балыкчы районунун ИИО УККсы | - | жылына 60.000 сом |
| 17 | Сүлүктү районунун ИИО УККсы | - | жылына 40.000 сом |
| 18 | Баткен районунун ИИО УККсы | - | жылына 70,000 сом |
| 19 | Лейлек районунун ИИО УККсы | - | жылына 80.000 сом |
| 20 | Кара-Кулжа районунун ИИО УККсы | - | жылына 130.000 сом |
| 21 | Ала-Бука районунун ИИО УККсы | - | жылына 202.000 сом |
| 22 | Чаткал районунун ИИО УККсы | 124 | - |

*Шектелгендерди жана айыпталуучуларды тергөө иш-аракеттери менен сот жараянына (процессине) катышуу учурунда тамак-аш менен камсыздоо*

Мониторингдин жүрүшүндө айыпталуучулар менен шектелгендердин тергөө иш-аракеттери менен сот жараянына катышуу учурунда акысыз тамактануу укугунун иш жүзүнө ашырылышы маселеси өз алдынча каралды.

[108] Таблицада администрация байкоочуларга ушундай маалымат берген УККлар маалыматы келтирилди. Калган учурларда жетекчилер же орун басарлары бухгалтер ордунда болбогондуктан бул маалыматтарды билбейбиз ж.б. деген жоопторду беришкен.

Сокулук районунун ИИО УККсында мониторинг жүргүзүп жатканда байкоочулар башка да УККларында учурашы мүмкүн болгон бир фактыны аныкташты. Мониторинг өткөрүлгөн күнү башка жактан этап менен жеткирилген камактагылар түштөнүүгө үлгүрүшкөн жок, себеби тамакты УККга саат 15.00дө алып келишти. Демек, акыркы ысык тамакты алар өткөн күнү түштө ичишип, кийинки тамактануу алар үчүн эмки күнү гана болмок.

Ошондой эле изилдөө мезгилинде УККга түштөн кийин алынып келген адам ошол күнү ысык тамаксыз, көп учурда болсо кийинки күнгө чейин ачка да калат экен.

Мында камакка алынган адамдарды өз убагында тамак менен камсыз кылууну талап кылган стандарттардын бузулушу орун алгандыгы ачык-айкын көрүнүп тургандыктан, ИИО жетекчилиги жана УКК администрациясы камалгандардын ушул укугунун бузулушуна жол бербөө үчүн зарыл болгон чараларды көрүүгө тийиш.

*Тамак-аштын тоюмдуулугу (калориялуулугу)*

УККда берилген тамак-аштын өлчөмүн жана сапатын, суткалык тоюмдуулук ченемдерине канчалык туура келгендигин талдап, төмөнкүдөй корутундулар жасалды.

Тамак-аштын тоюмдуулугу кара жумуш кылбаган, спорт менен машыкпаган 18ден 40 жашка чейинки эркектер үчүн суткасына 2.800-3.000 килокалорияны, ошол эле чен-өлчөмгө туура келген аялдар үчүн суткасына 2.400-2.600 килокалорияны түзүшү керек. Мисалга, бир порция борщтун тоюмдуулугу – 49 килокалорияга, буурчак шорпонуку – 54 килокалорияга, сүт боткосунуку – 112 килокалорияга барабар.

Ошентип, күнүнө биринчи (суюк) тамактан бирди ичкенде (мисалы, камактагылардын айтымында, мурунку күнү аларга түшкүсүн буурчак шорпо, эртең менен жана кечинде нан менен чай беришкен), адам суткасына 50дөн 200 килокалорияга чейин алат, бул **бир күндүк белгиленген ченемдин 7,4%ын түзөт**.[109]

Камактагыларга, ысык түштөнүүдөн башка, эртең менен жана кечинде наны жок кайнак суу гана берилген УККларда алар мындан да аз калория алышат.

БУУнун адам укуктары боюнча Комиссиясынын тажрыйбасында камакка алынгандарды бир түрлүү жана жетишсиз тамактандыруу АСУЭПтин эркидиктен ажыратылган адамдардын баары адамгерчиликтүү мамиле көрүүгө жана адам инсандыгына таандык кадыр-баркынын урматталышына укуктуу экендигин белгилеген 10-беренесинин бузулушу деп таанылган прецеденттүү иштер болгон. Мунун мисалы катары *Бахриниссо Шарипова ж.б. Тажикстанга каршы* ишин келтирсе болот.[110]

*Ичүүчү суу менен камсыздоо*

Байкоочулар ИИО УККларында кармалгандарды такай ичүүчү сууга жетүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу маселесине өзгөчө көңүл бурушту.

Мониторинг 40 (85,1%) УККнын камералары суу түтүгүнө туташкан чорголор менен жабдылбаганын көрсөттү. УККлардын 7синде (14,9%) гана камераларда суу чорголору орнотулган.

Мыйзамдарда камераларда ичкидей суу куюлган бактар болушу керектиги каралган.

Байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, камераларда суу түтүгүнүн чорголору орнотулбаган УККлардын жарымында ичкидей суу куюлчу бактар да жок.

---

[109] Тамак-аш тоюмдуулугунун 2700 ккал/сутка болгон бир суткалык орточо ченеминин жана камакта кармалган адам бир суткада алган калорияларынын 200 ккал/сутка болгон максималдык санынын негизинде эсептелди.

[110] БУУнун адам укуктары боюнча Комитетинин 2008-ж. 1-апрелиндеги Бахриниссо Шарипова ж.б. Тажикстанга каршы иши боюнча чечими. CCPR/C/92/D/1209, 1231/2003&1241/2004.

Суу түтүгүнүн чорголору орнотулуп, бирок ичүүчү суу куюлган бактар коюлбаган айрым камераларда байкоочулар суунун сапаты менен даамы өтө начар болгондугун белгилешип, аны ичүүгө жараксыз деп эсептешти.

ИИО УККларынын көбүндө, камактагылардын өтүнүчү менен, сууну камерага пластик бөтөлкөлөр менен күзөттө турган нөөмөтчү алып келип берет.

Белгилей кетчү нерсе, ичүүчү сууга эркин жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу камактагыларды кармоодо катаал мамиле жасоого жол бербөө жагынан эл аралык милдеттенме катары таанылган.[111]


Ичүүчү суу бар чака табигый муктаждыктар үчүн коюлган илегендин жанында.

Европанын адам укуктары боюнча сотунун тажрыйбасында бул жактан прецеденттүү иш, тактап айтканда, камакка алынган адамдын ичүүчү сууга такай жана эркин жетүү мүмкүндүгү жок болуп, ал нөөмөттө турган сакчы тарабынан берилген суудан пайдалууга аргасыз болгон учур мамиле жасоонун жол берилбөөгө тийиш болгон формасы жана АКЕКтин 10-беренесин бузуу катары таанылган *Старокадомский Россия Федерациясына каршы иши* болуп өткөн.[112]

Ошентип, мониторингдин жыйынтыгы боюнча, камактагыларга берилип жаткан тамак-аштын өлчөмү менен сапаты минималдык стандарттарда белгиленген «ден соолукту жана күч-кубатты сактоо үчүн зарыл болгон» сапаттуулук жана жетиштүүлүк чен-өлчөмдөрүнө туура келбейт, ал эми ичкидей сууга такай жетүү мүмкүнчүлү менен камсыз кылбоо камактагыларга адамгерчиликсиз мамиле жасоо болуп эсептелет деп корутунду чыгарууга болот.

## С. МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЙЛӨӨ

### Эл аралык стандарттар

*Минималдык стандарттык эрежелерде медициналык кызматкерлердин жабык мекемелердеги иштерге катышуу принциптери кенен баяндалып, камакка алынган ар бир кишини, ал денелик жана акыл-эс жагынан оорулуу эместигин аныктоо максатында, алынып келген учурда жана кийин, зарылдыкка жараша, медициналык кароодон өткөрүү; зарыл чараларды көрүү; камакка алынып, кайсы бир жугуштуу оору менен ооругандай өңдөнгөн кишини өзүнчө бөлүп коюу каралган.*

*Дарыгер такай теskөө өткөрүп турууга жана директорго төмөнкү маселелер боюнча билдирүү жасоого милдеттүү:*

*a) тамак-аштын саны, сапаты, даярдалышы жана берилиш шарты;*
*b) камак жайынын жана андагы адамдардын гигиена менен тазалыгы;*
*c) мекемедеги санитария, жылуулук, жарыктандыруу жана желдетүү:*
*d) камактагылардын кийимдеринин жана төшөнчү-орунчуларынын жарактуулугу жана тазалыгы;*
*e) бул милдет атайын кызматкерлерге жүктөлбөгөн учурда, дене тарбия жана спорт эрежелерин сактоо.*[113]

*Принциптер жыйнагы кармалган киши камоо жайына алынып келгенден кийин, колдон келишинче, кыска мөөнөттө ага тиешелүү медициналык кароодон өтүү мүмкүнчүлүгү берилүүгө тийиш экендигин*

[111] БУУнун кыйноолорго каршы Комитетинин доклады. CPT/Inf/E (2002)1 – Rev.2009.
[112] Европанын адам укугу боюнча сотунун Старокадомский Россия Федерациясына каршы иши боюнча чечими. №42239/02. Страсбург, 3-июль 2008 ж.
[113] Минималдык стандарттык эрежелер. 24-, 26-эрежелер.

*белгилейт. Ал, зарылчылык пайда болгон сайын, акысыз медициналык тейлөө жана дарылоо менен камсыз кылынат.*[114]

*Кармалган же камакта жаткан кишинин медициналык текшерүүдөн өткөндүгү, дарыгердин фамилиясы жана текшерүүнүн жыйынтыгы тийиштүү түрдө протоколго жазылып турат.*[115]

**Улуттук мыйзамдар**

*КР Конституциясы ар бир кишинин коргоого укугун бекемдейт жана атуулдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген фактыларды же жагдайларды жашырганы үчүн кызмат адамдарынын мыйзамда каралган жоопкерчилигин аныктайт.*[116]

*КР «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» мыйзамы бардык жарандарга, алардын жынысына, расасына, улутуна, тилине, социалдык абалына, кызмат абалына, жашаган жерине, динге болгон мамилесине, ишенимине, коомдук бирикмелерге таандык экенине жана башка жагдайларга карабастан, медициналык-санитардык жана медициналык-социалдык укуктарды бирдей ишке ашырууга бирдей мүмкүндүк берген саламаттыкты коргоо укугунун ажырагыстыгын бекемдейт.*[117] *Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыкты сактоо боюнча конституциялык укуктарын камсыз кылууга милдеттүү.*[118]

*Ошол эле мыйзам сот чечимин чыгаруусуз мыйзамдуу негизде эркиндиги чектелгендерге, жазасын соттун өкүмү менен жаза өтөө жайларынан сырткары өтөгөндөргө, убактылуу кармоо камак жайларында жаткандарга медициналык-санитардык жардам саламаттыкты сактоонун мамлекеттик же муниципалдык мекемелери тарабынан Кыргыз Республикасынын өкмөтү бекиткен тартипте түзүлгөн келишимдерге ылайык көрсөтүлөрүн аныктайт.*[119]

*КР ЖПК шектелген адам убактылуу кармоо камакжайына алынып барган ар бир учурда, ошондой эле анын өзүнөн, анын жактоочусунан, туугандарынан ага карата алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын кызматкерлери тарабынан денелик жактан зомбулук колдонулгандыгы тууралуу арыз түшсө, ал сөзсүз түрдө тийиштүү документ түзүлүү менен медициналык жактан күбөлөндүрүлүүгө тийиш экенин белгилейт. Медициналык жактан күбөлөндүрүү милдети убактылуу кармоо камакжайынын администрациясына жүктөлөт.*[120]

*Убактылуу кармоо камакжайына айыпталуучу адам алынып барган ар бир учурда, ошондой эле анын өзүнөн, жактоочусунан, туугандарынан ага алгачкы текшерүү органдарынын кызматкерлери тарабынан денелик зомбулук жасалгандыгы тууралуу арыз түшкөн учурда, мыйзамдын ушундай эле жоболору ага карата да колдонулат.*[121]

*Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам шектелүүчүлөрдүн жана айыпталуучулардын медициналык-санитардык камсыздоодон пайдаланууга, анын ичинде тергөө иш-аракеттери менен сот жараянына катышып жаткан мезгилде пайдаланууга укуктуу экендигин бекемдейт.*[122]
*Камакта кармоо жайларындагы дарылоо-профилактикалык жана санитардык-эпидемиологиялык иштер ошол жайлардагы администрация аткарууга милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын жарандардын саламаттыгын сактоо тууралуу мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.*

---

114 Принциптер жыйнагы. 24-принцип.
115 Принциптер жыйнагы. 26-принцип.
116 КР Конституциясы. 47-берене, 1-, 4-бөлүктөр.
117 Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө" 2005-ж. 9-январындагы №6 мыйзамы (КР 2006-ж. 28-декабрындагы № 224, 2009-ж. 17-февралындагы № 53, 2009-ж. 17-апрелиндеги № 129 мыйзамдарынын редакциясында). 61-берене.
118 Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзамы. 8 берене.
119 Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзамы. 33-берене.
120 КР ЖПК. 40-берене. 5-бөлүк.
121 КР ЖПК. 42-берене. 7-бөлүк.
122 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.

*Шектелүүчүнүн же айыпталуучунун денесине залал келтирилсе, ага камакта кармоо жайынын медициналык кызматкери тарабынан дароо медициналык жардам көрсөтүлүп, медициналык күбөлөндүрүүнүн жыйынтыктары белгиленген тартипте катталып, жабыр тартуучуга билдирилет. Камакта кармоо жайынын башчысынын, же болбосо кылмыш ишин жүргүзүү анын колунда болгон адамдын же органдын чечими, же шектелүүчүнүн жана айыпталуучунун же анын жактоочусунун өтүнүчү менен медициналык күбөлөндүрүү медициналык мекемелердин кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.*[123]

*Ички санжап (тартип) эрежелери УККнын жетекчилиги УККдагы дарылоо-профилактыкалык жана санитардык-эпидемиологиялык иштерди Кыргыз Республикасынын жарандардын саламаттыгын сактоо тууралуу мыйзамына ылайык жүргүзүүгө милдеттүү экенин жарыялайт.*

*Шектелгендерге жана айыпталуучуларга медициналык, анын ичинде психиатриялык жардам көрсөтүү тартиби, ошондой эле аларды медициналык мекемелерде кармоо жана ошол мекемелердин кызматкерлерин аларды тейлөөгө тартуу тартиби Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан аныкталат.*[124]

*УККга камакта кармалуу үчүн алынып келген адамдар, камераларга жайгаштырылардан мурун, медициналык жардамга муктаж же муктаж эместигин аныктоо максатында, дароо УКК нөөмөтчүсү тарабынан ден соолугунун абалы тууралуу сурамжыланышат. Алардын арасынан кимдир бирөө ден соолугунун начардыгы тууралуу арызданса же оорулуу болгондугунун анык белгилери байкалса, УКК нөөмөтчүсү токтоосуз тез жардам бригадасын чакырууга милдеттүү.*

*Шектелгендерди жана айыпталуучуларды сурамжылоонун жыйнтыгы, ошол учурда ден соолугунун абалы тууралуу айтылган даттануулар жана көрсөтүлгөн медициналык жардамдын мүнөзү тууралуу маалыматтар УКК нөөмөтчүсүндө сакталуучу атайын журналга жазылат.*

*Шашылыш учурларда шектелүүчүлөргө жана айыпталуучуларга медициналык жардам жергиликтүү саламаттык сактоо органдарынын токтоосуз тез жардам бригадалары аркылуу көрсөтүлөт. Токтоосуз медициналык жардам берилишин талап кылган, күчөгөн психикалык, инфекциялык жана башка оорууларлын белгиси бар адамдарды УККларда кармоого уруксат берилбейт.*

*Эгерде медициналык кызматкердин же медициналык «тез» жардам бригадасынын корутундусу боюнча шектелүүчү жана айыпталуучу адам стационардык (жата) дарыланууга муктаж болсо, ал жергиликтүү саламаттык сактоо органдарынын тийиштүү дарылоо-профилактикалык мекемесине жөнөтүлөт.*

*Кармалган жана камакка алынган адамдарга УККнын медициналык кызматкерлери же медициналык «тез» жардам бригадасы тарабынан белгиленген дары-дармектер УККнын нөөмөтчүсүндө сакталып, оорулуу тарабынан анын көзүнчө гана кабыл алынат.*[125]

*Ошондой эле Ички санжап эрежелеринде ар бир УККда универсалдык аптечканын бар болушу каралып, ал чыгымдалышына жараша медициналык кызмат тарабынан улам толукталып турууга тийиш.*[126] *Ошол эле документе аптечкада сөзсүз түрдө болушу талап кылынган дары-дармектер менен медициналык препараттар аталган (18 түрү).*

*«Кыргыз Республикасынын медициналык кызматкеринин кесиптик этикасынын кодекси» кесиптик көз карандысыздыкты сактап жана жаңы төрөлгөн балдарга жана кары кишилерге, аскер кызматындагыларга жана жарандарга, жогорку даражалуу жетекчилерге жана камакта олтургандарга медициналык жардам көрсөтүп жатып, медициналык кызматкер өзүнүн укугу жана парзы катары кесиптик чечим чыгаруу жоопкерчилигин толугу менен өз мойнуна алары жазылган.*

[123] Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 23-берене.
[124] Ички тартип эрежелери. 5.1, 5.2 тарамдары.
[125] Ички тартип эрежелери. 5.3., 5.8 тарамдары.
[126] Ички тартип эрежелери. 5.9 тарамы.

*Медициналык кызматкер администрация, бейтаптар же башка адамдар тарабынан көрсөтүлгөн кандай болсо да кысымды четке кагууга жана андан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, этикалык принциптерге, кесиптик парзга каршы келген аракеттерди талап кылган кайсы болсо да адам менен кызматташуудан баш тартууга тийиш.*[127]

УККлардагы медициналык тейлөө тууралуу жолдонгон сурамга КР ИИМ «УККдагы дарылоо-профилактикалык жана санитардык-эпидемиологиялык иштер ошол жайлардын жетекчилери аткарууга тийиш болгон Кыргыз Республикасынын жарандардын саламаттыгын коргоо тууралуу мыйзамына ылайык жүргүзүлөт. УККда камакта кармоо үчүн жеткирилген адамдар камераларга жайгаштырылуудан мурун санитардык тазалоодон өткөрүлүп, УКК нөөмөтчүсү тарабынан тез медициналык жардамга муктаж болгондорун аныктоо масатында сурамжылоого алынат… Кармалган жана камакка алынган адамдарга УККнын медициналык кызматкерлери же медициналык «тез» жардам бригадасы тарабынан белгиленген дары-дармектер УККнын нөөмөтчүсүндө сакталып, оорулуу тарабынан анын көзүнчө гана кабыл алынат» деп жооп берген.[128]

Медициналык тейлөөдөн пайдалануу укугун ишке ашыруу үчүн, биринчи кезекте, албетте, медицина чөйрөсүндөгү билимге ээ кызматкерлердин өздөрү талап кылынат. Мониторинг көрсөткөндөй, УККларда медициналык кызматкердин (дарыгер, фельдшер) штаттык бирдиги каралган эмес. Текшерүү учурунда өлкөнүн 4 гана УККсында – Бишкек ш. ШИИБ УККсында жана УИИБ УККсында, ошондой эле Ош ш. ИИО УККсы менен Кара-Суу районунун ИИО УККсында –медициналык кызматкерлер бар болуп чыкты.

Ошол эле учурда, Бишкек ш. ШИИБ УККсында бир эмдөөчү (медсестра) иштеп, мекеме жетекчисинин айтымында, ал күн сайын эртең менен «кыдыруу» жасап, УККда кармалып жаткандардын баарын сурап чыгат. УИИБТ УККсында болсо фельдшер иштейт.

Ош ш. ИИО УККсында жана Кара-Суу районунун ИИО УККсында дарыгерлер иштешип, алардын кызмат акыларын төлөө ЕККУ долбоорунун эсебинен жүргүзүлөт. Байкоочулар жасаган корутундуларга ылайык, ошол долбоор аркылуу түштүк аймакта дарыгерлердин иштегени өзүнүн жогорку натыйжалуулугун көрсөттү. Маселен, УККда дарыгер иштеп жаткан кезде милиция кызматкерлеринде кармалгандарга зордук-зомбулук жасоо мүмкүнчүлүгү болбой, кармалган кишини УККга алып барганга чейин ага зомбулук көрсөтүү фактылары кескин азайып кеткен. Ошентип, айрым учурларда дарыгердин УККда бар болушунун өзү эле кыйноо колдонууга жана катаал мамиле жасоого жол бербей турган фактор болот.

Тилекке каршы, бул чара убактылуу гана болуп, эл аралык уюмдардын каржылык колдоосу жок кезде УККларда медициналык кызматкерлердин иши токтотулат. Буга Талас облусунун ИИО УККсы мисал боло алат, ал жерде ЕККУ долбоорунун алкагында 3 жыл бою медициналык кызматкер иштеген. Азыркы кезде ошол УККда фельдшер жок.

Көңүл бурчу нерсе, УККнын медициналык кызматкерлери КР ИИМ штатына кирбей, КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин карамагында болууга тийиш, бул ар кандай көз карандылыкты болтурбоо үчүн зарыл.

Ары-бери жүрүү эркиндиги чектелүү жана баарлашуу көзөмөл алдында болгон шартта медициналык жардам алуунун же медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүүнүн кепилдиги түздөн-түз УККда медициналык кызматкердин бар болушуна гана эмес, бул муктаждыкты, анын ичинде ден соолугу начарлагандыгы же денесине залал келтирилгендиги тууралуу даттануулардын, дегеле кандай болсо да кайрылуулардын каралышын камсыз кылган жол-жоболордун бар болушуна да көз каранды («Даттануу менен кайрылуу укугу» бөлүмүн караңыз).


[127] Кыргыз Республикасынын медицина кызматкерлеринин кесиптик этикасынын кодекси. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо миинстрлигинин 2004-ж. 16-январындагы № 2-4 коллегиясы тарабынан жактырылган. 5-берене.
[128] КР ИИМинин 2011-ж. 19.07дагы №11/893 жообу

Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, камалгандар УККга биринчи ирет жеткирилгенде, ошондой эле алар тергөө иш-аракеттерин жүргүзүү үчүн камакжайдан чыгарылып, кайра алынып келген учурлардын бардыгында эле медициналык күбүлөндүрүү жол-жоболору жүргүзүлө бербейт.

Мисалы, УККда камалып, сурамжылоого алынган 66 (34%) киши биринчи алынып келгенде медициналык күбөлөндүрүү жасалганын билдиришкен.


***Мисал:*** *Айыпталуучу: «Келгенимде дарыгер караган эмес, мени камакта жаткан тергөөчү [illegible]».*[129]

**15-диаграмма.**
**УККга келген убакта күбөлөндүрүүнүн жүргүзүлүшү.**





Сурамжылангандардын айтымында, УККга келгенде 28и (14,5%) медициналык жардамга муктаж болушкан, бирок алардын 17сине (60,7%) жардам берилип, 3-нө (10,7%) берилген эмес, 8 (28,6%) киши келгенде ооруп турушкан, бирок кайрылган эмес.

**16-диаграмма.**
**УККга келген учурда муктаж болгондорго медициналык жардам көрсөтүү.**




УКК кызматкерлеринин айтымында, медициналык күбөлөндүрүү райондук ооруканалардан келген дарыгерлер тарабынан жүргүзүлөт. Бирок сурамжылоо учурунда камалгандардын 92си (72,4%) УККга түшкөндө, УКК башчысынын жана кызматкерлеринин кароосунан өткөнүн айтышкан.

**17-диаграмма.**
**УККга келгенде ким тарабынан күбөлөндүрүү жүргүзүлгөн.**




Камалгандардын документтеринде дене-бойдогу [illegible] тергөөчүнүн [illegible] аты менен камалган адамдын мас абалын [illegible] күбөлөндүрүүчү медициналык күбөлөндүрүүнүн атайын формасы жок. Камалгандардын дээрлик бардыгы интервью учурунда УККга келгенде дарыгердин күбөлөндүрүүнүн формалдуу гана жүргүзүп, «Дарыланууга арызыңыз барбы, жокпу?» деген суроо менен гана чектелишкенин билдиришкен. Эгер камалган киши дарылануу жок болгонун айтса, дарыгер кароо жүргүзбөйт.

129 Мониторинг боюнча отчет. №1/6-7/3/1.3.

“Медициналык күбөлөндүрүүнүн” мындай формасынын мисалы катары УККлардын биринде моринторинг жүргүзүү маалында мониторинг тобунун мүчөсү болгон дарыгер камактагы N-дин жонунан денеге залал келтирилгендигинин белгисин аныктап тапкан учурду келтирүүгө болот. Денесиндеги белгилердин мүнөзү резина келтек менен сабоонун издерине окшош болуп, бул тууралуу байкоочу тарабынан медициналык корутунду түзүлгөн. Байкоочулар N-дин медициналык документтери менен таанышуу өтүнүчү менен кайрылганда, фельдшер камактагы адамга: «Эмнеге сен мага кайрылбадың?» деген суроо берип, кыйкырып кирген. Фельдшер көрсөткөн документе: “Даттануу жок. Наразы эменсмин” деп жазылып турган. Фельдшер айткан күбөлөндүрүү ушул болсо керек.[130]

Мониторинг ИИО УККларына кармалгандарды алып келгендеги алардын денесине келтирилген залалды жана ден соолугунун абалын күбөлөндүрүү үчүн медициналык күбөлөндүрүүнүн бирдиктүү бекитилген формасы жок экенин аныктады. Көпчүлүк учурда денесине залал келтирилгенин күбөлөндүрүүнү орто медициналык кызматкерлер жүргүзүшүп, алардын түзгөн корутундуларындагы маалымат толук эмес жана дайыма эле квалификациялуу болбой, камактагы кишинин ден соолугунун абалын жана травма алуу жагдайын чагылдырбайт.

***Мисал:*** *«Абактагы С., күбөлөндүрүү 2010-ж. 11.07 күнү болгон. Көкүрөктүн ооруганына жана эки колунун, башынын ооруганына, буттарынын уюганына даттанды. Диагноз: көкүрөктүн урунушу. Сол колдун манжасы сынган. Жардам: анальгин, димедрол, новокаин, булчуңга берилет, нөөмөтчү хирургдун кеңеши. Фельдшердин колу: Х.».[131] Бул жазууларда травма алуунун жагдайы, сынык боюнча хирургдук жардам көрсөтүү жөнүндө маалымат жок.*

***Мисал:*** *“Камактагы N. Диагноз: кулак тарсылдагынын травмалык жарылышы». Бул травманы алуу жагдайы көрсөтүлбөгөн.*

***Мисал:*** *«2011-ж. 14.03 күнү камактагы Д-га медициналык «тез» жардам чакырылган. Коюлган диагноз: катуу пульпит. Кеңеш берилди».* [132]

*Ошентип, медициналык күбөлөндүрүү тажрыйбасы бул процедурага кыйноо колдонуу жана ырайымсыз мамиле жасоо фактыларын натыйжалуу документтештирүү максатында коюлуучу талаптарга дал келбейт деп корутунду жасооого болот.*

Ошондой эле байкоочулар, мыйзам талаптарына каршы, бир катар ИИО УККларында *Медициналык «тез» жардам чакыруу журналы* жана *Медициналык жардам көрсөтүү журналы* жок болгонун белгилешти. Медициналык «тез» жардам чакыруулар кызматкерлер тарабынан *ИИОго жеткирилгендердин эсебин жүргүзүү китебине* жазылат.

Бирок ошол эле кезде Түп районунун ИИО УККсында *Жугуштуу жыныс дарттарын (венерическое заболевание) текшерүү журналы* бар болуп чыкты. Байкоочулар билишкендей, УККга алынып келгендердин баарынан жыныстык жактан жугуштуу оорулардын бар-жогун аныктоо үчүн кан алышат, б.а., кан анализи алардын ыктыярдуу макулдугуна карабай алынат. Кызматкерлердин эч кимиси ушундай текшерүүнүн зарылдыгын түшүндүрүп бере алган жок. Бул журнал мониторинг жүргүзүлгөн бардык 47 УКНнын ичинен бирөөнөн гана табылган.

Ошону менен бирге, мониторинг ар бир УКДа зарылдыкка жараша медициналык кызмат тарабынан толукталып туруучу универсалдык аптечканын болушу керектигине байланыштуу мыйзам талабынын бузулгандыгын аныктады.

Универсалдык аптечканын толуктугу медициналык препараттар менен дары-дармектердин Ички тартип эрежелеринде бекитилип, 18 аталыштан турган тизмесине салыштыруу менен аныкталган.

130 Мониторинг боюнча отчет. №8/3,19/О.
131 Мониторинг боюнча отчет. №16/3/О.
132 Мониторинг боюнча отчет. №7/3/О.

Медициналык аптечкалар көпчүлүк мекемелерде жетиштүү толукталган эмес, айрымдарында таптакыр жок. Маселен, толукталбаган аптечкалардын бар болушу байкоочулар тарабынан 38 (80,9%) УККда аныкталды.

Эки УККда биринчи жардам берүү аптечкасы мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармектерден турган.

Белгилей кетчү нерсе, көпчүлүк УККларда кадыресе оору басаңдатуучу каражаттар (парацетамол, анальгин), байлаптаңуу материалдары (бинт, лейкопластырь, кебез, резина өрмөгү, иммобилизациялык шиналар) жок болуп чыкты, мунун өзү зарыл учурда биринчи токтоосуз жардам берүү мүмкүндүгүн жокко чыгарат.

УКЛардын биринде байкоочуларга медициналык аптечка ошол кезде эмгек өргүүсүнө чыгып кеткен УКК башчысынын кабинетинде сакталганын айтышты. Башчынын кабинетинин ачкычы кызматкерлерде жок экен. Ушундан улам зарыл болгон кезде камактагыларга биринчи медициналык жардам көрсөтүлбөй тургандыгы жана УКнын башчысы эмгек өргүүдөн кайтмайынча көрсөтүлбөй кала берери жөнүндө корутунду чыгарылган. [133]



УККдагы аптечка.

Москва районунун ИИО УКСсында мониторинг жүргүзүлүп жаткан кезде аптечка жок болуп чыкты. Жайыл районунун ИИО УКСсында ичи таптакыр бош турган аптечка табылды.

Толугу менен толтурулган аптечка 7 ИИО УКСсында бар (Панфилов, Ала-Бука жана Кара-Суу райондорунун ИИО УКлары, Ош ш. ИИО УКСсы, Кызыл-Кыя, Нарын шаарларынын ИИО УКлары, Талас облусунун ИИО УКСсы).

Медициналык препараттардын жана дары-дармектердин жоктугу же толукталбагандыгы өлкөнүн бюжетинен бөлүнүүчү каражаттардын жоктугу менен түшүндүрүлөт. Бир катар УКлардын администрациялары жергиликтүү бюжеттен түшкөн каражаттан дары-дармек сатып алгууга акча бөлүп чыгарышат. Айрым учурларда УКК кызматкерлери камактагылар үчүн өздөрүнүн эсебинен дары сатып алууга муктаж болушат.

Байкоочулар аптечкалары толугу менен толукталганын белгилешкен 7 УККда медициналык препараттар жана дары-дармектер бейөкмөт же эл аралык уюмдар тарабынан сатылып алынган. Маселен, мурдагы текшерүүлөр учурунда Ош жана Кызыл-Кыя шаарларынын ИИБ УКларындагы, Кара-суу районунун ИИО УКСсындагы аптечкалар «Сулайман нуру» Коомдук фондунун кызматкерлери тарабынан ЕККУ долбоорунун алкагында толукталган. Ала-Бука районунун ИИО УКСсында аптечка Кызыл Жарым ай улуттук коомунун колдоосу менен толукталган.

Мониторинг жүргүзүү учурунда камакта жаткандардан УККда медициналык жардам көрсөтүлбөгөнү тууралуу бир катар даттануулар түшкөн.

***Мисал:*** *Камакта жаткан киши менен болгон интервьюдан: "Менин тромбофлебитим бар. Тергөөчү хирург алып келүүгө убада берген. Бирок ушул кезге чейин жардам көрсөтүлө элек».*[134]

***Мисал:*** *Камактагы адам менен маектешүүдөн: «Менин тиштерим ооруйт, бирок эч кандай жардам көрсөтпөй жатышат».*[135]

---

[133] Мониторинг боюнча отчет. №15/16-17/П.
[134] Мониторинг боюнча отчет. №3/6/3/1.
[135] Мониторинг боюнча отчет. №10/13-15/3/4.0.

***Мисал:*** *Камактагы адам менен маектешүүдөн: «Мени катуу сабап коюшту, «тез жардамды» чакырышты, алар мага таблетка беришип, ооруканада текшерилүү зарылдыгын айтышты, бирок эч жакка алып барышкан жок».*[136]

***Мисал:*** *Түп районунун ИИБ УККсында медициналык «тез» жардам чакырууну каттоочу журналда камакта жаткан бир эле кишиге 25 күндүн ичинде 6 (!) жолу «тез жардам» чакырылгандыгы катталган, журналдагы жазууларга караганда анын абалы оор болгон. «Дем кыстыгуу, эки колунун жана бутунун учу шишип кеткендик, кан басымынын 110-180ге көтөрүлүшү, зааранын жакшы чыкпаганы, белинин ооруганы боюнча даттанган. Диагноз: бөйрөктүн сайгылашуусу. Стационардык (жата) дарылууга муктаж. Жасалды: эуфиллин 24% - 10,0, фуросемид – 4,0 булчуңга». Журналда диагноз койгон жана дарылоону белгилеген медициналык кызматкер тууралуу маалыматтар, камактагы кишини ооруканага жаткыруу тууралуу маалыматтар жок.*

Айрым УККларда, мисалы, Сокулук районунун ИИО УККсында медициналык жардамга муктаж болгон камактагыларга жергиликтүү оорукана менен келишимге ылайык андагы камактагылар үчүн атайын түзүлгөн палатада жардам көрсөтүлөт.

Мониторинг тарабынан ошондой эле медициналык кызматкердин милдетине кирген такай текшерүүлөрдү жүргүзүү жана мекеменин администрациясына тамак-аштын саны, сапаты жана берүү шарттары, мекеменин жана анда кармалгандардын гигиенасы, санитардык шарттары, жылуулук абалы, жарыктандырылышы жана желдетилиши, камактагылардын кийимдеринин жана төшөнчү-орунчуларынын жарактуулугу жана тазалыгы тууралуу билдирип туруу жагынан эл аралык стандарттардын бузулушу да аныкталды. Бул талаптардын бузулушу медициналык кызматкер иш алып барып жаткан УККларда аныкталган.

## D. КҮН САЙЫНКЫ СЕЙИЛДӨӨ

**Эл аралык стандарт**

*Ачык абада жумуш менен алек болбогон камактагылардын баары, эгерде аба-ырайы ошого мүмкүнчүлүк берсе, күн сайын короодо, эч болбогондо, бир саатча дене көнүгүүлөрүн жасоого укуктуу.*[137]

**Улуттук мыйзамдар**

*Шектелгендер жана айыпталуучулар күн сайын бир сааттан кем эмес сейилдегенге укуктуу.*[138]

*Жашы жетелек шектелгендерге жана айыпталуучуларга күн сайынкы сейилдөө мөөнөтү эки саттан кем эмес белгиленет.*[139]

*Ички тартип эрежелери шектелгендер менен айыпталуучулардын күн сайынкы сейилдөө укугун кайталайт. Бирок Эрежелерде жашы жетелек шектелгендер менен айыпталуучулардын сейилдөөсүнүн узактыгына карата өзгөчө талап бекилбейт.*[140]

*УКК нын кайтаруудагы аймагында сейилдөөнү жүргүзүү үчүн атайын сейилдөө короосу (короолору) жабдылып, алардын саны УККда кармалгандардын бардыгына күн жарыкта сейилдөө мүмкүнчүлүгүн берүү зарылдыгынан улам аныкталат.*[141]

136 Мониторинг боюнча отчет. №12/1/3/1.1.
137 Минималдык стандарттык эжелер. 21-ереже.
138 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам.16-берене.
139 Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 29-берене.
140 Ички тартип эрежелери. 4.33 тарамы.
141 Ички тартип эрежелери. 4.35 тарамы.

Мурда келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, ИИО УКК камералары тар болуп, аларда үп жана караңгы. Жабык, күңүрттөлгөн имарат-жайда болгондуктан, камакта жаткандар күн сайын таза абада сейилдөөгө камактагыларга мамиле жасоонун эл аралык стандарттарында каралган жана улуттук мыйзамдарда жетишерлик так жазылган укукка жөн гана ээ болбостон, мындай сейилдөө алар үчүн зарылдык да болуп калган.

Байкоочулар белгилегендей, ИИО УККларынын 8инде (17%) камакта олтургандар күн сайын сейилдөө укугунан толук ажыратылган.



Сейилдетүүчү короо.

Алардын ичинен 2 УККда камакта кармалгандарды сейилдөө короосунун жоктугуна байланыштуу сыртка алып чыгышпайт, бул Бишкек ш. ИИБ УККсы жана Балыкчы ш. ИИО УККсы. Калган алтоосундагы камактагылардын күн сайынкы сейилдөө укугунун негизсиз бузулушун ошол мекемелердин кызматкерлеринин өз кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбаганы деп квалификациялоого болот.

Бирок, мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, сейилдөө короосу болгон учурда да, камактагылардын сейилдөө укугун ишке ашырууга тоскоолдук кылган көп факторлор бар.

Өзгөн, Кара-Суу жана Тоң райондорунун ИИО УККларында сейилдетүүчү короолор бар, бирок анда камакта жаткандардын күн сайынкы сейилдөөсүн аларды күн сайын эки жолу 15-20 мүнөткө өздөрүн иретке келтирип алуу үчүн камерадан сыртка алып чыгуу алмаштырып келет.

Бардык эле ИИО УККларында сейилдөөнүн улуу кишилерге бир саат жана жашы жетелектерге 2 саат боло турган узактыгына карата стандарттар менен улуттук мыйзамдар койгон талаптар аткарыла бербейт.

ИИО УККларынын 54,5%нда гана сейилдөөнүн узактыгы 1 саатты түзөт. Ошол эле кезде сейилдөөнүн санын ошол чектин ичинде бөлүштүрүү ар бир учурда УКК-нын администрациясы тарабынан өз алдынча аныкталат. Башкача айтканда, бул узактыгы 1 саат болгон бир сейилдөө же узактыгы 30 мүнөт болгон эки сейилдөө болушу мүмкүн.

***Мисал****: Нарын ш. ИИО УККсы – 1 жолу 1 саат.*[142]

***Мисал****: Ош ш. ИИБ УККсы – камакка алынгандарды сейилдөөгө ишемби күнү гана, УККда конвойчулар болгондо, күнүнө 2 жолу 20-30 мүнөттөн чыгарышат. Аптанын калган күндөрү алар камерадан сейилдөөгө чыгарылбайт.*[143]

ИИО УККларынын 39,4%да сейилдөөнүн узактыгы бир сааттан аз болот.


***Мисал****: Талас облусунун ИИБ УККсы – сейилдөө камераларды текшерүү маалында 5-15 мүнөт болот.* [144]

***Мисал****: УИИБ УККсы – эртең менен жана кечинде 10-15 мүнөттөн.*

Ошону менен эле бирге, камакта жаткандардын айрымдары адмиинстрация кээде алардын каалоосуна макул болуп, сейилдөө маалында 1 саттан ашык жүрүүгө уруксат берерин айтышкан.

142 Мониторинг боюнча отчет № 13/1/3/1.1.
143 Мониторинг боюнча отчет № 26/23-25.38/3/1.1.
144 Мониторинг боюнча отчет №№ 10/12-14/3/1.5; 10/12-14/3/1.9.

**18-диаграмма.**
**Күн сайынкы сейилдөөлөрдүн узактыгы.**




Атайын белгиленген аянтчалар жок, бирок сейилдөө короосу катары бош аянт сейилдөө жерине ... кенен, жамгырдан жана күндөн калкалоочу бир бөлүгү, жана бир бөлүгү жабык короо. Мисалы, торчолор ж.б. менен жабылышы керек экендиги белгиленишкен.

Байкоолор көрсөткөндөй, Москва районунун ИИО УККсынын сейилдөөчү короосу эң чоң, анын аянты 90 чарчы метрди түзөт. Ал эми эң кичинекей короо Чоң-Алай районунун ИИО УККсында, анын аянты 16 чарчы метр. Өлкөдөгү ИИО УККларынын сейилдөөчү короолорунун орточо аянты 27 чарчы метрге барабар.



Сейилдетүүчү короо

***Мисал**: Токмок ш. ИИО УККсында сейилдөө короосунун жанында катарында аянты сейилдөө короосунан чоң болгон ит капастары жайгашкан.*

***Мисал**: Кемин районунун ИИО УККсында сейилдетүүчү короо жок. УКК-дан санитардык түйүнгө чейинки жол сейилдетүүчү короо болуп эсептелет.*

***Мисал**: Чаткал районунун ИИО УККсында сейилдөө короосунун аянты абдан тар, анткени анын аянты 2x2 м болгон жерди ээлейт, ошонун төрттөн бирин даараткана ээлеп турат.*

Мониторинг сейилдөөчү короолордун 26,3%ында гана жамгырдан жана күндөн башпаанек бар экенин, ал эми УККлардын 73,7%ында андай жок экенин көрсөттү.

***Мисал**: Байкоо жүргүзүүчүлөр кармалгандан: «Бастырма жок болгондуктан күн болсо, жамгыр жааса да ысык тартат».*[145]

***Мисал**: Байкоо жүргүзүүчүлөр кармалгандан: «Абдан ысык, бастырма да, көлөкө да жок».*[146]

Ведомстволук ченемдерде сейилдөөнү токтотуу же кыскартуу тууралуу негиздер боюнча эрежелердин тизмеси менен бекитилбейт. Мисалы, Ички тартип (ашкал) эрежелеринин 4.36 тармагына ылайык, сейилдөө УКК башчысынын буйругу менен аба-ырайы шарттынын начар болгондугуна байланыштуу, ошондой эле өзгөчө кырдаалдар жана башка учурларда токтотулушу же кыскартылышы мүмкүн.

Так укуктук аныктаманын жоктугу, күндөн жана жамгырдан башпаанектин болбогону УКК администрациясы тарабынан күн сайынкы сейилдөөнү кар же жамгыр жааганда, ысык-суук учурда же аба-ырайы бузула баштаганда сейилдөө узактыгын кыскартып салууга негиз катары пайдаланылып келиши деп чочулоо бар.

Бир дагы ИИО УККсында каттоо журналдары орнотулбай, ошондуктан камактагылардын күн сайынкы сейилдөөгө чыгарылганын тактоого жана көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүгү жок.

---
145 Мониторинг боюнча отчет № 4/2/ПД/1.0.
146 Мониторинг боюнча отчет № 3/2/ПД/1.0.

## Е. ДИНИЙ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРДЫ ЖАСОО УКУГУ

### Эл аралык стандарт

*Жалпы декларация ар бир адамдын ой, адеп-ахлак жана дин эркиндигине ээ болууга укуктуу экендигин жарыялап, бул өз ичине өзү каалаган динди тутуу менен дин жана табынуу ырым-жырымдарын ишке ашыруу эркиндигин камтыйт.*[147]

*АСУЭП ой жүгүртүү, адеп-ахлак жана дин эркиндиги укугуна мыйзам менен белгиленген жана коомдук коопсуздукту, тартипти, саламаттыкты жана адеп-ахлакты, ошондой эле башка адамдардын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон чектөөлөр гана коюлат деп белгилейт.*[148]

*Минималдык стандарттык эрежелерге ылайык, ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн чегинде, ар бир камакка алынган адамда өзүнүн диний керектөөлөрүн аткарууга, өзүнүн мекемесинин ичиндеги диний ырым-жырымдарга катышууга жана өзүнүн дин-ишенимине тиешелүү диний жазууларга ээ болууга мүмкүнчүлүк болушу керек. Диний ынанымдарды сыйлоо ылаазым.*[149]

### Улуттук мыйзамдар

*КР Конституциясы дин-ишеним жагынан кодулоого тыюу салып, ар кимдин адеп-ахлак жана дин тутуу эркиндигин кепилдикке алат.*[150]

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамга ылайык, шек саналуучулар жана айыпталуучулар диний ырым-жырымдарды шектүүлөр менен айыпталгандарды камакта кармоо жайынан аткарууга, жанында классикалык диний адабияттар, диний ырасым буюмдары болууга, диний ырым-жырымдарды иш жүзүнө ашыруу үчүн шектүүлөрдү жана айыпталгандарды камакта кармоо жайынын администрациясы аркылуу дин кызматчыны чакырууга укуктуу.*[151]

*Диний ырым-жырым жасоо укугу ошондой эле Ички тартип (санжап) эрежелеринде да каралган.*[152]

ИИО УККларында камакта кармалган адамдардын диний ырым-жырымдарды жасоо укугун сактоо жөнүндөгү маселе кыйла татаал. Мунун себеби бул суроого берилген жооптун тууралыгына өтө көп факторлор, анын ичинде адамдын тигил же бул динге караштуулугу, ырым-жырымдын аткарылыш өзгөчөлүктөрү, дин эрежелеринде (канондордо) коюлган талаптар, ал турсун адамдын кул-мүнөзү менен жүрүш-турушу таасир бергендигинде.

Байкоочулар камакка алынган адамдардын, мекеме администрациясынын өкүлдөрүнүн арасындагы бул суроо боюнча ар кандай пикирлерин катташты. Ошону менен бирге, мындай пикирлер бир эле УКК ичинде да кескин айырмаланып, бири-бирине карама-каршы да келген.

Мисалы, Тоң, Ысык-Ата жана Кемин райондорунун ИИО УККларынын башчылары өздөрүнүн карамагындагы УККларда камактагылардын диний ырым-жырымдарды өткөрүшү үчүн шарт жок болгондугун айтышты.[153] Бирок ошол эле УККларда камакка алынгандардын айрымдары андай шарттар чындыгында бар деп эсептешет.[154].

Башка ИИО УККларынын баарында камактагылар диний ырым-жырымдарды аткаруу укугун иш жүзүнө ашыруу мүмкүн эместигинин себебин кадыресе шарттардын жок болгондугунан көрүшөт.

Мусулман адам намазга киришерден мурун белгилүү бир шарттарды аткарышы (аракеттерди жасашы)

[147] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. 18-берене.
[148] АСУЭП. 18-берене, 1-, 3-тарамдар.
[149] Минималдык стандарттык эрежелер. 6-, 42-эрежелер.
[150] КР Конституциясы. 16-берене, 2-бөлүк, 32-берене, 2-бөлүк.
[151] Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам. 16-берене.
[152] Ички тартип эрежелери. 3.1. м тарамы.
[153] Мониторинг боюнча отчет № 17/16/Н/1; 5/4-8-10-11/НП/1.
[154] Мониторинг боюнча отчет № 17/3/3/1.1;17/3/3/1.2; 5/4-8-10-11/3/1.1; 6/5/3/1.3

керек; алар аткарылмайын намаз жараксыз болуп эсептелет. Намаздын бул сыяктуу шарттарынын биринчиси – ырасымдык тазалыкта болуу, ошондой эле дене, кийим-кечек жана намаз аткарыла турган жер да таза болууга тийиш.[155]

Буга чейин айтылып кеткендей, 7 УККда гана камераларга суутүтүк өткөрүлгөн. Калгандарында суу УКК нөөмөтчүлөрү тарабынан белгилүү бир убактарда берилип турат. Бул учурда бөлүнүп берилген суунун көлөмү УККнын ошол кызматкерлеринин ыктыярына калтырылган.

Буга далил катары дагы бир жолу мониторингдин жыйынтыктарынан алынган, жогоруда сүрөттөлгөн учурду: УККга камакка алынган аял эки күн жуунганга кайнатылган суу сурагандан кийин УКК кызматкерлери сууну ага майонезден калган эки пластик челекчеге куюп беришкенин келтирсек болот.[156]

Ошентип, намазга суткасына беш жолу: таң заарда, чак түштө, түш кыяда, күүгүмдө жана түн ичинде жыгылыш керек болгон үчүн, камакта олтурган мусулмандар мезгил-мезгили менен даарат алуу шартын аткара алышпай кыйналышат, анткени бардык эле учурда сууну бул үчүн жетиштүү көлөмдө алуу мүмкүнчүлүгү боло бербейт. Суу жок болгон же сууну алыш мүмкүн болбогон кезде даараттын башка түрүн – топурак жана кум менен тазаланууну жасаса болот. Бирок УККда кармалган адамдардын жашоо шартынын өзгөчөлүгү бул ыкмадан пайдаланууга мүмкүндүк бербейт.

Ырас, мониторинг жыйынтыктарынын арасында оң мисалдар да жок эмес. Маселен, Ноокен районунун ИИО УККсында камакта болгон аял байкоочуларга УКК нөөмөтчүлөрү суу менен камсыз кылып, алар намазды камерадан окушканын айтты.

Библияда жекече дуба кылууга (сыйынууга) карата ал үчүн, эч ким ибадат кылып жаткан кишинин тынчын албай, алаксытпагандай болуш үчүн, эч ким көрбөгөн жана укпаган, кымгуут менен ызы-чуу азыраак жерди тандап, алтургай эшикти жаап алыш керек деп айтылган. Бирок ИИО УККларынын биринде да диний ырым-жырымдарды өтөгөндөй атайын бөлүнгөн имарат-жай жок.

## F. ЭС АЛУУ ӨТКӨРҮҮНҮ УЮШТУРУУ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯСЫ

**Эл аралык стандарт**

*Кандай болсо да формада кармоого же камалууга дуушар болгон адамдарды коргоодо колдонулуучу принциптерге ылайык, камакка алуу же камакта кармоо жайларында коопсуздукту жана тартипти камсыз кылуучу шарттар сакталган учурда ошол адамдар керектүү санда окуу, көркөм жана маалымат материалдарын алууга укуктуу.*[157]

*Минималдык стандарттык эрежелер камактагыларга гезиттерди, журналдарды жана өзгөчө түрмөлүк басылмаларды окууга, радио угууга, дарстарга катышууга уруксат берүү же болбосо администрация органдары тарабынан жол берилип, көзөмөлдөлүп турган башка каражаттардын жардамы аркылуу аларга эң маанилүү жаңылыктар үзгүлтүксүз жеткирилип турушу керек деген талапты коет.*[158]

*Ар бир мекемеде камактагылардын бардык категориялары үчүн жеткиликтүү болгон жана көңүл ачуу үчүн да, билим алуу үчүн да китептерди камтыган китепкана болууга тийиш.*[159]

*Эгерде бул сот акыйкаттыгын жүргүзүү кызыкчылыктарына каршы келбесе, жашы жетелектерге бош убакыт өткөрүүгө жана эс алууга арналган буюмдарды алууга жана алып жүрүүгө уруксат берилиши керек.*[160]

155 http://www.islaming.ru.
156 Мониторинг боюнча отчет № 6/5-7/О.
157 Принциптер жыйнагы, 28-принцип.
158 Минималдык стандарттык эрежелер, 39-эреже.
159 Минималдык стандарттык эрежелер, 40-эреже.
160 БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу эрежелери, 17 (с) -эрежеси

**Улуттук мыйзамдар**

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам шек саналуучулар менен айыпталуучулардын камакка алуу жайынын китепканасындагы же камак жайынын администрациясы аркылуу соода тармагынан сатылып алынган адабияттардан жана мезгилдүү басма сөз басылмаларынан, ошондой эле стөлдө ойнолуучу оюндардан пайдаланууга, өз алдынча билим алууга жана ошол үчүн атайын адабияттардан, анын ичинде жеке менчик катары алардын өздөрүнө таандык адабияттардан пайдаланууга укугу бар экенин белгилейт. Шектүүлөр менен айыпталгандар дене тарбиясы (денени чыңалтуу көнүгүүлөрү, спорттук оюндар, атлетикалык гимнастика ж.б.у.с.) менен алпурушууга укуктуу.*[161]

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, минималдык стандарттык эрежелерди карманып*[162]*, шектүүлөр менен айыпталуучулардын жашы жетелектерин камакта кармоо тартиби менен шарттарынын өзгөчөлүктөрүн айтат. Маселен 29-беренеге ылайык, сейилдөө мезгилинде шек саналуучуларга дене машыктыруу көнүгүүлөрүн жасоого, ал эми айыпталуучуларга дене көнүгүүлөрүн жасоого жана, мүмкүнчүлүк болсо, спорт оюндарын ойноого мүмкүндүк берилет. Тийиштүү шарттар бар болгон учурда жашы жетпеген айыпталуучулар үчүн телеберүүлөрдү көрүү уюштурулуп, спорт машыгуулары үчүн имарат-жай жабдылат, жалпы орто билим алууга жана алууну улантууга шарттар түзүлөт. Алар менен маданий-тарбиялык иш жүргүзүлөт. Жашы жетелек айыпталуучуларга окуу китептерин жана мектеп-жазуу буюмдарын алууга же өз эсебинен сатып алууга, ошондой эле бул нерселер жиберилген жөнөтмөлөр менен кийирмелерди (передача) эч чектөөсүз алууга уруксат берилет.*

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамдын 16-беренесине ылайык, ИИО УККларында кармалгандардын китепканадагы же камак жайынын администрациясы аркылуу соода тармагынан сатылып алынган адабияттартан жана мезгилдүү басма сөз басылмаларынан, ошондой эле администрация тарабынан берилүүгө тийиш болгон стөлдө ойнолуучу оюндардан пайдаланууга укугу бар.*

*Аталган мыйзамдын 22-беренеси камералардын баары радиоуктуруу каражаттары менен, ал эми мүмкүнчүлүк болсо – телевизорлор, муздаткычтар жана желдетүү жабдуулары менен да камсыздалышы керектигин белгилейт.*

*Ички санжап (тартип) эрежелери шектүүлөр менен айыпталуучулардын адабияттардан жана мезгилүү басма сөз басылмалары менен стөлдө ойнолуучу оюндардан пайдалануу укугун кайталап айтат*[163].

Мониторинг көрсөткөндөй, УКЛардын биринде дагы китепкана, адабияттар жана мезгилдүү басма сөз басылмалары жок. Андай болсо алар камактагыларга берилбейт.

Талас облусунун ИИО УКСсында жана Карабуура районунун ИИО УКСсында камакта олтургандар аларга айына бир жолу аты уйкаш фонд тарабынан басылып чыгарылган “Азаттык үнү” коомдук-укуктук гезитин беришкенин эскертишти.[164] Ал эми Талас облусунун ИИО УКСсындагы эки аял өз камерасынан табышкан Кылмыш-жаза кодексин окушканын айтышты.[165]

Бир дагы ИИО УКСсында стөлгө коюп ойнолуучу оюндар жок. Ал эми Талас облусунун ИИБ УКСсында кармалган адамдарда ойнолуучу карталар болгон.[166]

Мониторинг топтору камералары телевизорлор жана муздаткычтар менен камсыз кылынган бир дагы ИИО УКСсын көргөн жок.

[161] Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, 16-берене
[162] Минималдык стандарттык эрежелер, 21-эреже.
[163] Ички тартип эрежелери, 3.1 тарамы.
[164] Мониторинг боюнча отчет №№10/12-14/3/2.0; 11/8/3/3.6.
[165] Мониторинг боюнча отчет №10/12-14/3/1. 6
[166] Мониторинг боюнча отчет №10/12-14/3/2.0

“Справедливость” (Адилеттик) облустук укук коргоо уюмунун колдоосу менен Базар-Коргон, Токтогул, Аксы, Ала-Бука райондорунун ИИО УККлары жана Кара-Көл, Майлуу-Суу жана Таш-Көмүр шаарларынын ИИО УККлары радиоуктуруу каражаттары менен камсыз кылынган.
Камакта кармалган адамдардын таза абада, күндөлүк сейилдөө убагында гана дене тарбиясы менен машыгууга мүмкүнчүлүгү бар. Сейилдөө короолору жок болгон же сейилдөө өткөрүлбөгөн ИИО УККларындагы камактагыларда мындай мүмкүндүк жок.

### 5.1.4. КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ

**Эл аралык стандарттар**

*Эч ким кыйноого, же болбосо мамиленин же жазанын катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты кетирген башка түрлөрүнө дуушар болбоого тийиш.*[167] *Эч кандай жагдай кыйноо колдонулганын, же болбосо мамиле жасоонун же жазалоонун катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-барк кетирген түрлөрү колдонулганын актай албайт.*[168]

*Кармалган же камакка алынган адамдын абалынан күнөөнү моюндоо көрсөтмөсүн берүүгө, өз айыптуулугун өзү ачууга же башка бир адамга каршы көрсөтмө берүүгө мажбурлоо максатында кыянаттык менен колдонууга тыюу салынат. Бир дагы кармалган адам сурак учурунда зордук-зомбулукка, коркутуп-үркүтүүгө же алгачкы текшерүүнүн анын чечим кабыл алуу же пикирге келүү жөндөмдүүлүгүнө доо кетирген ыкмаларынын колдонулушуна кабылбоого тийиш.*[169]

*Ар кимдин ага коюлган кандай болсо да кылмыш айыбы каралып жатканда, толук теңчиликтин негизинде, өзүнө каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн айыптуу деп таанууга мажбурланбоого укугу бар.*[170]

*Өз милдеттерин аткарып жатканда түзөтүү мекемесинин кызматчылары бардык жашы жетпегендердин адамдык кадыр-баркын жана негизги укутарын сыйлоого жана коргоого тийиш; түзөтүү мекемелеринин бир дагы кызматкери кандай болсо да шылтоо менен жана кандай болсо да шартта кыйноо же кандайдыр бир башка катаал, адамгерчиликсиз же адамдын беделин түшүргөн мамиле же жаза колдонууга, ошого көкүтүүгө же жол берүүгө акылуу эмес.*[171]

*Укук тартибин колдоо боюнча бир дагы кызмат адамы кыйноо же катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты кемсинткен мамиле же жаза болуп эсептелген ар кандай аракеттерди жасай албайт, ага түрткү же жол бере албайт, ошондой эле укук тартибин колдоо боюнча бир дагы кызмат адамы кыйноо колдонулгандыгын же башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-барк кетирүүчү мамиле жасалагандыгын же жаза колдонулгандыгын актоо үчүн өзүнөн жогору турган бийлик адамдарынын буйругуна, же болбосо согуштук абал же согуш коркунучу, улуттук коопсуздукка каршы коркунуч, ички саясий туруксуздук сыяктуу адаттан тыш жагдайга же өзгөчө кырдалга шылтай албайт.*[172]

**Улуттук мыйзамдар**

Кылмыш жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталган жана ошондон улам камакка алынган адамдарды камакта кармоо кыйноолор жана алардын денесин оорутууну же аларды адеп-ахлактык азапка салууну көздөгөн башка аракеттер менен коштолбоого тийиш.[173]

Жазык ишине катышкандардын бирин да зордук-зомбулукка, катаал же адамдын кадыр-баркын кемсинткен башкача мамиле жасоого дуушар кылганга болбойт.[174]

---

167 Жалпы декларация, 5-берене; МПГПП ст.7; Принциптер жыйнагы, 6-принцип.
168 Принциптер жыйнагы, 6-принцип.
169 Принциптер жыйнагы, 21-принцип.
170 АСУЭП, 14-берене, 3-тарам (g).
171 БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу эрежелери, 87 (а) эрежеси
172 Укук тартибин сактоо боюнча кызмат адамдарынын жүрүм-турум кодекси.
173 Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, 4-берене
174 КР ЖПК, 11-берене.


Укуктары, эркиндиктери жана инсандын абройун урматтоо жазык ишин жүргүзүүдө катышкан бардык органдар жана адамдар мүнөздүү болушу тийиш. Сурак жүргүзүүдө, ошондой эле тергөө жана сот жагынан башка иш-аракет жасоодо опузалоого, зомбулук жана мыйзамга жатпаган чараларды колдонууга жол берилбеши керек. Чектөө (бөтөт коюу) чарасы катары камакка алуу тандалган адамды, ошондой эле кылмыш жасоо жагынан шектүү болуп кармалган адамды камакка кармоо анын өмүрүнө жана ден-соолугуна коркунуч туулбаган шартта жүзөгө ашырылышы керек.[175]

ИИО УККларда камакка алынган адамдар менен маектешүү жүргүзүп жатып, байкоочулар камалгандардын аларга карата милиция кызматкерлери тарабынан күч жана коркутуулар колдонулгандыгы жөнүндө арыздарын жазып алышты.

Ошону менен бирге алардын дээрлик бардыгы кармалган учурда аларга жүрөк заада кылуу, көрсөтмө бердирүү, кылмыш жасагандыгын мойнуна алдыруу жана күнөөсүн мойнуна алуу арызын жаздыруу максатында кыйноо колдонуу жана катаал мамиле жасалгандыгы жөнүндө айтып жатышты.


Буга чейин ИИО УККларында мониторингдин чегинде сурамжылоого бардыгы болуп 193 киши алынгандыгы айтылган. Алардын ичинен 60 адам, дээрлик ар бир үчүнчүсү (31,1%) өздөрүнө кыйноо жана катаал мамиле колдонулганын кабарлашты.

**19-диаграмма.**
**Кыйноо колдонулгандыгы жөнүндө кабарлоолор.**




50 учурда (83,3%) кыйноолор ошол адам жана анын дагы шектүү кылмыш боюнча күнөөсүн мойнуна алуусу же кимдир бирөөнүн үстүнөн көрсөтмө берүүгө мажбурлоо максатында колдонулган, 8 учурда (13,3%) кыйноолор менен катаал мамиле жасоо алардын милиция кызматкерлерине нааразычылыгын билдиргени үчүн жазалоо максатында колдонулган, ал эми 2 учурда (3,4%) катаал мамиле опузалап (выманивать свое) менен коштолгон.

**20-диаграмма.**
**Кыйноо жана катаал мамиле колдонуунун максаттары.**





Кыйноо жана катаал мамилеге дуушар болгон адамдар эмнелерди сезгенин билгизүү менен (квалификациялоо) алуу үчүн эксперттик билимдер керек. Ар бир учурда кыйноодон жапа чеккен адамдын кулк-мүнөзүнө, жүрүш-турушуна жана жан абалына жараша кыйла өзгөчөлөнөт. Кыйноодон улам дененин ооругандыгы адеп-ахлак жагынан кыйналууга алып келип, адеп-ахлак азабы, өз кезегинде, көп учурда дененин оорусу менен коштолот. Ошентсе да, адамдык кадыр-баркы үчүн, сөзсүз кыйноо менен катаал мамиле жасоону шарттуу түрдө алардын негизги түрүнө жараша бөлүп көрсөтүү аракет жасады.

---
175 КР ЖПК, 10-берене.

Учурлардын басымдуу көпчүлүгүндө – 45 (75%) кыйноолор жана катаал мамиле адамдын денесин оорутуу аракеттеринен турса, 15 учурда (25%) – алар адамды адеп- ахлак жагынан азапка салууну көздөдү.


**21-диаграмма.**
**Кыйноонун түрлөрү.**




Кайрылууларды талдоо чыгаруу ИИОнун тиешелүү кызматтарында иштеген адамдар жазык ишин сотко чейинки жүргүзүү учурунда кармалган жана камакка алынган адамдарга карата [illegible] кыйноо колдонуу жана катаал мамиле жасалганы [illegible]:

- КИБ (О УР) ыкчам аракет тескөөчүлөрү – 49 (81%)
- Тергөөчүлөр – 5 (8,4%)
- УКК [illegible] – 6 (10%)

**22-диаграмма.**
**Кыйноо менен катаал мамиле колдонгон кызмат адамдары.**




Кыйноолор жөнүндө айтып берип жатып, камактагылар баарынан мурда төмөнкүлөргө арызданышты:

- алардын муштумдары жана буттары менен урушканына – 46
- алардын резина таякчалар менен урушканына – 7

***Мисал**: 2011-жылдын 19-январында милиция кызматкерлери шек туудурган адамды үйүнөн [illegible] сүйрөп чыгышып, башына мүшөк кийгизишти да, тоого алып барышып, бүт дене-боюн сабашып, муштагылап, тепкилешип, 2 саат жалаңаяк кар үстүндө [illegible] кылышты. Андан кийин аны ИИО имаратына алып келишип, [illegible] тамак [illegible] УКК [illegible]. [illegible] ш. прокуратурасы кылмыш ишин [illegible].*



Кыйноодон жапаа чеке адам.

***Мисал**: 2011-жылдын 14-сентябрында эртең мененки тазалануу (оправка) мезгилинде Ысык-Ата районунун ИИО УККнын кызматкерлери менен камактагы адам [illegible]. Натыйжада УКК кызматкерлери УККда кармалган [illegible] адамды резина таякчалар менен сабап, тепкилешкен. 2011-ж. 17-сентябрында Ысык-Ата райондук прокуратурасы кылмыш ишин [illegible].*[176]

О [illegible] мезгилде бир катар учурларда кыйноо колдонуунун [illegible] болду

[176] Мониторинг боюнча отчет №5/20/О/1.0.

***Мисал**: 2011-жылдын 29-июлунда Чүй облусунун ИИО УККнын кызматкерлери тарабынан шек саналуучу күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн бердирүү максатында сабалган. Ошондо аны резина келтек менен сабашып, муштагылашып, тепкилешип, аркасына, башына, тамандарына, кабыргаларына урушуп, дагы эки кызматкер ошол учурда аны бутунан кармап турду. Сабагандан кийин тиги киши бир нече жолу эсин жоготуп, эки жолу кусту. Эсине келтириш үчүн анын бетин чапкылашты. Андан кийин башына баштык кийгизишип, эсин жоготкончо тумчуктурушту. Аны бөйрөк, калта жакка урушту. Бир киши курсагына олтуруп алып, резина келтек менен курсакка уруп жатты. Андан кийин кол кишен менен отургучка байлашып, ошол бойдон эртең менен кийге чейин калтырышты. Мезгил-мезгили менен кызматкерлер жанына келишип, муштумдары менен кулакка жана моюнга уруп жатышты. Эртеси күнү эртең менен милиция кызматкерлери целофан менен оролгон резина келтекти көрсөтүшүп, кылмыш жасаганын мойнуна албаса, ошону менен зордуктай турганын айтышты. 2011-жылдын 12-августунда Чүй облусунун прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 305-беренесинин, 2-бөлүгүнүн 3-тарамы боюнча кылмыш иши козголду.[177]*



Кыйноонун натыйжасында алынган жаракаттар.

***Мисал**: 2011-жылдын 25-июнунда Токмок ш. ИИО кызматкери коркутуу жана күнөөнү моюнга алдыруу максатында жашы жетпеген айыпталуучу кызды зордуктаган. 2011-жылдын 13-августунда Токмок ш. прокуратурасы Кыргыз Республикасынын КЖКсынын 129-беренеси боюнча кылмыш ишин козгоду. Бирок кийин бул иш зордуктоого аракеттенүү деп башкача квалификацияланган.[178]*



Кыйноонун натыйжасында алынган жаракаттар.

***Мисал**: Балыкчы ш. ИИО УКСында кармалган айыпталуучу аял ошол ШИИБ кызматкерлери тараптан кыйноого жана жыныстык мүнөздөгү коркутууга дуушар болду. Өзүн өзү өлтүрүү максатында ал асынды. Бирок мекеме кызматкерлери муну убагында байкап, аны сыйыртмактан чыгарышты да “тез жардам” чакырышты.*

[177] Мониторинг боюнча отчет №1/6-7/О/1.0.
[178] Мониторинг боюнча отчет №4/3/О/1.0.

**23-диаграмма.**
**Кыйноо колдонуу ыкмалары.**




Белгилей кетчү нерсе, бардык эле учурда жапаа чеккендер өздөрүнө кыйноо колдонуу жана катаал мамиле кылуу факталырына даттанууга аракет кылышкан жок. Бирөөлөр муну УККда камакта болуу шартында кыла алышпаганын түшүндүрүшсө, башкалары муну кандай кылса болорун билишпептир. Ал эми бир УККда камакта кармалган бир адам: *"арызданган жокмун, анткени эч кандай шанс жок"* деп түшүндүрдү.

Дат арызы менен кайрылуу боюнча башка жапаа чеккендер тарабынан жасалган аракеттердин жана алардын натыйжаларынын толук сүрөттөлүшү ушул отчеттун "Кыйноо колдонулгандыгы жөнүндө арыздарга жооп катары жүргүзүлгөн аракеттер" бөлүмүндө келтирилген.

Даттануулардын көпчүлүгү мониторингден бир нече апта же бир нече ай мурунку мезгилге тийиштүү болгондуктан катаал мамиле кылуунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн болгон белгилер менен жарааттар бул убакта, албетте, жок болуп же айыгып кетмек.

Ошентсе да, арасында сот-медицина эксперти болгон байкоочулар кабылданган даттануулар боюнча бир катар медициналык маалыматтарды топтошуп, долбоор чегинде аларды жактоочулар катары тартылган адвокаттарга жөнөтүштү.

Эл аралык укук менен улуттук мыйзамдар айкын билдиргендей, катаал мамиле кылуу денени оорутуу менен гана эмес, адеп-ахлак жагынан азапка салуу аракеттери менен да коштолушу мүмкүн. Мындай кыйналуулар адамга даарат ушатууга мүмкүндүк бербөөнүн же аны чектөөнүн, ичкидей суу, жегидей тамак бербөөнүн, уктатпоонун ж.б.у.с. натыйжасында пайда болушу ыктымал.

Отчет текстинин буга чейинки бөлүктөрүндө УККлардын биринде камалгандарды таза абага күнүнө 5-10 мүнөткө гана чыгарышканы, же болбосо Бишкек ш. ШИИБ УККсында жана Балыкчы ИИО УККсында камакта кармалгандар таза аба жутуу мүмкүнчүлүгүнөн толугу менен ажыратылганы мисал катары келтирилген. Юридикалык көз караштан алганда, мындай учурлардын ар бирин эле кыйноо катары квалификациялоого болбойт, бирок алардын ар биринде камакка алынгандарга адамгерчиликсиз мамиле кылынгандыгы жана алардын укуктары бузулгандыгы айгине көрүнүп, бул тийиштүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликке тартылышына алып келүүсү шарт.

2011-жылдын август айында УККлардын биринде камалган соттолуучу аял өзүнүн кант диабети менен ооруганын, ал эми УККнын нөөмөтчүсү ага шприцтерди убагында бербей, кээде болсо нөөмөт бөлүгүндө сакталган инсулин саюучу шприцти таптакыр бербей да коюп жатканын билдирген. УККда камакта жаткандан бери инсулин бир берилип, бир берилбей жатканынан улам анын ден-соолугу начарлап кеткен.[179]

[179] Мониторинг боюнча отчет №5/4-8-10-11/3/1.1.

Мониторинг тобу соттолуучунун арызы жөнүндө ИИО башчысына кабарлап, ал шприцтин өз убагында берилүүсүн көзөмөлгө алууну убада кылды. Бирок топ ошол эле УККга кезектеги жолу барганда, соттолуучу ошол эле даттануусун кайталап айтты.

Ошондой эле мониторинг учурунда кургак учук менен ооруган адамдардан, алар эч кандай дарылануу алынбаганы аз келгенсип, УКК кызматкерлери аларды сабап да жатышканы жөнүндө даттануулар келип түштү.

> ***Мисал***: *Камакта олтурган адам байкоочуларга мындай деп кабарлады: "2011-жылдын 14-сентябрында тазаланууга чыгарып жатып, кезметчи А. менден майкамды сыйрып алып, төшкө бир койду да, буту менен тебейин дегенде, мен бутун кармап алып, түртүп жибердим. Ал нөөмөт бөлмөсүнө чуркап барып, ал жакта болгон кызматкерлерди чакырды. Аны менен кошо дагы эки киши келип, резина келтек жана буттары менен бүт дене боюмду сабай баштašты. Бул биринчи камеранын маңдайында, сейилдөө коросунда болду. Анан оперуполномочендер РИИБге алып кетишип, ал жактан экинчи кабаттагы бөлмөдөн сабаганын улантышты.Мен эсимди жоготко, урганын токтотушуп, кайра УККга алып келишти. Бир аздан кийин сейилдөө коросуна чыгарышып, башыма, шыйрактарыма, тамандарыма ура баштašты, бутумду тебелешти." Ушул камакка алынган адамдын анамнезинде өпкө кургак учугунун ачык формасы менен ооруп, азыркы учурда эч дарылоо албагандыгы жазылган.*[180]

Андан тышкары, Бишкек ш. ШИИБ УКСсында мониторинг жүргүзүп жатканда, "метадон" программасынан өтүп жаткан камактагы бир нече адам метадон алмаштырма терапиясын алууга мүмкүнчүлүгу жок болуп, ошондон дене жагынан азап тартып жатканы белгилүү болгонун атпай коюуга болбойт. "Метадон" программасына кирген камактагыларга метадонду бербөө ырайымсыз мамиле жасоонун бир түрү болуп эсептелет.

Мониторингдин жүрүшүндө алынган маалыматтарга таянып, жазык процессине катышы бар адамдар кармалуу учурунда жана УККда камакта кармалуу мезгилинде, өзгөчө ыкчам издөө иш-чаралары жасалып жатканда, кыйноого жана катаал мамиле кылууга дуушар болуу коркунучу алдында болгону жөнүндө тыянак чыгарууга толук негиз бар.

Бул төмөнкүдөй одоно бузуулар жыйындысы менен түшүндүрүлөт.

- **Кылмыш жасоо жагынан шектүү болгон адамдарды кармоонун жана камакка алуунун тартибин бузуу**

КР ЖПКсынын 95-беренесине ылайык, кылмыш жасоо жагынан шек туудуруучу адамды кармоо жөнүндөгү протокол ал иш жүзүндө жеткирилген учурдан кийинки үч сааттан ашпаган мөөнөттө түзүлүүгө тийиш жана жасалган кармоо жөнүндө тергөөчү прокурорго кармоо протоколу түзүлгөн учурдан тартып он эки сааттын ичинде жазуу түрүндө кабарлоого милдеттүү. Андан тышкары, КР ЖПКсынын 98-беренесинде кылмыш жасоо жагынан шектүү болуп кармалгандар УККда гана камакта кармалышы керек деген катуу талап бар.

Бирок мониторинг жыйынтыктары бул талаптар сакталбай, шек саналуучулар УККда эмес, кандайдыр бир башка жерде кармалган көп фактыларды аныктап чыкты. Мындай абал алгачкы текшерүү органдарына шектүүлөргө алар жасады деп шек саналган кылмыштарды ачуу максатында каалагандай мамиле кылууга, ошондой эле аларды чындыгында эч тиешеси жок "ачылбаган" кылмыштарды жасагандыгын моюнга алууга мажбурлоого жол берет.

Кылмыш жасоо жагынан шектүү деп саналган адамды кармоо тартибине ылайык, кармоо жөнүндөгү протокол кармалган адам иш жүзүндө жеткирилген учурдан тартып үч сааттан ашпаган мөөнөттүн


[180] Мониторинг боюнча отчет №8/3/О/1.0.

ичинде түзүлүүгө, андан кийин болсо кармалган адам УККга камакка алынууга тийиш. Кармоо жөнүндөгү протоколдо кармоо убактысы (сааты менен мүнөттөрү) көрсөтүлүп, ошол убакыттан тартып кармоонун 48 саатык мөөнөтү эсептеле баштайт.

Мониторингдин жүрүшүндө 38 учурда шектүүлөр ИИО УККсына өздөрү иш жүзүндө кармалган убагынан кеч камалгандыгы табылган.

Бул убакыт көрсөтүлгөндөй, бир нече сааттан бир нече суткага чейин болушу мүмкүн.

**24-диаграмма.**
**Кармоо тартибин бузуу.**




***Мисал:*** *Айыпталуучу иш жүзүндө 2011-жылдын 12-октябрында кармалып, күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн берүүгө мажбурлоо максатында Талас ш. ИИО кызматкерлери тарабынан коркутуп-үркүтүүгө дуушар болгон. Талас облусунун ИИБ УККсына ал 2011-жылдын 14-октябрында гана жеткирилди.*[181]

***Мисал:*** *Айыпталуучу иш жүзүндө 2011-жылдын 16-августунда кармалган, Кемин районунун ИИО эки "ыкчам издөө кызматкери" тарабынан кыйноого алынып, кабыргалары "кокусталып", 2011-жылдын 18-августунда УККга камакка алынган.*[182].

- **Жакталуу укугун бузуу**

КР ЖПКсынын 40-беренесинин, 1-бөлүгүнүн 4-тарамы шектүү адамдын алгачкы текшерүү органына иш жүзүндө жеткирилген убактан тартып жактоочуга ээ болуу укугун бекитет.

***Мисал:*** *Айыпталуучу иш жүзүндө 2011-жылдын 20-октябрында кармалып, күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн берүүгө мажбурлоо максатында Талас районунун ИИБнде коркутуп-үркүтүүгө дуушар болуп, Талас облусунун ИИБ УККсына 2011-жылдын 31-октябрында гана жеткирилген. Адвокат сотко санкция берүү үчүн жеткирилген убактан баштап катышууда.*[183]

- **Шектүүлөрдү камакта кармоо тартибин бузуу**

Жалпы тартипке болгон, шектелүүчүлөр камалынын ичинде жана бири-биринин кылмыш иши боюнча кармалгандар менен шектүүнүн кылмыш ишин жүргүзүп жаткан адамдан укугу болуп, мындай шектүүнүн бирикүү учурлары маалымат алмашууга жана камакка... Бул кармалган адамдын кошуусу менен дайындалган чогулуу болгон тергөө аракеттерин жүргүзүү тартибинде өткөрүлөт. Эгерде кармалган адам менен жолугушууга ыкчам аракет жүргүзүүчү кызматкерлер өздөрүнүн ыкчам (изин суутпай) издөө иш-чараларына байланыштуу муктаж болушса, анда мындай жолугушуу

[181] Мониторинг боюнча отчет №10/12-14/3/1.4.
[182] Мониторинг боюнча отчет №6/6/3/1.1.
[183] Мониторинг боюнча отчет №10/12-14/3/1.7.

кылмыш ишин жүргүзүү колунда болгон адамдын уруксаты боюнча гана мүмкүн болот. Мындай жолугушуунун мүнөзү укук мамилелерине тиешеси жок; эки тарап ар бир кадам процесстик эрежелер менен регламенттештирилген тергөө иш-аракеттериндегидей өз ара укуктар жана милдеттер аркылуу байланышкан эмес[184].

Мониторингдин жүрүшүндө камактагыларды түн ичинде УКДдан чыгарышып, ыкчам аракеттер кызматкерлеринин карамагына беришип, тигилер күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн бердирүү максатында аларга карата күч колдонушкан учурлар табылган. Андан тышкары, ыкчам аракет жүргүзүү кызматкерлерине камакка алынган адамдар менен УКнын аймагында маектешүүгө мүмкүнчүлүк берилген учурлар дагы документтештирилген.

> ***Мисалы***: *Ысык-Ата районунун ИИО УКсында кармалган айыпталуучу аял, аны түн ичинде "оперлерге чыгарышып", алар күнөөнү моюнга алдыруу максатында ага күч менен таасир берүү жана коркутуп-үркүтүү колдонушканын кабарлаган.*[185]

> ***Мисал***: *Талас облусунун ИИО УКсында камалган адам мындай деп билдирди: «фамилиясы К. болгон опер сейилдөө короосуна чыгарып, балдарымды отургузам деп коркутуп, мени уруп жиберди».*[186]

> ***Мисал***: *Кармалган аял мониторинг тобуна Токмок ш. ИИО УКсына "эч тоскоолсуз ыкчам издөө кызматкерлери кирип, камактагылар менен сүйлөшүшөт; бул жерде дайыма ушундай болот" деп айтып берди.*[187]

- **Кармалган адамга өз укуктарын коргоонун жолдору жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө атайылап маалымат бербөө**

Камактагылардын өздөрүнүн маалымат алуу укугун ишке ашыруусундагы көйгөлөргө жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары ушул отчеттун тийиштүү бөлүмүндө кенен-кесир баяндалган.

## 5.1.5. КАМАКТА КАРМООНУН МЫЙЗАМДУУЛУГУ

**Эл аралык стандарт**

*Ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укугу бар. Эч кимди эч негизсиз камоого же камакта кармоого болбойт. Эч ким мыйзам менен белгиленгенден башка негизде жана жол-жоболорго ылайык эркиндигинен ажыратылбоого тийиш.*[188]

*Кандай гана болбосун формада кармоо же камакка алуу жана адам укуктарына байланыштуу чаралардын баары кармалган же камакта болгон адамдарга карата токтомдун негизинде жүзөгө ашырылышы же сот же башка органдардын натыйжалуу көзөмөлүнө алынышы керек.*[189]

*Жазык айыбы боюнча кармалган адам кармалгандан кийин көп өтпөй сотко же мыйзам менен аныкталган башка органга берилет. Ушундай орган кечиктирбестен кармалуунун мыйзамдуулугу жана зарылчылыгы тууралуу чечим кабыл алууга тийиш. Аталган органдын жазуу түрүндөгү токтомусуз эч кимди тергөө жүргүзүү же сот тарабынан териштирүү мезгилине кармоого болбойт. Кармалган адам ушундай органга алынып келгенде кармоо мезгилинде ага жасалган мамиле боюнча арыз менен кайрылууга укуктуу.*[190]

---

184 Россия Федерациясынын ЖПКсына комментарий (беренелер боюнча). М.:ООО «ВИТРЭМ», 2002.-стр. 130-131.
185 Мониторинг боюнча отчет №5/9/3/1.2.
186 Мониторинг боюнча отчет №10/13-15/3/3.9.
187 Мониторинг боюнча отчет №4/5-6-9/О/1.
188 АСУЭП, ст. 9.
189 Принциптер жыйнагы, 4-принцип.
190 Принциптер жыйнагы, 37-принцип.

**Улуттук мыйзамдар**

*Эч кимди мыйзамда белгиленгенден башка негизде жана тартипте шек саналуучу жана айыпталуучу катары жоопко тартууга, кармоого, камакка алууга, тинтүүгө, айдап келүүгө жана кандай болсо да процесстик жол менен мажбурлоого, ошондой эле анын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө болбойт.*[191]

*Тергөө органы кармалган адамды кырк сегиз сааттан ашык убакыт шектүү болуу абалында кармоого акылуу эмес. Аталган мөөнөт аяктаган учурда тергөө органы кармалган адамды бошотууга же ага айып коюп, бөгөт коюу чарасын тандап алууга милдеттүү. Айыпталуучуга карата кайтарууга алуу же үй камагында кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу зарыл болгондо тергөөчү прокурордун макулдугу менен Жазык-процесс кодексинде белгиленген тартипте сотко өтүнүч менен кайрылат.*[192]

*Сот, прокурор, тергөөчү мыйзамсыз кармалган же эркиндигинен ажыратылган, же болбосо медициналык мекемеге мыйзамсыз жол менен жайгаштырылган же мыйзамда же сот өкүмүндө каралган мөөнөттөн ашык кайтарылууда кармалган адамды токтоосуз бошотууга милдетүү.*[193]

*Кылмыш жасоо жагынан шек туудуруп кармалган адамдарды кайтарылууда кармоонун негизи болуп КР ЖПКсында белгиленген тартипте түзүлгөн кармалуу протоколу эсептелет.*[194]

Мониторинг ИИО УККларынын документтерин изилдөө менен коштолду. Ошондо жазык-процесс мыйзамдарынын[195] кылмыш жасоо жагынан шектүү саналган адамдарды кармоо жөнүндөгү протоколго коюлуучу талабы сакталганы белгиленди.

Айрым учурларда, кайтарылууга алынган адамдардын алар УККга иш жүзүндө кармалгандан бир топ убакыт кийин жеткирилгендигин далилдеп айткандарын эсепке алганда, байкоочуларда протоколдордо кармоонун орду менен убактысы (сааты менен мүнөтүн көрсөтүү менен) канчалык туура жазылганына байланыштуу күмөн пайда болду. Бирок кармоо протоколдорундагы жазуулардын тууралыгын аныктоо үчүн зарыл болгон тийиштүү текшерүү байкоочулардын компетенциясына кирген эмес.

Мониторингдин жыйынтыктарын талдоодо КР Конституциясынын ар бир кармалган адам кармалган учурдан тартып 48 саат өткөнгө чейин тез арада жана кандай учурда болбосун кармалгандыгынын мыйзамдуулугу жөнүндөгү маселени чечүү үчүн сотко жеткирилиши керектиги тууралуу талабы бузулган учурларды көрсөткөн жок.[196]

Кылмыш жасоо жагынан айыпталуучу адамдардын ИИО УККларында камакта кармалышына өз убагында сот тарабынан уруксат берилген.

Ошону менен бирге, мониторингдин жүрүшүндө ИИО УККларында кармоонун мыйзамда белгиленген мөөнөттөрүнүн ашырылышына байланыштуу көйгөй табылган.

Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамдын 9-беренесине ылайык, ИИО УККлары кылмыш жасоо жагынан шектүү болуп кармалган адамдарды камакка алуу үчүн дайындалган.

Өз күчүн жоготкон Кыргыз ССРинин ЖПКсы аларга карата бөгөт коюу чарасы катары камакта кармоо тандалган адамдарды алдын ала камакка алуу жайлары болуп тергөө камакжайлары (изоляторлору) эсептелерин так белгилеген.[197]

---

191 КР ЖПК, 6-берене, 2-бөлүк.
192 КР ЖПК, 39-берене, 2-бөлүк.
193 КР ЖПК, 11-берене, 2-бөлүк.
194 Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, 5-берене.
195 КР ЖПК, 95-берене.
196 КР Конституциясы, 24-берене, 4-бөлүк.
197 Кыргыз ССР ЖПК, 406-берене, 1-бөлүк.

Кыргыз ССР УПКсынын 409-беренесине ылайык, камакка алынган адамдар кармалгандарды кармоо жайларында үч күндөн ашпаган мөөнөткө кармалса болот. Эгерде камакка алынган адамдарды тергөө камак жайына ал алыс болгондуктан же ал жакка керектүү байланыш жолдору жок болгондуктан улам жеткирүү мүмкүн болбосо, камакка алынгандар андан узак, бирок 20 суткадан ашпаган, мезгилге да кармалышы мүмкүн болгон.


Колдонуудагы КР ЖПКсында жана башка ченемдик укуктук актыларда айып коюлуп, камакта кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы тандалган айыпталуучу кандай мөөнөттүн ичинде ТКЖга (СИЗО) көчүрүлүшү керектигин так белгилеген жобо жок.

Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамдын 9-беренесине берилген эскертүүдө айыпталуучулар УККга тергөө иш-аракеттерин жүргүзүү үчүн зарыл болгон учурларда жана, ишти сот тарабынан ТКЖ жайгашкан калкконушунун чегинен тышкары жерде кароо керек болуп, айыпталуучуларды ТКЖдан ал жерге күндө алып баруу мүмкүн болбогон учурларда аталган иш-аракеттерди аткаруу жана сот жүргүзүү убагына, бирок бир айда он суткадан ашык эмес мезгилге которулушу мүмкүн экендиги белгиленген.

Бирок, ушул ченем койгон талаптарга карабастан, тергөө органдарынын өкүлдөрүнүн же соттун буйругу боюнча камакка алынгандар УККда көрсөтүлгөндөн узак убакыт болушат. Аткаруучу бийликтин кызмат адамы катары, ИИО УККсынын башчысы ага камакка алынган адамды УККга этап менен алып келип, ал жерде кармоо өтүнүчү менен кайрылышканда, ошол өтүнүчтү аткарбай коюуга укуктуу эмес. Тергөө органдары менен соттун алдына кылмышты тергөө жана кылмыш ишин мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароо милдети коюлган. Ал эми иши тергөөдө болгондорду жана соттолуучуларды тергөө иш-аракеттерин жүргүзүү же сот териштирүүсүнө катыштыруу үчүн ТКЖдан ал алыс жайгашкан же буга каражат жок болгон үчүн этап менен ыраattуу түрдө алып келип турууга мүмкүнчүлүк жок болгонуна байланыштуу жогоруда аталган процесстик иш-чараларды жүргүзүү ыңгайлуу болсун үчүн аларды кылмыш жасалган жердеги УККда кармашат.

Кайтарылуга алынган адамдардын берген түшүндүрмөлөрү алардын камакта кармалгандыгынын УККда болгон мезгилди кошкондогу жалпы узактыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берди.

**25-диаграмма.**
**Мониторинг учурунда суралган адамдардын УККда камакта кармалгандыгынын узактыгы.**




Мындай суроо туулат: камакка алынгандардын УКК шартында болгондугу үчүн кимдин жоопкерчилиги чоң болушу керек – тергөөчүнүнбү, же процесс мөөнөттөрү менен кысымга алынып, айыпталуучуну УККда кармоо жөнүндө тийиштүү чечимди кабыл алган судьянынбы, же Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамдын 9-беренесинде каралган он күндүк мөөнөттү бузган УКК башчысынынбы?

### 5.1.6. КОРГОЛУУ УКУГУ

**Эл аралык стандарттар**

*БУУнун адам укуктары боюнча Комитети өзүнүн корутунду пикирлеринде бардык кармалгандар дароо адвокатка кайрылуу укугуна ээ болушу керектигин токтомдогон.*[198]

*БУУнун юристтердин ролуна тиешелүү негизги принциптери ар бир адамдын өзүн коргоо, өз укуктарын сактап калуу жана кылмыш-жаза жараянынын (процесс) бардык баскычтарында жактоо ишин жүргүзүү үчүн өзү тандаган адвокатка жардам сурап кайрылуу укугун бекемдейт. Кармалган кишиге, ал камакка алынары менен эле, тезинен компетенттүү орган тарабынан ушул укугу тууралуу маалымат берилүүгө тийиш. Эгерде кармалган адамдын өз тандоосу менен жалдап алган адвокаты жок болсо, анда муну сот акыйкаттыгынын кызыкчылыгы талап кылган бардык учурда, ал сот же башка орган тарабынан дайындалган адвокаттын кызматынан, өзүндө жетишерлик акча каражаты болбосо, эч акы төлөбөй эле пайдаланууга укуктуу.*[199]

*БУУнун юристтердин ролуна тиешелүү негизги принциптеринде кармалган же камакта олтурган кишинин адвокат менен байланышуу жана андан кеп-кеңеш алуу укугу да бекемделген. Мындай учурда ага адвокат менен эч цензурасыз (электөөсүз) жана толук жашырындуулук (конфиденциалдуулук) шартында жолугушууга жетишерлик убакыт берилип, шарт түзүлүшү керек. Кармалган же камакта олтурган кишинин адвокаты менен жолугушуусу укук коргоо органдарынын кызмат адамы аларды көрүп турган, бирок укпаган шарттарда өтсө болот.*[200]

**Улуттук мыйзамдар**

*КР Конституциясы ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун жана мыйзамдар каралган учурларда анын мамлекеттин эсебинен берилишин белгилейт.*[201]

*КР ЖКПда шектелген кишинин биринчи сурактан баштап, ал эми кармалган кезде –алгачкы текшерүү органына иш жүзүндө алынып барган учурдан баштап жактоочуга ээ болуу укугу каралган. КР ЖПКда айыпталуучу, соттолуучу, соттолгон (акталган) адамдын өз жактоочусу менен жекече жана маектердин саны менен узактыгы чектелбеген шартта эч тоскоолдуксуз баарлашуу укугу да тастыкталат.*[202]

*Эгерде шектелүүчү же айыпталуучу киши тандап алган жактоочунун келиши аны иш жүзүндө кармалуу же камакка алуу учурунан тартып жыйырма төрт сааттын ичинде мүмкүн болбосо, анда тергөөчү шектелүүчү же айыпталуучу адамга башка жактоочуну чакырууну сунуш кылууга акылуу, же болбоо адвокаттардын кесиптик уюму аркылуу адвокат дайындоо чарасын көрүүгө милдеттүү. Мамлекеттин эсебинен юридикалык кызмат көрсөткөн адвокаттын эмгек акысын төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.* [203]

*Кылмыш жасоо жагынан шеек туудуруп кармалган адам жактоочунун катышуусу менен суракка алынууга тийиш. Суракка алынардан мурун кармалган кишиге анын укуктары түшүндүрүлүп, кайсы кылмышты жасоо жагынан шектелип жаткандыгы жарыяланышы керек.*[204]

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамга ылайык, камоо жайынын кызматкерлери шектүүлөргө, айыпталуучуларга жана соттолуучуларга өз жактоочулары менен адвокат кылмыш ишине шектелүүчү, айыпталуучу жана соттолуучу адам тараптан катышып жатканын тастыктоочу документтин*

[198] БУУнун адам укуктары боюнча Комитетинин корутунду пикирлери: Жоржиа, UN Doc/ CCPR/C/79/Add.74, 9-апрель 1997-ж., 28-пар.
[199] БУУнун юристтердин ролуна тиешелүү негизги принциптери. 17-принцип.
[200] БУУнун юристтердин ролуна тиешелүү негизги принциптери. 18-принцип.
[201] КР Конституциясы. 40-берене, 3-бөлүк.
[202] КР ЖПК. 40, 42-беренелер.
[203] КР ЖПК. 44, 45-беренелер.
[204] КР ЖПК. 100-берене.

*[illegible] ж[illegible] [illegible], мүмкүн болушунча, [illegible] тушундурмөлөр [illegible].*[205]

*Ички тартип (ж[illegible]) эрежелери [illegible] УКК[illegible] [illegible].*[206]

М[illegible] [illegible] адвокат[illegible] [illegible] жашыруундуу (конфиденциалдуулук) [illegible] мүмкүнчүлүк [illegible] укук [illegible] мыйзам[illegible] [illegible]


***Мисал:*** *2011-жылдын 10-августунда өткөн жолу кыйноо колдонуунун белгилери бар [illegible] М[illegible] И И О УКК[illegible], монитори[illegible] тобунун эки мүчөсүн, алардын бири кармалган N-дин адвокаты, УКК[illegible] жетекчиси ж[illegible] Р И И Б [illegible] УККнын [illegible] ж[illegible].*
*О[illegible] адвокат[illegible] [illegible]. Э[illegible]*
*[illegible], адвокатты [illegible]*
*ж[illegible]*
*Б[illegible] адвокат[illegible] ж[illegible]*

М[illegible] [illegible] 64[illegible] (33,2%) [illegible] адвокат[illegible] [illegible] ж[illegible] адвокаты жок [illegible] Камак[illegible] [illegible] адвокат[illegible] жолу [illegible] ж[illegible]

***Мисал:*** *С[illegible] «Үй[illegible]. Үч күн [illegible] ж[illegible]. Т[illegible] адвокат [illegible] жок, [illegible] сотто гана көрдүм. Санкция учурунда адвокат жок болду».*[207]

***Мисал:*** *М[illegible] адвокат[illegible] ф[illegible] ж[illegible]. К[illegible], адвокаттын ф[illegible] УКК[illegible] К[illegible] адвокат [illegible] УККда камак[illegible] ж[illegible].*[208]


**26-диаграмма**
**Адвокаттын тергөөнүн жүрүшүнө катышуусу.**




121 (62,7%) [illegible], 53 (27,5%) [illegible] – [illegible], 19 (9,8%) [illegible] адвокат[illegible] ж[illegible] [illegible].

205 Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам. 17-берене
206 Ички тартип эрежелери, 4.16, 4.17, 4.23 тарамдары.
207 Мониторинг боюнча отчет №2/5-8-9/3/1.
208 Мониторинг боюнча отчет. №1/6-7/0/1.


**27-диаграмма**
**Адвокаттын катышуусунун негизи.**




А дв оканын катышуусу жок эле сурак жүргүзүү коргоо укугунун эң бир одоно бузууларынын бири болуп саналат. Сурамжыланган адвокатсыз өткөрүлгөн жаканын УКК дажап сурамжыланган 89у (46,1%) айтты.


> ***Мисал:*** *Камакка алынган адам мени адвокаттын катышуусуз «Мен айтып берүүгө жок» деп тиешелүү түшүндүрмө жазып алышты. Адвокат жок эле».* [209]

**28-диаграмма.**
**Адвокаттын сурак жүргүзгөндөгү катышуусу.**




Байкоочулардын адвокаттык жардамдын сапаты тууралуу суроосуна сурамжылангандардын 69у (53,57%) адвокаттын ишине канааттанбагандыгын, калгандарынын 44ү (34,1%) адвокаттын ишине ыраазы экенин айтышты. Калган 16сы (12,4%) бул суроого жооп берүүдөн кыйналышты.

**29-диаграмма**
**Адвокаттык жардамдын натыйжалуулугу тууралуу сурамжылангандардын пикири.**




Бештей күнөөлөр, адвокаттардын жасоосу жана ... мекемелерде интервью алуу ... маалыматтарын негизинде жүргүзүлдү. Адвокаттык жардам тууралуу так жана объективдүү маалыматтарды алуу үчүн иштин материалдарын изилдөө, ошондой эле сурамжылангандарына адвокаттары менен интервью жана ... жүргүзүү максаттуу болот.

**Кыйноодон жапаа чеккендерди коргоо маселелери**

Мониторинг ... кыйноодон жапаа чеккендердин ... адвокаттар менен интервью жүргүзүлдү. Интервью ... 15 адвокат катышты.

Бир катар интервью берүүчүлөр ... УКК ... коргоо укугунун одоно бузулушу ... чыгарууга жетиштүү болу

209 Мониторинг боюнча очет. №1/6-7/3/1.

Кыйноолордон жапаа чеккендерди коргоодогу негизги көйгөйлөр болуп төмөнкүлөр эсептелет:

a. камакта жаткан жакталуучунун адвокатынын ага тоскоолдуксуз кирүүсүнө болгон укугунун бузулушу;
b. адвокат менен жакталуучунун өз ара баарлашуусундагы жашыруундук (конфиденциалдуулук) укугунун бузулушу;
c. кыйноо колдонулган учурларга карата прокуратура органдарынын иш козгогусу келбегендиги;
d. айыпталуучулар жана милиция кызматкерлери тарабынан адвокаттарга жана алардын жакталуучуларына кысым жасалуусу.

**a. камакта жаткан жакталуучунун адвокатынын ага тоскоолдуксуз кирүүсүнө болгон укугунун бузулушу**.

Адвокаттар дайыма эле камактагы жакталуучусу менен тоскоолдуксуз жолугуша алабы деген суроого төмөнкүдөй жооптор алынды:

- дайыма – 3
- жок, тоскоолдуктар бар – 12

***Мисал:*** *Адвокат: «Бул кылмыш иши боюнча жолугушууга уруксат беришпеди. ИИО жетекчилиги менен үн көтөрө сүйлөшүүгө туура келди».*[210]

***Мисал:****Адвокат: «ТЖКда жакталып жаткан кишим менен дайыма тоскоолдуксуз жолугушам, ал эми УККда – «босогодо сагалаганга», «адвокаттын укугун көлдөлөң тартканга» туура келет».*[211]

***Мисал:****Адвокат: «Кыйноолордон жапаа чеккен жакталуучум тууралуу кеп болгондо, аны менен жолугушууга уруксат алуу кыйын».*[212]

***Мисал:****Адвокат: «ТЖКда жакталуучум менен тоскоолдуксуз эле жолугушам, ал эми аны ИИО УККсында сабашкан болушса, андан кийин же жолугушууга уруксат берүүдөн баш тартышат, же тактары кетсин үчүн кечиктирип уруксат беришет».*[213]

***Мисал:****Адвокат: «Качан гана сабалган киши тууралуу кеп болгондо, аны менен жолугушуу кыйынга турат».*[214]

***Мисал:****Адвокат: «Ар кандай шылтоолор менен же айласын таап жолугушууга уруксат берүүнү созушат, же жетекчиликтен уруксат алууну суранышат».*[215]

***Мисал:****Адвокат: «УККда кыйноолорго дуушар болгон жакталуучум менен жолугушууга жетишүү өтө кыйын. Чуркаш, түшүндүрүш жана талап кылыш керек».*[216]

Дээрлик бардык сурамжылангандар жолугушууга уруксат алуудагы кыйынчылыктар тууралуу билдиришти.

КРнын 2011-жылдын 19-октябрындагы №180 мыйзамы менен Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилип, аларга ылайык эми жактоочуга колунда тапшырма-ордерден тышкары тергөөчү, прокурор, сот тарабынан берилүүчү кылмыш ишине катышуусун ырастаган жазуу түрүндөгү тастык болгондо гана жолугушуу берилет.

Дагы бир жолу адвокатты тергөөчүлөр менен прокурорлорго көз каранды кылган бул сыяктуу түзөтүүлөрдү киргизүү кылмыш-жаза жараянынын сот өндүрүшүн тараптардын теңчилиги жана

210 Мониторинг боюнча отчет. №А/24/6.
211 Мониторинг боюнча отчет. №А/23/4.
212 Мониторинг боюнча отчет. №А/25/7.
213 Мониторинг боюнча отчет. №А/24/6.
214 Мониторинг боюнча отчет. №А/23/5.
215 Мониторинг боюнча отчет. №А/43/14.
216 Мониторинг боюнча отчет. №А/25/15.

шектелүүчү, айыпталуучу, соттолуучу адамга корголууга укук берүү сыяктуу негиз салуучу принциптеринин таасирдүүлүгүнөн бир топ кумөн санатат.

Укук коргоо органдарынын өкүлдөрү Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамдын жаңы ченеми, мурдагыдан айырмаланып, адвокаттын камакта кармалган жакталуучу менен жолугушууга тергөөчүдөн уруксат алуу зарыл экендигин талап кылбайт деп ишендирүүгө аракет кылышат. Бирок иш жүзүндө жогорудагы формалдуу талапты аткаруу адвокаттын көп убактысын алып, жактоо кызыкчылыктары адвокаттын жакталуучу менен тез арада жолугушуусун талап кылган учурда ошол жолугушууга чындыгында кедерги болот.

***Мисал:*** *Адвокат: «Кээде милициянын жетекчисинин жана тергөөчүнүн кол коюшун сааттар бою күтүүгө туура келет».*[217]

***Мисал:*** *Адвокат: «Милиция жетекчилигинин, тергөөчүнүн кол тамгасын топтогончо, көп убакыт өтөт, ад эми тергөө кабинети бош болбосо, сааттар бою күтүүгө туура келет…»* [218]

**b. адвокат менен жакталуучунун өз ара баарлашуусундагы жашыруундук (конфиденциалдуулук) укугунун бузулушу**

Суралган адвокаттардын көпчүлүгү өздөрүнүн жакталуучулары менен болгон баарлашууларынын жашыруундук (конфиденциалдуулук) шартында өтөрүн белгилешти. Эки адвокаттын айтымында болсо, жакталуучу кыйноодон жапаа чеккен адам болсо, аны менен жекеме-жеке сүйлөшүү дайыма эле мүмкүн боло бербейт.

***Мисал****: Адвокат: «Кеп качан гана сабалган киши тууралуу болгондо, жышыруундук дайыма эле камсыз кылынбайт. Кээде ыкчам аракет жүргүзүүчү кызматкерлер жактап жаткан кишим менен жекече сүйлөшүүгө тоскоолдук кылышат».*[219]

***Мисал:*** *Адвокат: «Жече сүйлөшүп алуу дайыма эле мүмкүн боло бербейт. Тийиштүү эскертүүдөн кийин кызматкерлер чыгып кетишет».*[220]

**c. Кыйноолор фактылары боюнча кылмыш иштерин козгоого уруксат бербөө жана аларды тергөөнүн анча натыйжалуу болбогондугу**

Адвокаттар прокуратура органдарынын кыйноо колдонуу фактылары боюнча кылмыш иштерин козгогусу келбегендигине тынсызданышканын билдиришет. Кыйноо колдонуунун издери болгонуна карабай, прокуратуранын кызматкерлери кылмыш ишин козгоого уруксат бербөө жөнүндө токтом чыгарган учурлар көп болот

***Мисал:*** *Адвокат: «Прокуратурага арыз бердим. Эптеп эле текшерүү жүргүзүлдү, кылмыш ишин козгоодон баш тартылды».*[221]

***Мисал:*** *Адвокат: «Менин жакталуучума карата колдонулган кыйноолор боюнча кылмыш ишин адеп козгошуп, анан токтотуп коюшту. Прокуратура кыйноолорго көз жумп жатат».*[222]

***Мисал:*** *Адвокат: «Ушул жылдын августунда райондук прокуратурага арыз бердим, жооп болбоду, эч кандай чаралар көрүлбөдү. Прокуратура кыйноолорго көңүл бурбай жатат».*[223]

[217] Мониторинг боюнча отчет. №А/25/7.
[218] Мониторинг боюнча отчет. №А/25/3.
[219] Мониторинг боюнча отчет. №А/24/6.
[220] Мониторинг боюнча отчет. №А/41/11.
[221] Мониторинг боюнча отчет. №А/23/4.
[222] Мониторинг боюнча отчет. №А/25/3.
[223] Мониторинг боюнча отчет. №А/23/5.

***Мисал:*** *Адвокат: «Ушул жылдын июнунда райондук прокуратурага арыз берилди. Кылмыш ишин козгоодон баш тартылды. Прокуратура кыйноолорго каршы күрөшкүсү келбейт».*[224]

***Мисал:*** *Адвокат: «Шаардын прокуроруна арыз берилген. Экспертиза дайындалган, корутундуда денеге жеңил жаракат келтирилгени айтылган, бирок кыйноолор фактысы боюнча кылмыш иши козголгон жок».*[225]

***Мисал:*** *Адвокат: «Шаардын прокуроруна арыз бердим. Эч кандай чара көрүлбөдү, кала берсе жооп да алган жокпуз. Бийлик кыйноолорду жоюу боюнча чара көргүсү келбей жатат».*[226]

Интервью учурунда адвокат мониторинг командасынын көңүлүн өз ыйгарым укуктарын аткарып жатканда ага прокуратура кызматкери тарабынан түздөн-түз басым жасалган учурга бурду.

***Мисал:*** *Адвокат: «Мен облустун прокурорунун атына арыз бердим. Кийинчерээк областтук прокуратуранын бөлүмүнүн прокурору мени өзүнө чакырып алып, мен жактап жаткан кишинин сабалганы көрүнүп турган фотосүрөттөрдү кайдан алгандыгым тууралуу түшүнүк кат жазып берүүмдү суранды».*[227]

Кыйноолор жөнүндөгү иштер боюнча калыптанып калган сот тажрыйбасынын анализделбей келгендиги жана ошого карата КР Жогорку сотунуну пленуму тарабынан бериле турган зарылчылыгы эбак бышып жетилген түшүндүрмөлөрдүн жоктугу кыйноо колдонуу фактылары боюнча кылмыш иштеринин соттордо каралышынын натыйжалуу болбой жаткандыгынын себептеринин бири болуп саналат. Ошонун натыйжасында кыйноо колдонгон кызмат адамдарынын айыптуулугу жөнүндө бир дагы сот өкүмү чыгарылган эмес.

***Мисал***:*Адвокат: «Кыйноолор фактысы боюнча сот процесси болду. Райондук сот соттолуучулардын – милиция кызматкерлеринин күнөөсү далилденбегендиги үчүн актоо өкүмүн чыгарды. Апелляциялык инстанция өкүмдү күчүндө калтырды. Азыр көзөмөл иретинде арыз Жогорку сотко жөнөтүлдү».*[228]

***Мисал***:*Адвокат: «Райондук прокуратурага арыз жолдодум, ал кылмыш ишин козгоду, бирок кыйноолор боюнча эмес, КР КЖКсынын 305-беренесинин 2-бөлүгү менен, анан райондук сотко кароого жөнөттү. Сот кыйноо жагынан айыпталган 4 милиционерди актады. Азыркы кезде иш Жогорку соттун кароосунда турат».*[229]

### d. Айыпталуучулар жана милиция кызматкерлери тарабынан адвокаттарга жана алардын жакталуучуларына кысым жасалуусу

Эки учурда адвокаттар кыйноолордон жапаа чеккен адамдардын туугандары милиция кызматкерлеринин өч алуусунан коркушуп, арыз бергенден баш тартышканын билдиришти. Учурлардын биринде жакталуучу адамды сабашып, аны оорукананын реанимация бөлүмүнө жеткиришкенде, ага «Коллапс. Баш мээнин чайкалышы» диагнозун коюшкан.

***Мисал***: *Адвокат: «Жапаа чеккендердин өздөрү кийинки кесепеттерден коркуп, арыз жазуудан баш тартып жатышат. Эң башкысы: кыйноолордон жабыр тарткандар дайыма камакта отурушат, демек, милиция кызматкерлери ар кандай учурда аларга кирип барып, кыйноого салышы мүмкүн, күбөлөр болбогондон кийин…».*[230]

[224] Мониторинг боюнча отчет. №А/24/6.
[225] Мониторинг боюнча отчет. №А/41/11.
[226] Мониторинг боюнча отчет. №А/25/15.
[227] Мониторинг боюнча отчет. №А/23/1.
[228] Мониторинг боюнча отчет. №А/41/10.
[229] Мониторинг боюнча отчет. №А/42/12.
[230] Мониторинг боюнча отчет. №А/43/14.

Кыйноодон жана катаал мамиледен жапаа чеккен адамдардын кызыкчылыгын жактаган көпчүлүк адвокаттардын пикири боюнча, "бүтүндөй мамлекет машинасы тергөөнүн мыйзамсыз ыкмаларын колдонгон кылмышкерлер тарапка туруп жатат".

### 5.1.7. ТАРТИП ЖАНА ЖАЗА

**Эл аралык стандарттар**

*Минималдык стандарттык эрежелер тартипти туруктуулук менен кармоо керектигин белгилеп, ошону менен бирге көзөмөлдүн ишенимдүүлүгүн жана мекемеде бирге жашоонун тийиштүү эрежелеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон чектөөлөрдү гана киргизет.*[231]

*Минималдык стандарттык эрежелерге кирген 31-эрежеге ылайык, уруп жазалоону, караңгы камерага камоону жана жазалоонун катаал, адамгерчиликсиз же адамдык беделди түшүрүүчү түрлөрүн тартип бузуулар үчүн жаза катары колдонууга тыюу салынууга тийиш.*

*Кармалган же камакка алынган адамдын кармоо же камакка алуу учурунда тартиптик укук бузуу болуп эсептелген жүрүш-туруш мүнөзү, ага колдонулушу мүмкүн болгон тартиптик жазалоонун түрү жана узактыгы, ошондой эле мындай жазаны дайындоо алардын компетенциясына кирген бийликтер тийиштүү түрдө жарыяланган мыйзамдарда же мыйзамдарга ылайык киргизилген эрежелерде так аныкталышы керек.*[232]

*Жашы жетелектерге карата тартиптик жазалоо колдонулуп жаткан мыйзамдардын же токтомдордун жоболоруна толук ылайык келген шартта гана колдонула алат. Кайсы бир жашы жетелекке карата жазалоо чаралары ал өзүнүн болжолдонгон жазыгы туурасында ага толук түшүнүктүү болгон формада маалымдалган жана ага жакталуу үчүн, анын ичинде компетенттүү бейтарап органга аппеляция менен кайрылуу укугун коргоо үчүн тийиштүү мүмкүнчүлүк берилген шартта гана колдонула алат. Тартип бузууларды териштирүүнүн бардык протоколдору сакталып турууга тийиш.*[233]

**Улуттук мыйзамдар**

Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзамдын 34-беренеси шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын негизги милдеттерин, анын ичинде камакта кармалуунун ушул Мыйзам менен Ички санжап эрежелеринде белгиленген тартибин сактоо милдетин аныктайт.

Белгиленген милдеттерди аткарбагандыгы үчүн айыпталуучуларга сөгүш берүү жана жазажайына (штрафной изолятор) же гүппактагы (гауптвахта) жеке камерага он беш күнгө чейинки мөөнөткө, жашы жетелектерди болсо беш күнгө чейинки мөөнөткө камоо түрүндөгү жаза чаралары колдонулушу мүмкүн.[234]

Камакта кармоо жайларында шек саналуучуга же айыпталуучуга ал жасап жаткан укук бузууну токтотуу же анын камакта кармоо жайынын кызматкерлери тарабынан коюлган мыйзамдуу талаптарга моюн сунбоо аракетине каршы туруу үчүн күч колдонууга күч колдонбой жасалган аракеттер (ыкмалар) укук бузуунун токтошуна же мыйзамдуу талаптардын аткарылышына алып келбеген учурда жол берилет.[235]

Мониторингдин жүрүшүндө байкоочулар тарабынан ИИО УККларында камакта олтурган адамдарга карата Ички санжап эрежелеринде белгиленген милдеттерди аткарбагандыгы үчүн жаза колдонулган бир дагы учур катталган жок.

[231] Минималдык стандарттык эрежелер, 27-эреже.
[232] Принциптер жыйнагы, 30-принцип.
[233] БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу эрежелери, 70-эреже.
[234] Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, 36-берене.
[235] Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, 41-берене.

Ошону менен бирге белгилей кетчү нерсе, жазажайына камоо түрүндөгү жаза ИИО УККларынын баарында бул максат үчүн атайын жабдылган имарат-жайлар жок болгон себептүү же салына албайт, же, салынса, иш жүзүнө ашырыла албайт.

Мыйзам тарабынан УКК кызматкерлери күч колдоно алган учурлар так аныкталган. Мониторинг мезгилинде мындай мыйзамдуу күч колдонуу зарыл болуп калган же ал колдонулган бир дагы учур катталган жок.

Буга чейин Ысык-Ата районунун УКСсында кызматкерлер тарабынан камактагыларга карата камакка алынгандардын бири УККкызматкери менен айтыша кеткендиги үчүн жаза катары күч колдонулган учур жөнүндө айтылган. Бирок, белгиленгендей, Ысык-Ата районунун прокуратурасы жактан бул факт боюнча кылмыш ишин козгоого уруксат берилген жок.

Байкоочулар тарабынан Москва районунун ИИО УКСсынын кызматкерлери ыкчам аракет кызматкерлери менен бирдикте УКДа камакта кармалган адамды ал байкоочуларга өзүн кыйнашкандыгы жөнүндө айтып бергендиги үчүн жаза катары бир нече жолу сабашып, андан кийин терезенин торуна байлап, илип коюшуп, ал түнү бою ушундай абалда болгон учур катталган.[236]

## 5.1.8. ШЕК САНАЛУУЧУЛАРДЫН ЖАНА СОТТОЛУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫНЫН УККда САКТАЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ

**Эл аралык стандарттар**

*Пенитенциардык мекемелер жана кызматтар компетенттүү органдар дайындаган дасыккан жана тажрыйбалуу тескөөчүлөр тарабынан үзгүлтүксүз тескөөгө алынып турушу керек. Тескөөчүлөр, маселен, камакка алуу жайлары колдонулуп жаткан мыйзамдарга жана жазма буйруктарга ылайык башкарылганын жана алардын иши пенитенциардык жана түзөтүүчү кызматтардын милдеттерине туура келгенин текшериши керек.*[237]

*Тийиштүү мыйзамдар менен эрежелердин кылдат сакталышына байкоо жүргүзүү максаттында камакка алуу жайларына атайын дайындалган, кармоо жана камакка алуу жайлары түздөн-түз караштуу болгон бийликтерден башка компетенттүү бийликтердин алдында жооптуу, дасыктуу жана жетиштүү тажрыйбасы бар адамдар такай барып турушат.*[238]

*Дал ушундай талаптар БУУнун эркидигинен ажыратылган жашы жетпегендерди коргоого тиешелүү эрежелеринде да камтылган.*[239]

**Улуттук мыйзамдар**

*Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам шектүүлөр менен айыпталгандарды камакта кармоо жайларына атайын уруксатысыз барууга Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасына, Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына, Кыргыз Республикасынын Омбудсменине (Акыйкатчысына) укук берет.*[240]

*Эрежелер аталган кызмат адамдарынын тизмесин кеңейтип, ага Кыргыз Республикасынын Башкы Прокурорун жана көзөмөлдөөчү прокурорду киргизет.*[241]

---

236 Мониторинг боюнча отчет №1/6-7/3/1.3.
237 Минималдык стандарттык эрежелер, 55-эрежелер
238 Принциптер жыйнагы, 29-принцип
239 БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу эрежелери, 72-, 74-, 77-эрежелер
240 Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, 17-1 беренеси
241 Ички тартип эрежелери, 4.17 тарамы (пункт)

*Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын укуктук акысынын (юрисдикциясынын) чегинде адамдык жана жарандык укуктар менен эркиндиктердин сакталышына туруктуу негизде паламенттик көзөмөлдү Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жүргүзөт. Омбудсмен (Акыйкатчы) кармалгандарды камакта кармоо жайларына, алдын ала камакка алуу жайларына, соттолгондор жазасын өтөөчү мекемелер менен мажбурлап дарылоо жана кайра тарбиялоо мекемелерине, психиатриялык ооруканаларга каалаган убакта барууга, ал жактагылар менен жекеме-жеке маектешүүгө, аларды кармоо шарттары жөнүндө маалымат алууга жана алардын аталган мекемелерде кармалгандыгынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтерди текшерүүгө укуктуу.*[242]

*КР ИИМнин 2010-ж. 29.03төгү №263-буйругу менен бекитилген "Кылмыш жасоо жагынан шек туудуруп, УКИлерде кармалган адамдарды кайтаруу жана конвой менен жеткирүү боюнча" нускамасы ИИО башчылары жана тескөөчүлүк курам кызматкерлери тарабынан кайтаруу жана конвой менен жеткирүү кызматынын уюшулушу менен аткарылышынын текшерилүүсүнүн так мезгилдүүлүгүн белгилейт.*

*УККларда камакта кармалгандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын камсыз кылуунун бир кепилдиги болуп үзүрлүү прокурордук көзөмөлдү, парламенттик көзөмөлдү жана коомчулук тарабынан көзөмөлдү камсыз кылуу эсептелет.*

*Камакта кармоонун тартиби жөнүндө мыйзам шек саналуучулар менен айыпталуучуларды камакта кармоо жайларында мыйзамдардын аткарылышына "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" КР мыйзамы боюнча КР Башкы прокурору жана ага баш ийген прокурорлор көзөмөл жүргүзөрүн белгилейт. Шектүүлөр менен айыпталуучуларды камакта кармоо жайларынын администрациясы прокурордун ушул мыйзамда белгиленген камакта кармоо тартибине*[243] *тийиштүү токтомдорун, жазма буйруктарын, көрсөтмөлөрүн аткарууга милдеттүү.*

*Ведомстволук буйрукка ылайык, прокурор он күндүк сайын анын көзөмөлүнө караштуу ИИО УККсына барууга тийиш. Ушул отчетто кеңири баяндалган мониторинг жыйынтыктары ИИО УККларында адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына прокурордук көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжалуу болбогондугу жөнүндө тыянак чыгарууга негиз берет. Прокурорлор көбүнесе УККларга формалдык түрдө барып келүү, УКДагы нөөмөттүү күзөтчү менен маектешүү жана тийиштүү журналга өзүнүн келип кеткендигин тастыктаган жазуу калтыруу менен чектелишет.*

Прокурордун УККга келип турган-турбагандыгы суралганда, камакта олтурргандардын 98 буга ырастаган жооп беришти. Ошону менен бирге камактагылардын 95и УККга алынып келинген учурдан бери прокурорду көрбөгөндүгүн айтып жооп беришти. Алардын ичинен 49у сурамжылоо учуруна карата камакта 10 күндөн аз убакыт болуп, прокурордун он күндүк ичиндеги келип кетүүсүнө туш болбой калышы мүмкүн экенин эске алганда да, камакта кармалгандардын 44ү (22,8%) прокурорго кайрылууга мүмкүнчүлүгү болбогонун айтышты.

> ***Мисал**: Панфилов ИИО УККсында камакта кармалган адам: "Прокурор келсе келгендир, бирок бизге көрүнбөйт, бизге тартип болсун деп эле текшерүү болорун эскертишет".*[244]

> ***Мисал**:Талас облусунун ИИО УККсындагы айыпталуучу 2011-ж. 22.09-гы маек учурунда: "үч айдын ичинде бир дагы жолу прокурорду көргөн жокмун" деп түшүндүрмө берди.*[245]

> *Ушундай эле түшүндүрмөлөрдү суралгандардын ошол эле УКДа кармалган башкалары да беришти.*[246].

[242] КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө мыйзам, 1-,8-берене, 10-бөлүк
[243] Камакта кармоо тартиби жөнүндө мыйзам, 47-берене.
[244] Мониторинг боюнча отчет № 7/3/3/1.1.
[245] Мониторинг боюнча отчет № 10/13-15/3/4.5.
[246] Мониторинг боюнча отчет № 10/13-15/3/3.3; 10/13-15/3/3.4; 10/13-15/3/3.5; 10/13-15/3/4.4.

***Мисал:*** *Кара-Суу районунун ИИО УККсындагы айыпталуучу УККда 2011-ж. 25.08тан бери кармалганын түшүндүрүп, ошол мезгилдин ичинде “прокурор келген жок” деп айтты.*[247]

Ошол эле мезгилде байкоочулар камакта кармалгандардын прокурорлордун ИИО УККсына өз ведомстволук ченемдеринде каралгандан көп жолу келип турганын күбөлөндүргөн түшүндүрмөлөрүн да катташты.

***Мисал***: *Ат-Башы районунун ИИО УККсындагы айыпталуучу прокурордун УККга күн сайын келип турганын айтты.*[248]

***Мисал***:*Ноокен районунун ИИО УККсында олтурган соттолуучу аял прокурор аптасына бир жолу келип турат деп түшүндүрмө берди.*[249]

Кантсе да, прокурорлор он күндүк сайын ИИО УККсына келүүсүн камсыз кылган учурларда да, алар тараптан ушул отчетто көрсөтүлгөн бир дагы маселе боюнча олуттуу бузуулар табылган да, прокурордук көзөмөл актысына катталган да жок. Чындыгында бузуулар болгондугун жана алар кийин, мониторингдин жүрүшүндө, ошол эле УККларга барган байкоочулар тараптан аныкталып чыккандыгын эсепке алса, прокурорлук көзөмөл жетиштүү түрдө натыйжалуу болбой жаткандыгын айтса болот.

Мониторинг тобу КР Башкы прокурорунун 2011-ж. 12.04үндөгү “Кыйноолорду жана мамиле жасоо менен жазанын адамгерчиликсиз, катаал жана кадыр-баркты кемсинтүүчү башка түрлөрүн колдонууга тыюу салуунун конституциялык кепилдигинин камсыз кылынышына прокурордук көзөмөлдү күчөтүү” №40-буйругунда баяндалган жаңы талаптарга байланыштуу жагдай жакшырарына үмүттөнүшөт.

Ушул буйрукка ылайык, бардык прокурорлорго такай ИИО УККларына күтүлбөгөн жерден текшерүү менен барууну колдонуу, текшерүүнүн жүрүшүндө көзөмөлгө алынуучу органдардын кызматтык бөлмөлөрүн кыдыруу, жарандар менен маектешүү жүргүзүү, даттанууларды каттоо журналдарын карап чыгуу, жарандардын денелеринде жаракаттар бар-жогуна көңүл буруу, шек саналуучулар менен айыпталуучулардын алар камакка алуу жайына алынып келгенде медициналык күбөлөндүрүлүшү жүргүзүлгөн-жүргүзүлбөгөнүн аныктоо, кыйноо, катаал мамиле же жаза колдонулгандыгы жөнүндө арыз же кабар түшкөн сайын токтоосуз аракет жасоо, кылмыш курамынын белгилери табылганда, дароо жазык ишин козгоо жана аны өзгөчө көзөмөлгө алуу милдети жүктөлгөн.

Камакка алынгандардын баары УКК күндө анын администрациясы жана ИИО жетекчилиги тарабынан текшерилгенин ырасташты. УКК администрациясы, ИИО жетекчилиги жүргүзгөн ведомстволук текшерүү деле камакта олтургандардан даттануулар жана арыздар жөнүндө формалдуу түрдө суроо жана текшерүү журналына же текшерүүлөр китебине көнүмүш болуп калган жазууларды кошуу менен гана чектелет деген ой бар.

Байкоочулар тарабынан мониторинг жүргүзүү мезгилинде табылган бузуулар өз убагында ведомстволук текшерүүчүлөр жана тескөөчүлөр тарабынан өз убагында табылбай, алар боюнча эч кандай чаралар көрүлгөн эмес. Демек, ИИО УККларында кармалган адамдардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына жүргүзүлгөн ведомстволук көзөмөл да натыйжалуу эмес.

Мониторинг көрсөткөндөй, КР Омбудсменининин (Акыйкатчысынын) жана анын облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ишмердүүлүк чөйрөсүнүн өтө кенен болгондугу камакка алынган адамдардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын натыйжалуу көзөмөлдөп турууну камсыз кылууга мүмкүнчүлүк бербейт жатат. ИИО УККларынын башчылары менен кызматкерлеринин берген түшүндүрмөлөрүнөн көрүнгөндөй, Омбудсмен (Акыйкатчы) жана анын Аппараты бир жылда бир УККга эки же үч жолу барып келүүгө үлгүрөт. Ошону менен бирге айрым ИИО УККлары толугу менен парламенттик көзөмөлдүн сыртында калууда.

247 Мониторинг боюнча отчет № 30/23-25,28/3/1.3.
248 Мониторинг боюнча отчет № 14/1/3/1.1.
249 Мониторинг боюнча отчет № 38/29-30/3/1.0.

***Мисал**: Алай районун ИИО УККсынын башчысы: “Омбудсмен бир дагы жолу келген жок”.*[250]
*УИИБ (унаадагы ички иштер башкармалыгы) башчысы: “Омбудсмен бир дагы жолу келген жок”.*[251]

Ошону менен бирге, акыркы жылдары бейөкмөт уюмдары тарабынан өздөрүнүн уставдык ишмердүүлүгүнүн чегинде жана КР ИИО аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилери менен түзүлгөн Меморандумдардын негизинде ИИО УККларын мониторигге алуу аркылуу ошол мекемелерде адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына коомдук көзөмөл жүргүзүүнүн ролу менен мааниси кыйла жогорулады.

Ушул уюмдардын баары ЕККУ, Омбудсмен (Акыйкатчы) жана бейөкмөт уюмдар ортосунда түзүлгөн Меморандумдун алкагында биригишип, алардын өкүлдөрү мониторинг топторунун курамына киргизилген.

Келечекте ушундай эле натыйжалуу кызматташтык Кыргыз Республикасында мамлекеттин БУУнун кыйноолорго жана мамиле жасоо менен жазанын катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-барк кетирүүчү башка түрлөрүнө каршы Конвенциясынын Факультативдик протоколу боюнча милдеттенмелеринин чегинде түзүлө турган Алдын алуу улуттук механизминин алкагында мүмкүн болот. Аталган уюмдардын баары Кыргызстандын келечек АУМунун модели менен ченемдик-укуктук негизин талкуулоого жигердүү катышышты. Азыркы учурда АУМ түзүү жөнүндө мыйзам долбоору КР Жогорку Кеңешинин кароосунан өтүп жатат.

## 5.1.9. УКК КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ИШ ШАРТТАРЫ

**Эл аралык стандарттар**

*Түрмө башкаруу органдары бардык категориядагы кызматчылардын кылдат тандалып алынышына кам көрүүгө тийиш, анткени түрмө мекемелеринин жакшы иштеши ошол кызматкелердин ак ниеттүлүгүнө, адамгерчилигине, билгичтигине жана жеке сапаттарына көз каранды ...Алардын кызмат акылары бул ишти алып кетүүгө жөндөмдүү эркектер менен аялдарды ага кызыктырып, анда кармап калууга жеткендей кылып белгилениши керек. Бул иштин айрыкча кыйын шарттарын эске алып, анда иштегендерге тийиштүү жеңилдиктерди жана эмгек шарттарын камсыз кылып берүү ылаазым.*[252]

*Ар бир түзөтүү мекемесинде түздөн-түз жашы жетелектер менен байланышта болгон кызматчылар алардын өз милдеттерин үзүрлүү аткаруусуна өбөлгө түзгөн шарттарда иштей алгандай болушу үчүн жашы жетелектерди көзөмөлдөп туруу боюнча ар кандай кызматтардын ортосундагы, ошондой эле кызматчылар менен администрациянын ортосундагы кызматташууну камсыз кылуу максатында администрация тарабынан уюштуруу менен башкаруунун кызматчылардын ар кандай категорияларынын ортосундагы мамилешүү менен баарлашууну жеңилдеткен формалары түзүлүшү керек.*[253]

*Мындай кызматчылар жамааты жетишерлик билимдүү жана өнүккөн болууга тийиш. Ишке алынардын алдында аларды аткара турган жалпы жана жеке милдеттерин орундатууга даярдап, андан кийин алардан теориялык жана практикалык жактан экзамен тапшырууну талап кылуу шарт. Ишке киришкенден кийин жана андан аркы ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө бул кызматкерлер, ылайыктуу мезгил аралыктарында уюштурулуучу, иштен кетпей даярдануу курстарынан өтүп, өз дасыгын сактоого жана жогорулатууга тийиш.*[254]

[250] Мониторинг боюнча отчет № 23/23-24-25/Н/1.0.
[251] Мониторинг боюнча отчет № 9/1/Н/1.0.
[252] Минималдык стандарттык эрежелер, 46-берене.
[253] БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу эрежелери, 84-эреже.
[254] Минималдык стандарттык эрежелер, 47-эреже, БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу эрежелери, 85-эреже.

*Мүмкүнчүлүккө жараша, кызмат штатары өз ичине психиатрлар, психологдор, социалдык кызматчылар, мугалимдер жана кол өнөрчүлүк окутуучулары сыяктуу адистердин жетиштүү санын камтышы керек.*[255]

**Улуттук мыйзамдар**

*Ички иштер органдарындагы жана ИИМ окуу жайларындагы ички санжап (тартип) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ошол органдардын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша министр аныктаган тартипте белгиленет. Ички иштер органдарынын ички санжабынын типтүү эрежелери, иш убактысынын режими жана кызматкерлердин өз алдынча категорияларынын иш ыраааты министр тарабынан бекитилет.*[256]

*Кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген иш убактысынын узактыгы каралат. Керек болгон учурларда ички иштер органдарынын кызматкерлери, бир айдын ичинде кошумча эс алуу күндөрүн берүү же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка жолдор менен ордун толтуруу аркылуу, өздөрүнүн кызматтык милдеттерин белгиленген убакыттын чегинен сырткары, ошондой эле түн ичинде, дем алыш жана майрам күндөрү аткарууга тартылышы мүмкүн. Кезектешип иштөө шартында күндүзгү, кечки жана күнкү кезмет (смена) узактыгы бирдей белгиленет.*
*Кызматкерлердин зыяндуулугу бар участкалардагы ишинин, ошондой эле белгиленген мөөнөттөн ашык жана түнкү убакта иштөөнүн тартиби менен шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.*

*Өндүрүш имараттарынын санитардык-техникалык жана гигиеналык абалы, жумуш орундардын жабдыланышы, жумуш процессинин уюшулушу адамдын ден-соолугуна зыяндуу таасир бербеши жана Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитилген ченемдерге ылайык болушу керек.*[257]

*Жумушчулардын жугуштуу жана кесиптик ооруларынын пайда болушунун жана жайылышынын алдын алуу максатында, ... шарты ден-соолукка зыяндуу жумуштарда иштегендер, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитилген тартипке ылайык, жумушка алынып жатканда алдын алма медициналык кароодон өтүшү жана мезгилдүү профилактикалык медициналык кароолордон өтүп турушу керек.*[258]

*Мониторинг топторунун берген басына ылайык, ИИО УККларындагы кызматкерлердин иши абдан оор. Эң алды бул кыйын тиричилик шарттары менен түшүндүрүлөт. ИИО УККларынын дээрлик жарымында жетиштүү аянт болбогондуктан, аларда кызматкерлердин бөлмөсү жок. УККлардын биринде да кызматкерлердин эс алуу, тамак жылытуу жана тамактануу бөлмөлөрү жок. Көпчүлүк УКК имараттарында муздак жана ысык суу менен камсыздоо, канализация болбогон үчүн, УКК кызматкерлери кадыресе санитардык-гигиеналык талаптарга жооп бербеген шартта кызмат өтөшөт. УККлардын көбүндө желдетүү жок, жарыктыгы ылайыктуу эмес, столдор менен отургучтар эскирип бүткөн.*

> **Мисал**: *Ат-Башы районунун ИИО УККсы боюнча байкоо картасынан үзүндүлөр: Кызматкерлер үчүн өзүнчө кызмат бөлмө жок. Жертаманы бетон, желдетүү коридор аркылуу, ным сезилет.*[259]

> **Мисал**:*Кадамжай районунун ИИО УККсы боюнча байкоо картасынан үзүндүлөр: Кышында суук, жайында үп. Желдетүү жабдыктарын оңдотуу, жылытуу өткөрүү, жертаманды жылуулоо, жер титирөөдөн кийин УККны ремонттоо керек.*[260]

---

255 Минималдык стандарттык эрежелер , 49-эреже, БУУнун эркиндиктен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу эрежелери, 81-, 82-эрежелер.
256 КР Ички иштер органдарынын катардагы жана башчылык курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө жобо, 74-, 75-тарамдар.
257 «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» КР Мыйзамы, 15-берене.
258 «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» КР Мыйзамы, 17-берене.
259 Мониторинг боюнча отчет № 14/2/КП/1.0.
260 Мониторинг боюнча отчет № 22/20/П/1.0.



УКК башчысынын кабинети.




УКК кызматкеринин иш оруну.

УКК кызматкерлеринин жумуш шарттары алардын өз кесиптик милдеттерин аткаруусунун сапатына таасир этет, анткени кесиптик дартка чалдыгуу коркунучу, эмоционалдык оордук, чарчоочулук күчөп, ал-акыбалын калыпка келтирүү менен эс алууга убакыт азайып, кыжырдангычтык күчөйт ж.б.у.с.

***Мисал**: УКК кызматкери: «Жумушум абдан оор, кээде жугуштуу оору менен ооругандар болот, сотко жана дарылоо мекемелерине конвой менен жеткирүү үчүн киши жетишпейт».*[261]

***Мисал**: УКК кызматкери: «Суткасына 24 саат УККда болуу кыйын, ооруган адамдар түшөт, өзүң үчүн кургак учукка ж.б. чалдыгуу коркунучу бар.»*[262]

ИИО УККсынын ар бир кызматкеринин иш жүктөмү өтө чоң. Эгерде европалык мамлекеттерде бир кызматкерге орто эсеп менен алганда камактагы бир адам туура келсе, КР ИИО УККларында бул сан 5,3тү түзөт.

Мониторингдин жыйынтыктары лимит менен УКК штатынын ара катышы боюнча эң чоң жүктөм төмөнкүдөй УККларга болгонун көрсөттү:

| | |
|---|---|
| Ош ш. ИИБ УККсы | – 9,16; |
| Жалал-Абад ш. ИИБ УККсы («Курманбек» ШМБ) | – 8,4; |
| Каракол ш. ИИО УККсы | – 7,5. |

Мынчалык оор жумуш Европа өлкөлөрүндө жакшы төлөнөт. Ал эми ИИО УКК кызматкерлеринин маянасы бардык үстөктөрдү кошкондо 8ден 13 миң сомго чейин ($177-288 жакын).

УКК кызматкерлерине ишинин зыяндуу шарттары үчүн сүт берилет же зыяндын наркы төлөнүп берилет.

***Мисал**: УКК башчысы: «Биздин кызматкерлерге зыяндуулук үчүн кезметине (смена) жарым литрден, же айына болжолу менен 7 литр сүт берилет».*[263]

***Мисал**: УКК кызматкери: «Сүттүн акчасын алабыз – айына 130 сомдон».*[264]

Бирок, суралган адамдардын берген түшүндүрмөлөрүнө караганда, үстөктөр менен иш зыяндуулугу үчүн сүт УККнын бардык эле кызматкерлерине берилбейт.

[261] Мониторинг боюнча отчет №28/23-24-25-26/П/1.0.
[262] Мониторинг боюнча отчет № 8/1-7-9/П/1.0.
[263] Мониторинг боюнча отчет № 9/1/Н/1.0.
[264] Мониторинг боюнча отчет № 12/1/П/1.0.

***Мисал**: УКК кызматкери: «Жеңилдиктер менен зыяндуулук үчүн үстөктөр жок»*[265].


Маяналардын аздыгына жана жумуш шарттарынын ордугуна байланыштуу дасыккан кызматкерлер УККларга иштегени келишпейт. Ошондуктан штатты "жаңылардан" топтоого туура келет. ИИОлордун биринде УКК башчысынын ордуна ошол эле ИИОдо мурда айдоочу болуп иштеген киши дайындалган[266].

Интервью мезгилинде бир ИИонун жетекчиси кадрларды тандоо жөнүндө мындай деп айтып берди: «*Биз УККларда жана РИИБдерде иштей турган кадрларды даярдайбыз, бирок биз ИИБге баш ийгендиктен …– кадрлардын баары ал жактан дайындалып, келген адамдардын тажрыйбасы, практикалык билимдери жана көнүмдөрү жок, бул адамдар биздин ишке көнгүчө убакыт өтөт – натыйжада РИИБдин бүтүндөй иши зыянга учурайт. Расмий түрдө бизде дайындалган талапкерлерге каршы болууга укук жок*».[267]

Бардык ИИО УККларында кадрлардын тез алмашып турушу байкалат. Маселен, ИИО УККларынын башчыларынын 52,9%ы бул кызматта бир жылга жетпеген мезгил иштешкен, ар бир төртүнчү адамдын УКК башчысынын кызматында иштеген стажы 2 жылга жетет, 23,5%ыныкы – 3 жыл жана андан көп.

Ушундай эле жагдай УКК кызматкерлерине да мүнөздүү:

**30-диаграмма.**
**УКК кызматкерлеринин иш стажы.**




УКК кызматкерлери дасыгын жогорулатуу курстарынан өтө сейрек өтүшөт.

Медициналык кароодон өтүүнүн мезгилдүүлүгү ар кандай болот. Эгерде бир УККлардын кызматкерлери медициналык кароодон жылына 2 жолу, демек, жарым жыл сайын өтүшсө, башкалары – бир жылда 1 жолу гана өтүшөт.[268]

УКК кызматкерлерине өтө оор контингент менен иштөөгө туура келгендигин жана ошондон улам алар такай чыңалган абалда жүргөндүгүн эсепке алып, психологиялык кызмат ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу аябагандай маанилүү деп эсептейбиз. Адистер УКК кызматкерлерине өзүн өзү жөнгө салуу ыкмаларын үйрөтүшүп, стресс жагдайларынан ийигиликтүү чыгып кетүүгө жардам бериши керек.

Мониторинг командасы кыйноо колдонуунун жана катаал мамиле жасоонун алдын алуу үчүн ИИО УККларындагы кызмат адамдары менен катардагы кызматкерлеринин укуктук аң-сезимин жогорулатуу зарылчылыгына көңүл бурдургусу келет.

Тынчсыздануруга жана ушундай сунушмата менен кайрылууга айрым ИИОлордун кызмат адамдарынын айткан сөздөрү түрткү болду.

265 УКК кызматкерлери үчүн суроолор тизмеси №
266 УКК башчысы үчүн суроолор тизмеси № 20/16-18/н
267 Мониторинг боюнча отчет № 5/11/О/1.0.
268 Мониторинг боюнча отчет № 8/5/П/1.0.; 6/5-6-9/П/1.0.; 1/3-9/П/1.0.

***Мисал:*** *ИИОлордун биринин жетекчиси мындай деди: «кыйноо колдонмоюн ишти терген бүтө албайсың»*[269].

***Мисал:*** *УККлардын биринин башчысы, мониторинг тобу менен коштошуп жатып мындай деди: «Милициялар өзгөчө коркунучтуу кылмышкерлерди сабаганында коркунучтуу эч нерсе жок».*[270]

## 5.2.КЫЙНОО КОЛДОНУЛГАНДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ АРЫЗДАРГА ЖООП КАТАРЫ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН АРАКЕТТЕР

### 5.2.1. УККДА КЫЙНОО КОЛДОНУУ ФАКТЫЛАРЫН ДОКУМЕНТТЕШТИРҮҮ. КЫЙНООДОН ЖАПАА ЧЕККЕНДЕРГЕ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ.

*Мониторинг укук коргоо уюмдарынын кылмыш жасоо жагынан шек туудуруп кармалган адамдар көп учурларда опузалап алуу же күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн бердирүү максатында сабоого жана коркутуп-үркүтүүгө дуушар болгондугу жөнүндөгү тыянактарын ырастады.*

*Мониторингдин жыйынтыктары күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөлөрүн берүүгө мажбурлоо ошол адамдар ИИО УККларына алынып келгенден кийин жана камакта кармалган мезгилде да орун алган учурларды аныктап тапты.*

*Ошону менен бирге мурдагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана ушул мониторинг кыйноого жана катаал мамилеге кабылган адамдар көп учурда өздөрүнүн бузулган укуктарын натыйжалуу коргой ала алышпаганын тастыктады. Буга олуттуу тоскоолдук болуп кыйноо колдонулган же катаал мамиле жасалган фактыга даттанууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу жана ак ниеттүү адвокат тарабынан кесипкерлик юридикалык жардамдын камсыз кылынбагандыгы эсептелет.*

*Мониторингдин жүрүшүндө сурамжыланган камактагылар көпчүлүк учурларда өздөрүнүн адвокаттарынын аттарын да атай албай жатышты. Кыйноолорго жана катаал мамиле жасоого дуушар болгон адамдардын көбү жана алардын туугандары акчалай каражаттары жок болгондуктан өз бетинче адвокат тандап ала алышпайт. Мындай учурларда аларга юридикалык жардам көрсөтүү үчүн тергөө органдары адвокаттарды өздөрү тартышат. Бирок, иш жүзүндө, бул "чөнтөк", "кезметчи" адвокаттар өз милдеттерин тийиштүү түрдө аткарышпай, кыйноодон жапаа чеккен адамдарды катыштыруу менен тергөө иш-аракеттерин жүргүзүүгө катышышпайт да, кылмыш ишинин материалдарына алар менен таанышпай туруп эле кол коюшуп, айрым учурларда ортомчулук ролду ойношуп, өздөрү жактаган адамдарды күнөөнү өзүнө алууга көндүрүү аракетин жасашат.*

*Мына ошондуктан долбоордун чегинде эң маанилүү милдеттер болуп төмөнкүлөр белгиленген:*

- мониторинг жүрүп жатканда табылган кыйноо колдонуу жана катаал мамиле жасоо фактыларын документтештирүү;
- ыкчам түрдө төмөнкүлөргө юридикалык жардам көрсөтүү:
  - *кыйноолордон жана катаал, адамгерчиликсиз мамиледен же жазадан жабырланган адамдарга;*
  - *укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан жасалган мыйзамсыз башка аракеттерден жапаа чеккендерге;*
  - *камакта кармалып, сотто натыйжалуу юридикалык (адвокаттык) жактоо менен камсыз кылынбаган адамдарга;*
  - *камакка алынган жана натыйжалуу юридикалык (адвокаттык) жактоосу жок болгон жашы жетелектерге;*
  - *натыйжалуу юридикалык (адвокаттык) жактоо менен камсыз кылынбаган аялдарга.*

[269] Мониторинг боюнча отчет № 6/5-6-9/О/1.0.
[270] Мониторинг боюнча отчет №8/3-7/Н/1.0.

*Ушул мониторинг жүргүзүүнүн өзгөчөлүгү УККда камакта кармалган кандай гана болбосун адам мониторинг тобунун мүчөлөрүнө өзүнө карата кыйноо жана катаал мамиле жасоо колдонулган фактылар тууралуу айта алгандыгында да болгон. Курамында белгилүү укук коргоочулар, КР Акыйкатчысынын (Омбудстменинин) Аппаратынын мүчөлөрү жана КР ИИМине караштуу КБКнын мүчөлөрү болгон мониторинг топторунун тажрыйбасы жана дасыгы кабарланган кыйноо колдонулган жана катаал мамиле кылынган ар бир фактыны тийиштүү түрдө документтештирүүгө мүмкүнчүлүк берди.*

*ИИО УККларында камакта кармалган адамдардын кыйноо колдонууга жана катаал мамиле жасоого карата берген дат арыздарынын андан аркы кыймылын байкоо, аларга дасыктуу юридикалык жардам көрсөтүү милдети “Кылым шамы” коомдук фондуна жүктөлгөн.*

*Жигердүү юридикалык жардамды камсыз кылуу максатында “Кылым шамы” коомдук фонду тарабынан кыйноодон жана катаал мамиледен жапаа чеккен адамдардын кызыкчылыктарын коргоо, жактоо жактан тажрыйбасы бар адвокаттар ишке тартылган.*

*Бардыгы болуп долбоордун алкагында юридикалык (адвокаттык) жардам 28 адамга, анын ичинде: Ысык-Кол облусу боюнча – 12, Чүй облусу боюнча – 9, Нарын облусу боюнча – 2, Ош облусу боюнча – 1, Ош шаары боюнча – 2, Жалал-Абад облусу боюнча – 2 адамга берилди.*

Кененирээк маалыматтар төмөн жактагы таблицада келтирилген.

| № | ИИО УККсынын аталышы | Юридикалык (адвокаттык) жардам көрсөтүлгөн адамдын статусу | КР КЖКнын ошол адам айыпталып жаткан беренеси | Ишке тартылган адвокат жөнүндө маалыматар | Юридикалык (адвокаттык) жардам көрсөтүлгөн адамдардын категориялары | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | кыйноодон жана катаал мамиледен жапаа чеккен адам | кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринен жабыркаган адам | сотто натыйжалуу юридикалык (адвокаттык) жардам менен камсыз кылынбаган адам | натыйжалуу юридикалык (адвокаттык) жардам менен камсыз кылынбаган жашы жете элек адам | натыйжалуу юридикалык (адвокаттык) жардам менен камсыз кылынбаган аял |
| | **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | | | | | | |
| 1 | Балыкчы ш. ИИО УККсы | соттолуучу | 129-берене | *Бектуров А.* | ✓ | | | | |
| 2 | Каракол ш. ИИО УККсы | айыпталуучу | 246-берене, 1-бөлүк | *Абдылдаева С.* | | ✓ | | | |
| 3 | Каракол ш. ИИО УККсы | соттолуучу | 164-берене, 2-бөлүк | *Касмалиева Н.* | ✓ | | | | ✓ |
| 4 | Каракол ш. ИИО УККсы | соттолгон | 246-берене, 3-бөлүк | *Жаркымбаев О.* | ✓ | | ✓ | | |
| 5 | Каракол ш. ИИО УККсы | соттолгон | 234-берене, 1-бөлүк | *Ырысбеков Т* | ✓ | | ✓ | | |
| 6 | Каракол ш. ИИО УККсы | соттолгон | 167-берене, 4-бөлүк, 1-тарам | *Жаркымбаев О.* | ✓ | | ✓ | | |
| 7 | Каракол ш. ИИО УККсы | соттолуучу | 164-берене | *Касмалиева Н* | ✓ | | | | ✓ |
| 8 | Каракол ш. ИИО УККсы | айыпталуучу | 129-берене | *Дагазиев Р.* | ✓ | | ✓ | | |
| 9 | Жети-Өгүз районунун ИИО УККсы | айыпталуучу | 241-берене, 1-бөлүк | *Абдылдаева С.* | ✓ | | | | |
| 10 | Жети-Өгүз районунун ИИО УККсы | соттолуучу | 97-берене, 2-бөлүк | *Касмалиева Н* | ✓ | | | | |
| 11 | Түп районунун ИИО УККсы | шектүү | кыйноодон каза тапкан | *Дагазиев Р.* | ✓ | ✓ | | | |
| 12 | Түп районунун ИИО УККсы | айыпталуучу | 234-берене, 1-бөлүк | *Дагазиев Р.* | | ✓ | | | |
| | **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | | | | | | |
| 13 | Жайыл районунун ИИО УККсы | айыпталуучу (жазык куугунтуктоосу токтотулган) | - | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | |
| 14 | Жайыл районунун ИИО УККсы | айыпталуучу (жазык куугунтуктоосу токтотулган) | - | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | |
| 15 | Токмок ш. ИИО УККсы | айыпталуучу | 247-берене, 2-бөлүк | *Сабурканова А .* | ✓ | ✓ | | | |
| 16 | Токмок ш. ИИО УККсы | соттолуучу (жазык жоопкерчилигинен бошотулган) | 234-берене, 2-бөлүк | *Тагаева А.* | ✓ | ✓ | | | ✓ |
| 17 | Ысык-Ата районунун ИИО УККсы | соттолуучу | 164-берене | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | |
| 18 | Ысык-Ата районунун ИИО УККсы | соттолуучу | 168-берене | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | |
| 19 | Ысык-Ата районунун ИИО УККсы | соттолуучу | 167-берене | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | |
| 20 | Ысык-Ата районунун ИИО УККсы | соттолуучу | 247-берене | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | |
| 21 | Сокулук районунун ИИО УККсы | соттолуучу (акталган) | 101-берене | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | ✓ |
| | **НАРЫН ОБЛУСУ** | | | | | | | | |
| 22 | Жумгал районунун ИИО УККсы | соттолуучу | 166-берене, 1-бөлүк | *Супатаев М.* | ✓ | ✓ | | | |
| 23 | Жумгал районунун ИИО УККсы | соттолуучу | 166-берене, 1-бөлүк | *Супатаев М.* | ✓ | ✓ | | | |
| | **ОШ ОБЛУСУ** | | | | | | | | |
| 24 | Кара-Суу районунун ИИО УККсы | шектүү | 299-берене | *Юсупалиева Б.* | ✓ | ✓ | | | |
| | **ОШ ШААРЫ** | | | | | | | | |
| 25 | Ош ш. ИИБ УККсы | соттолуучу | 97-берене (УКК дарыгерле-ринин билимсиз-дигинен каза болгон) | *Масабирова Т.* | ✓ | ✓ | ✓ | | |
| 26 | Ош ш. ИИБ УККсы | соттолуучу | 125-берене | *Жороев К.* | ✓ | ✓ | ✓ | | |
| | **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | | | | | | |
| 27 | Таш-Көмүр ш. ИИО УККсы | айыпталуучу | 97-берене,2-бөлүк | *Нургазиева Г.* | ✓ | ✓ | ✓ | | |
| 28 | Базар-Коргон районунун ИИО УККсы | шектүү | (кыйноодон каза тапкан) | *Медетова Д.* | ✓ | ✓ | | | |
| | **БААРДЫГЫ** | | | | **26** | **19** | **7** | **0** | **4** |

## 5.2.2. АДАМ УКУКТАРЫН КОРГООНУН УЛУТТУК МЕХАНИЗМДЕРИН КОЛДОНУУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамга анын ушул Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдерде, жалпы таанылган принциптерде жана эл аралык укуктун ченемдеринде каралган укуктары менен эркиндиктери сот тарабынан коргоого алынарына кепилдик берилерин бекитет. Мамлекет адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун соттон тышкаркы жана сотко чейинки усулдарын, тариздерин жана ыкмаларын өрчүтүүнү камсыз кылат. Ар ким өз укуктарын жана эркиндиктерин мыйзам тарабынан тыюу салынбаган бардык жолдор менен коргоого акылуу.[271]

КР ЖПКсына ылайык, ар бир адамга процесстин кайсы болсо да баскычында анын укуктарын менен эркиндиктери сот тарабынан корголоруна кепилдик берилет. Жабырланган адамга сот акыйкаттыгына жол ачылып, мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте ал тарткан зыяндын ордун толтуруу камсыз кылынат[272].

Ыкчам (изин суутпай) издөө иш-аракеттерин жүргүзгөн органдардын мыйзам чыгаруу актыларын так жана бир түрдүү аткаруусун көзөмөлдөөнү өз компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы жүргүзөт.[273]

Сот, судья, прокурор, тергөөчү жазык процессине катышып жаткан жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин корголушун камсыз кылууга, ошол укуктар менен эркиндиктерди ишке ашырууга шарт түзүүгө, процесс катышуучуларынын мыйзамдуу талаптарын канааттандыруу үчүн өз убагында чара көрүүгө милдеттүү[274].

Кыргыз Республикасынын “Адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө” мыйзамында адвокаттын өз кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүүдөгү жана юридикалык жардам көрсөтүүдөгү укуктары менен милдеттери так жазылган.

Маселен, аталган Мыйзамдын 12-беренесине ылайык, өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатканда адвокат тиешелүү маселелерди чечүү алардын компетенциясына кирген бардык органдарда, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, алардын менчик формасына карабай, жарандардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын алардын тапшыруусу менен көрсөтүүгө, өтүнүчтөр жана даттануулар менен кайрылууга, мыйзамга ылайык, ошол өтүнүчтөр менен даттанууларга жооп алууга, алгачкы текшерүү органдарынын, тергөөчүнүн, прокурордун, судьянын, соттун аракеттери менен чечимдерине даттанууларды алып келүүгө жана аларды кароого катышууга, жактоонун мыйзамга каршы келбеген кандай гана болбосун башка каражаттарын жана ыкмаларын колдонууга укуктуу болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жогоруда көрсөтүлгөн ченемдерин жетекчиликке алып, адвокаттар ушул долбоордун чегинде юридикалык жардам сурап кайрылгандарды жактоонун мыйзамда каралган бардык каражаттары менен ыкмаларын колдонушту.

Адвокаттар тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын натыйжалары боюнча долборду ишке ашыруу мезгилинин ичинде 3 кылмыш иши козголду:

1. Коркутуу жана күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн берүүгө мажбурлоо максатында 2011-жылдын 25-июнунда УКК имарат-жайларынын биринен 1996-жылы туулган жашы жете элек кызды зордуктаган, бирок аныкталбаган ИИО кызматкерине карата КР КЖК 129-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыштын белгилери боюнча козголгон жазык иши. Жазык иши прокуратуранын өндүрүшүндө.
2. Холмирзаев У-дан күч колдонуу менен чоң суммада акча доолашкан Базар-Коргон районунун ИИО кызматкерлерине карата КР КЖК 104-беренесинин.4-бөлүгүндө,

271 КР Конституциясы, 40-берене.
272 КР ЖПК, 9-берене.
273 КР ЖПК, 8-берене.
274 КР ЖПК, 12-берене.

305-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-,5-тарамдарында, 305-1 беренесинде жана 313-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыштардын белгилери боюнча козголгон жазык иши. Денесине келтирилген жаракаттардан Холмирзаев У. каза тапкан. Жазык иши Сокулук райондук сотунун кароосунда.

3. Соттолуучуну күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн бердирүү максатында сабашкан Чүй облусунун ИИБ КИБ кызматкерлерине карата КР КЖК 305-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-тарамында каралган кылмыштын белгилери боюнча козголгон жазык иши. Жазык иши тергөө баскычында.

3 учурда өздөрүнө карата кыйноо колдонулганы жана катаал мамиле жасалганы жөнүндө арыз менен кайрылып, юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокат берүүнү өтүнүшкөн адамдар кийин укук коргоо органдарына кайрылуудан баш тартышкан. Муну алар сот тарабынан чыгарылган өздөрүнө карата кылмыш ишин токтотуу же эркиндиктен ажыратууга байланыштуу болбогон жаза чарасын белгилөө чечимдерине канааттангандыгы менен түшүндүрсө болот.

Кыйноо колдонулгандыгы жана катаал мамиле кылынгандыгы жөнүндө 6 арыз боюнча кылмыш ишин козгоого прокуратура тарабынан уруксат берилген жок. Кылмыш козгоо жөнүндө токтомдор адвокаттар тарабынан сотто даттанылды. Азыркы мезгилде алардын баары сот кароосунун ар кандай баскычтарында турат.

Кыйноо колдонуу жана катаал мамиле жасоо жөнүндөгү калган арыздардын кыймылы долбоор чегинде тартылган адвокаттар тарабынан көзөмөлдөлүп турат.

### 5.2.3. АДАМ УКУКТАРЫН КОРГООНУН ЭЛ АРАЛЫК МЕХАНИЗМДЕРИН КОЛДОНУУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адам эл аралык келишимдерге ылайык адам укуктары боюнча эл аралык органдарга өзүнүн бузулган укуктары менен эркиндиктерине коргоо издеп кайрылууга укуктуу болгонун белгилейт. Аталган органдар адамдын укуктары менен эркиндиктери бузулганын тааныса, Кыргыз Республикасы ошол укуктарды калыбына келтирүү жана/же келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча чараларды көрөт.[275]

Долбоорду иш жүзүнө ашыруунун жүрүшүндө БУУнун Кыйноолор маселелери боюнча атайын баяндамачысына кыйноо колдонуу жана катаал мамиле жасоо фактылары жөнүндө 4 кабарлоо жолдонду.

## 5.3. КЫЙНООДОН ЖАПАА ЧЕККЕНДЕРДИ РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО

Кыйноолор адамдын жашоосунда кеткис физикалык гана из калтырбастан, ошого тете оор психологиялык кесепеттерге да алып келет.

Кыйноо колдонуунун бир нече жыл өткөндө табылбай да калышы мүмкүн болгон денелик тактарынан айырмаланып, анын адамдын психикасына тийгизген терс таасири бир топ кийин, айлар, ал турсун жылдар өткөн соң билиниши мүмкүн.

Кыйноо колдонуунун психикалык натыйжаларын диагноздоо жана ырастоо кыйноонун денеде из калтырбаган ыкмаларын документтештирүүдө өтө маанилүү ролду ойнойт.

Мына ошондуктан долбоордун маанилүү милдеттеринин бири катары кыйноодон жана катаал мамиле жасоодон жабыркаган адамдарды реабилитациялоо жагынан кызмат көрсөтүү белгиленген. Өз ичине кыйноодон жана катаал мамиле жасоодон жапаа чеккендерге медициналык, социалдык жардам берүү боюнча иш-чараларды камтыган реабилитация боюнча үчүнчү курамдык бөлүктү иш жүзүнө ашыруу 2007-жылы "Азаттык үнү" коомдук фондунун алдында түзүлгөн Кыйноолордон жапаа чеккендерди реабилитациялоо борборуна (мындан ары – Реабилитация борбору) бекитилди.[276]

[275] КР Конституциясы, 41-берене, 2-бөлүк.
[276] Реабилитация борбору БУУнун кыйноодон жапаа чеккендерди колдоо үчүн Ыктыярдуу фондунун жана кыйноодон жапаа чеккендер үчүн Эл аралык реабилитациялоо кеңешинин колдоосу менен түзүлгөн.

Реабилитация боюнча программалардын эл аралык стандарттары экспертиза менен медициналык диагноздоо (дарт аныктоо) өткөрүүгө адистердин, анын ичинде жалпы профилдеги дарыгердин (терапевт), психиатрдын, психологдун жана тар профилдеги адистердин катышуусун талап кылат.

Реабилитация борборунун ушул долбоордун чегиндеги ишмердүүлүгүнө 8 адис, атап айтканда: социалдык кызматчы, психолог, 2 психотерапевт дарыгер, 3 дарыгер жана кейс менежер тартылды. Кыйноолордон жапаа чеккен адамдар менен иштеп жатканда Реабилитация борборунун кызматкерлери төмөнкүдөй жалпы кабыл алынган принциптерди жетекчиликке алышкан:

- сөзсүз түрдө жашыруундук принцибин сактоо;
- кесипкерлик көзкарандысыздык жана калыстык (бейтараптык);
- маалымдалып (билип туруп) берилген макулдукту алуу.

Кыйноого жана катаал мамиле жасоого дуушар болгон адамдардын ар бири үчүн реабилитациялоо иш-чараларынын жекече планы иштелип чыгып, ошого жараша көрсөтүлүүчү кызматтын ылайыктуу ыкмалары менен түрлөрүн колдонуу каралган.

Кыйноолордун травмалык кесепеттери аларга кабылган адамга гана эмес, анын жакындарына жана жакынкы айлана-чөйрөсүнө таасир бергендиктен жана ошондон улам психикалык функциялардын ар түрдүү бузулушу, инсандар аралык мамилелердин жана социалдык ыңгайлашуу (көнүшүү) жөндөмдөрүнүн бузулушу байкалгандыктан долбоордун алкагында Реабилитация борборунда кыйноодон жапаа чеккен адамдардын туугандары үчүн да реабилитациялоо программасы жүзөгө ашырылып жатты.
Кыйноодон жабырланган адамды аныктап табууда төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлдү:

1. диагностика (дарт аныктоо):
   a. медициналык дарт аныктоо, өз ичине алгачкы сурамжылоону, адистер тобу тарабынан клиникалык текшерүүнү, бейтаптын психикалык жана неврологиялык абалын аныктап табууну камтыйт;
   b. психологиялык текшерүү, бул үчүн травмадан кийинки стресс бузулууларынын симптомдорун баалоо үчүн ар түрдүү суроо тизмелерин, ошондой эле депрессия жана тынчы кетүү шкалаларын, инсандык профилди изилдөө тестин, проекциялык тесттерди колдонуу;
   c. толук медициналык анамнезди чогултуу, анын ичинде кыйноо колдонулганга чейинкисин, кыйноого байланыштуусун жана кыйноо колдонулгандан кийинки мезгилдегисин;
   d. кыйноо колдонулушунун тарыхы, анын ичинде текшерилип жаткан адамга кыйноолор кайсы жерде, ким тараптан жана кандай жолдор менен колдонулгандыгы жөнүндө кеңири маалымат;
   e. тажрыйбаканалык (лабораториялык) жана аспаптуу (инструменттик) изилдөөлөр;
   f. диагнозду (дарт атын) жана тийиштүү сунуштамаларды көрсөтүү менен медициналык жана психологиялык корутундуларды түзүү.

2. Дарылоо жана реабилитациялоо.

Реабилитация жүргүзүүдө аныктоочу фактор болуп ар бир өз алдынча учурга карата жекече мамиле кылуу жана тийиштүү иш-чараларды өткөрүүгө сөзсүз түрдө адамдын макулдугун алуу эсептелди.

Реабилитациялоо өз ичине төмөнкүдөй иш-чараларды камтыган:
   a. медициналык тейлөө кызматтарын көрсөтүү, анын ичинде ар түрдүү медициналык манипуляциялар жана дары-дармек менен дарылоо (медикаментозное лечение);
   b. психикалык/психологиялык реабилитация жана дарылоо;
   c. социалдык реабилитация;
   d. юридикалык жардам (прокуратура органдарына, сотко, кыйноодон жапаа чеккендердин адвокаттарына берүү үчүн медициналык корутундуларды даярдоо).

Реабилитация Борбору Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) долбоорунун алкагында 2011-жылдын июлунан ноябрына чейинки мезгилде төмөнкүдөй иштерди жүргүздү.

Бардыгы болуп 2011-жылдын июнь-ноябрь мезгилинде Реабилитация борборундагы реабилитациялоо курсунан 9 киши өттү.

Кайрылгандардын көбү 2010-жылкы өлкөнүн түштүгүндөгү "июнь" окууяларынын натыйжаларын тергөөнүн жүрүшүндө укук коргоо органдарынын кызматкерлери колдонгон кыйноолордон жана жасаган катаал мамиледен жабыркашкан.

Жардам сурап кайрылышкан жапаа чеккендердин кээ бири ден-соолугунун оор абалынан улам унаа менен келүүгө жарамсыз болуп, медициналык жардамды жашаган жеринен алууга муктаж болушту. Бул себепке байланыштуу Реабилитация борборунун кызматкерлери Ош жана Жалал-Абад шаарларына барып келишти. Реабилитация борборунун кызматкерлери жергиликтүү медициналык мекемелерде жолугушууларды өткөрүшүп, алардын өкүлдөрү менен Ош ш. кыйноодон жапаа чеккендерди жата (стационардык) дарылоо маселесин талкуулашты. Кыйноодон жапаа чеккендерге медициналык текшеринүүдөн, дарылануудан өтүү жана операция жасатуу үчүн каржылык колдоо көрсөтүлдү.

Төмөн жакта Реабилитация борборунун тажрыйбасынан келтирилген айрым учурлар баяндалган.

1. *2011-жылынын июнунда Кыргызстандын түштүгүндө болгон кайгылуу окуялардан кийин Х. жараны кармалып, Каржылык полиция кызматынын бир бөлүмүнө өлкөнүн түштүгүндөгү июнь окуяларында өрттөлгөн "мүлктү документтештирүү үчүн" деп алынып келген. Бирок, документтештирүү жол-жобосун өткөрүүнүн ордуна, ага коңшу үйдү өрттөгөндүгү жактан айып коюлду. Сурактын жүрүшүндө, күнөөнү моюнга алуу көрсөтмөсүн бердирүү максатында каржылык полиция кызматкерлери Х-ны муштумдары менен ургулап, башка, көгүрөк жана бөйрөк жагына тепкилей баштаашты. Ошол эле учурда алар аны кордоп, кадырын кемсинтип жатышты. Сабалып жатканда жапаа чеккен адам терезенин жанында туруп, кызматкерлердин бири аны каржылык полиция имаратынын үчүнчү кабатынын терезесинен ылдый түртүп жиберди.*
   *Реабилитация борборунун кызматкерлери тарабынан каралып жатканда Х-нын абалы оор болуп, ал өз алдынча жылууга жарамсыз болгон. Жаракат алгандан кийин ага дароо операция жасалганы менен, дарыгерлердин бүтүмүнө ылайык, ага дагы бир операция жасоо зарыл, бирок ага Х-нын жана анын туугандарынын каражаты жок.*
   *Реабилитация Борборунун кызматкерлери шаардык клиникалык ооруканынын башкы даарыгерине жолугушушту. Жолугушуу учурунда алар керектүү операцияны 2011-жылдын ноябрында Ош шаарында өткөрүү жөнүндө макулдашышты, анткени Х-нын унаага түшүүгө мүмкүнчүлүк бербеген абалы аны Бишкекке алып келип, Бишкектен дарылоого жана реабилитация курсунан өткөрүүгө эч мүмкүндүк бербейт.*
   *Ушул долбоордун чегинде ага керектүү дары-дармектерди алууга жана операциядан өтүүгө жардам берилип жатат.*
2. *Реабилитациялоо программасынан өткөн жапаа чеккендердин бири К. болгон. Ага карата МАИ кызматкерлери тарабынан кыйноо колдонулган. Үй-бүлөсү менен кошо Ош шаарына бараткан жерден анын машинесин тосмо күзөттөн (блок-пост) токтотушуп, К-дан документ көрсөтүүнү талап кылышты. Документтери туура болгонуна карабастан, МАИ кызматкерлери андан акча доолашты. Анан аны сабай баштады. МАИ кызматкерлери К-ны башка, көкүрөк жакка муштап, аны кордоп, улуттук негизде кемсинтишти. Каналдан ылдый ыргытабыз деп коркутуп, башка улуттун өкүлү болгон үчүн өлкөдөн кетүүнү талап кылышты.*

   *Текшерүү учурунда жогорудагылардын натыйжасында К. катуу психологиялык стресс болгону табылды. К. Бишкек шаарынан реабилитация курсунан өтүп, Президенттин иштер Башкармалыгынын Дарылоо-сакайтуу бирикмесинин (ПИБДСБ) жалпы профилдеги бөлүмүндө жата (стационардык) дарылоодо болду. Толук текшеринүү курсунан өтүүдөн жана госпиталда дарылануудан тышкары К-ны травмадан кийинки психика бузулуу абалынан чыгаруу үчүн психотерапевт менен психологдун иши кошулду. Бир жыл бою К-нын абалын мониторингге алуу пландаштырылууда.*

3. *Ош шаарына барып келүү мезгилинде Реабилитация борборунун кызматкерлери тарабынан М. да кароого алынды. Ал УККга түшкөндө, I топ майыбы болгонуна жана кант диабетинин*

*инсулинге көзкаранды формасы менен ооруганы диагноздолгонуна карабастан, 4 күн бою укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноого дуушар болгон. УККда кармалганда ага суу, тамак жана инсулин беришпеди. М-дын билдирүүсүндө, инсулин албай калганынан улам анын согончок сөөгү ириңдеп кеткен. Натыйжада дарыгерлер М-дын бутун кесип салууга аргасыз болушкан.*

*Азыркы мезгилде М. КР Социалдык коргоо министрлигине караштуу Мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды реабилитациялоо борборунда жата дарылануудан өтүп жатат.*

*М-ды терең депрессия жана травмадан кийинки стресс бузулуусу абалынан чыгаруу үчүн аны менен такай психотерапевт иштеп жатат.*

Жапаа чеккен 6 киши ар кандай себептерге байланыштуу реабилитациядан баш тартышты.

Алардын ичинен төртөө бийлик органдарынын өкүлдөрү тарабынан көрсөтүлгөн кысымдан жана коркутуулардан улам реабилитациядан өтүүдөн баш тартышты; мындай жагдай долбоордун ушул курамдык бөлүгүн ишке ашыруудагы көйгөйлөрдүн бири болуп калды.

Бир топ маанилүү көйгөйлөрдүн дагы бири болуп айрым жапаа чеккен адамдардын инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтеринин жок болушу саналат; бул документтер алар дуушар болгон окуялар учурунда жоголгон же укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан сурак жана кыйноо колдонуу мезгилинде атайын жок кылынган.

Кыйноодон жана катаал мамиле кылуудан жапаа чеккендердин үчөө реабилитация курсун 2011-жылдын декабрь айына жылдырууну өтүнүшүп, муну өздөрүнүн үй-бүлөдөгү жалгыз багуучу болуп, талаадагы иштерин бүтүрүп алууга тийиш экендиги менен түшүндүрүштү.

# МЕМОРАНДУМ О СОТРУДНИЧЕСТВЕ

**Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики**
(Кыргызская Республика, г.Бишкек 720040, ул. Тыныстанова 120
телефон: +996 312 66 31 41 )

**Центр ОБСЕ в Бишкеке**
(Кыргызская Республика, г.Бишкек 720001, ул. Токтогула 139
телефон:: +996 312 66 50 15 / факс: +996 312 66 31 69)

**Общественный фонд «Кылым Шамы»**
(Кыргызская Республика, г.Бишкек 720010, ул. Молодая Гвардия д. 27, каб. 418;
телефон:: +996 312 64 40 19 / факс: +996 312 64 40 08)

***(далее именуемые: «подписавшиеся Стороны»)***

- *Основываясь на Меморандуме о сотрудничестве между Организацией по Безопасности и Сотрудничеству в Европе (ОБСЕ) и Правительством Кыргызской Республики об учреждении Центра ОБСЕ в Бишкеке от 3 декабря 1998 года;*
- *Исполненные решимости способствовать выполнению Кыргызской Республикой существующих обязательств в области прав человека, включая обязательства ОБСЕ в области человеческого измерения;*
- *Руководствуясь положениями Факультативного Протокола к Конвенции ООН против пыток и других жестоких, бесчеловечных или унижающих достоинство видов обращения и наказания, ратифицированного Кыргызской Республикой 29 декабря 2008 года;*
- *Будучи убежденными в том, что защита лиц лишенных свободы от пыток и других жестоких, бесчеловечных или унижающих достоинство видов обращения и наказания, может быть улучшена на основе несудебных мер превентивного характера, основанных на регулярном посещении мест содержания под стражей;*
- *Приветствуя готовность Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики и неправительственных организаций, при поддержке Центра ОБСЕ в Бишкеке, к сотрудничеству для улучшения ситуации в сфере прав человека в Кыргызской Республике, включая и предотвращение пыток;*

**Данным Меморандумом Стороны решают установить рамки своего дальнейшего сотрудничества в пределах своих соответствующих мандатов:**

## Статья 1

В соответствии со своими полномочиями (мандатом), предусмотренными Законом «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» № 136 от 31 июля 2002 года, Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики принимает на себя следующие обязательства:

1. Устанавливать и поддерживать сотрудничество с неправительственными организациями, осуществляющими свою деятельность в Кыргызской Республике по вопросам защиты прав человека и основных свобод.
2. Активно участвовать в инициативах местных и региональных правозащитных организаций, ОБСЕ и других международных организаций, направленных на укрепление потенциала Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики (включая его представительства в регионах страны).
3. С целью усиления защиты лиц лишенных свободы, против пыток и другого жестокого, бесчеловечного или унизительного обращения или наказания, активно осуществлять мониторинг всех мест лишения или ограничения свободы совместно с партнерскими организациями гражданского общества, включая, но не ограничиваясь: всеми видами пенитенциарных учреждений и следственных изоляторов уголовно-исполнительной системы (СИЗО) при Государственной Службе Исполнения Наказаний Кыргызской Республики, различными видами камер временного задержания, включая изоляторы временного содержания (ИВС), камеры временного задержания, приемники-распределители органов внутренних дел, гауптвахты и дисциплинарные воинские части Министерства Обороны Кыргызской Республики, помещения органов пограничной службы для содержания лиц, подвергнутых административному задержанию, пункты временного приема и размещения перемещенных лиц внутри страны и лиц, ищущих убежища, центры для адаптации и реабилитации несовершеннолетних, воинские части при Министерстве Внутренних Дел, Министерстве Обороны, Государственном Комитете Национальной Безопасности, Министерстве чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики и любых иных объектов, контролируемых правоохранительными органами, а также психоневрологические учреждения, специализированные учреждения для принудительного лечения больных психическими заболеваниями, алкоголизмом, наркоманией и токсикоманией, государственные и негосударственные медико-социальные учреждения для престарелых (включая дома для престарелых), несовершеннолетних (включая детские дома), лиц, с ограниченными возможностями и специальные учреждения для детей и подростков, нуждающихся в особых условиях воспитания *(в дальнейшем именуемые «места заключения»)*;
4. По мере необходимости способствовать доступу в места заключения для партнерских организаций гражданского общества, адвокатов и международных организаций.
5. Осуществлять обмен информацией и привлекать по мере необходимости, как соответствующие партнерские организации гражданского общества, так и соответствующие международные организации, к деятельности по осуществлению регулярного мониторинга соблюдения прав человека и основных свобод, включая, подготовку отчетов и рекомендаций по результатам такого регулярного мониторинга.
6. Сотрудничать с партнерскими организациями гражданского общества и соответствующими международными организациями в разработке и внедрении эффективных механизмов предупреждения и борьбы с пытками в Кыргызской Республике в соответствии с международными обязательствами Кыргызстана в области прав человека;

7. Координировать деятельность и поддерживать сотрудничество с партнерскими организациями гражданского общества и, по мере необходимости, с соответствующими международными и некоммерческими организациями, как в продвижении прав человека и основных свобод, так и в сфере раннего предупреждения, предотвращения и разрешения конфликтов и строительстве мира.

**Статья 2**

Общественный Фонд «Кылым Шамы» принимает на себя обязательства:

1. Активно сотрудничать с Аппаратом Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики по вопросам защиты прав и основных свобод человека;
2. В сотрудничестве с партнерскими организациями гражданского общества, принимать участие в совместных посещениях в места заключения с Аппаратом Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики с целью улучшения защиты прав человека в местах и учреждениях лишения или ограничения свободы против пыток и других жестоких, бесчеловечных или унижающих их достоинство обращения и наказания путем проведения регулярного и необъявленного мониторинга без предварительного уведомления.
3. По мере необходимости принимать участие в совместных мероприятиях Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики помимо осуществления мониторинга мест заключения, а также незамедлительно информировать Аппарат Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики о фактах нарушения прав и свобод человека для обеспечения, когда необходимо, участия или прямого вмешательства Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики;
4. По мере необходимости привлекать сотрудников Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики на обучающие тренинги и мероприятия по укреплению потенциала Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики;
5. Оказывать содействие Аппарату Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики в разработке системы быстрого реагирования на обращения и частные жалобы о предполагаемых нарушениях прав и свобод человека.

**Статья 3**

В соответствии со своим мандатом и имеющимися ресурсами, Центр ОБСЕ в Бишкеке принимает на себя обязательства:

1. Установить и поддерживать постоянный контакт с представителями гражданского общества и Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики с целью продвижения претворения в жизнь принципов и обязательств ОБСЕ в Кыргызской Республике;
2. Оказывать поддержку и приветствовать сотрудничество между Аппаратом Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики, представителями гражданского общества, правозащитными и международными организациями;
3. Поддерживать сотрудничество с Аппаратом Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики и партнерскими организациями гражданского общества по разработке проектов, нацеленных на продвижение реализации принципов и обязательств ОБСЕ в Кыргызстане;
4. Содействовать обмену передовой практики в сфере реализации принципов и обязательств ОБСЕ по человеческому измерению во благо правительственных и неправительственных субъектов в Кыргызской Республике;
5. Оказывать содействие в организации встреч между представителями Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики, организациями гражданского общества, государственными структурами и международными организациями по обсуждению вопросов в сфере реализации принципов и обязательств ОБСЕ в Кыргызстане.

**Статья 4**

1. Настоящий Меморандум вступает в силу с момента его подписания Сторонами. Настоящий Меморандум действует до 31 декабря 2011 года. Стороны соглашаются ежегодно проводить пересмотр настоящего Меморандума.
2. Ежегодный пересмотр Меморандума включает рассмотрение следующих пунктов:
   а) определение необходимости пересмотра настоящего Меморандума;
   б) определение необходимости внесения изменений к действующим положениям Меморандума с целью обеспечения его эффективного применения;
   в) определение приоритетных сфер сотрудничества в следующем году;

3. В настоящий Меморандум могут быть внесены дополнения и изменения в любое время по соглашению Сторон.
4. Любые разногласия, вытекающие в результате толкования и/или применения настоящего Меморандума будут урегулированы через проведение консультаций между Сторонами.
5. Настоящий Меморандум открыт для присоединения заинтересованных неправительственных организаций Кыргызской Республики, активно работающих в сфере защиты прав человека, при наличии одобрения Сторон, подписавших настоящий Меморандум. Неправительственные правозащитные организации, изъявившие желание присоединиться к настоящему Меморандуму, предоставляют соответствующий письменный запрос на адрес Общественному фонду “Кылым Шамы”, который незамедлительно передает запрос другим Сторонам для одобрение. В случае если ни одна из Сторон не выражает возражений в течение 10 (десяти) рабочих дней, неправительственная правозащитная организация, направившая запрос, присоединяется к настоящему Меморандуму.
6. Положения данного Меморандума не могут повлечь отказ от привилегий и неприкосновенности, которыми обладает ОБСЕ и/или ее персонал.

**Статья 5**

1. Стороны назначают своих Специальных Представителей, уполномоченных представлять Стороны по вопросам, связанных с выполнением настоящего Меморандума.
2. Специальными представителями Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики являются г-н Камалдин Жапаров, заведующий отделом по защите прав лиц, находящихся в пенитенциарных и местах предварительного заключения и г-н Мэлор Мойдунов, руководитель Службы по защите прав пациентов, находящихся в психиатрических стационарах Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена)..
3. Специальным Представителем Центра ОБСЕ в Бишкеке является г-н Фабио Пиана, Старший Советник по человеческому измерению, Центр ОБСЕ в Бишкеке.
4. Специальным Представителем Общественного фонда “Кылым Шамы” является г-жа Азиза Абдирасулова, председатель Общественного фонда “Кылым Шамы”.
5. В случае присоединения неправительственных правозащитных организаций к настоящему Меморандуму в соответствии со ст. 4.5., присоединившаяся организация должна уведомить все стороны настоящего Меморандума о назначении своего Специального Представителя для выполнения целей Меморандума через Общественный фонд “Кылым Шамы”.

***Совершено в Бишкеке 7 июня 2011 в шести идентичных, имеющих одинаковую юридическую силу экземплярах, три из которых на английском языке и три на русском языке, по два экземпляра для каждой из Сторон. В случае возникновения разночтений, текст Меморандума на русском языке является основным.***

| **Турсунбек Акун**<br>**Акыйкатчы**<br>(Омбудсмен) | **Лилиан Дарий**<br>Заместитель Главы<br>Центра ОБСЕ в Бишкеке | **Азиза Абдирасулова**<br>Директор<br>ОФ “Кылым Шамы” |
|---|---|---|
| _______________ | _______________ | _______________ |